Скырг п
З-18

ТАЗАГҮЛ ЗАКИРОВА

# Жүрөк-күзгү





*Тоосун кармайт бу кыргызың,*
*Тоо таяна тигет үйүн.*
*Тура калып тоо суусуна,*
*Тилек тилеп чаят жүзүн.*
*Мекенимдин жүрөгүндө,*
*Чоку көрөт ойгонсо Күн!*

***Тазагүл***


ОҮБ
Скыр 3-18


**Тазагүл Закирова**

# ЖҮРӨК – КҮЗГҮ

**ырлар, түркүмдөр**


Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 481 920


**Бишкек – 2016**


Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
З-18

**Закирова Тазагүл**
**З-18** "Жүрөк- күзгү" Ырлар, түрмөктөр. – Б.:2016 – 208 б.

ISBN 978-9967-470-44-6

Акын Тазагүл Закированын "Жүрөк-күзгү" ырлар жана түрмөктөр жыйнагына "Токсон ырлары", "Аяз кайрыктар", "Даңги-Ак Буура", "Короз күндө ойготот Улуу Күндү", "Жүрөк-күзгү" аттуу түрмөктөрү, Ата Журт ж.б. ырлары кирген. Акындын турмушка болгон философиялык көз карашы эң мыкты поэтикалык салыштыруу-табылгалары окурмандын кызыгуусун туудурат.

Жыйнак жалпы окурмандарга сунушталат.

**З 4702300200-16**

ISBN 978-9967-470-44-6

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

© Закирова Т., 2016

**Акын Тазагүл Закированын "Жүрөк – күзгүсү"**

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын жана коомдук ишмер Тазагүл Закированын бул китебине "Токсон ырлары", "Аяз кайрыктар", "Даңги – Ак-Буура", "Короз күндө ойготот Улуу Күндү!", "Деңиз мен ырдаган ырды ырдайт" аттуу ыр түрмөктөрү, сүйүү, Ата Журт ж.б. темадагы ырлары киргизилген.

Кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал акын Тазагүл Закированын бир топ ырлары кыргыз элинин таанымал композиторлору жана обончулары тарабынан обонго салынган. Бул китепте ошондой обондуу ырларга да орун берилген.

Акындын "Даңги – Ак-Буура" түрмөгү:

*Суунун башы Даңги бийик,*
*Үч аска тоо зыңгыраган.*
*Үч асканын сыры – кийик*
*Бүгүн бизге армандаган,* – деген куплет менен башталып, Ак-Буура дарыясы менен элдин жуурулушкан байыркы тарыхы, жашоолору жөнүндө кеп козголот.

Үй жаныбары болгон короздун дайыма эле эртең менен кыйкыра турганын ар бир жан билет, бирок акын буга философиялык жактан маани берип, "Короз күндө ойготот Улуу Күндү!" деген ыр түрмөгүн жазып, анда 11 ыр камтылат. Кээде адамдар күнүмдүк жашоосуна ыраазычылык билдирип жашоо керектиги жагынан ушул короздордон артта калганы жөнүндө төмөнкүдөй кеп козгойт:

*"Суу ууртаса жутунбай көктү карап,*
*Ыраазычылык билдирип анан ичкен*
*Корозчолук акыбет кылбай пенде,*
*Көп нааразы, жашаган арманы ичте".*

же болбосо:

*"Улуу Күнгө эсепсиз таазим кылган,*
*Короз үнү Кудайдын кулагында".*

"Жүрөк – күзгү" аттуу ыр түрмөгү "Деңиз мен ырдаган ырды ырдайт" деген ыры менен башталат. Ырлары небактан бери эле ыр күйөрмандарынын жүрөгүнөн түнөк тапкан, башкалардан өзүнүн акындык өзгөчө сезим-туюму, үнү менен айырмаланган Тазагүл Закирова "Жүрөк – күзгү" деп аталган бул жыйнагында дагы жашоонун оомал-төкмөл жагдайларын өзүнүн акындык жүрөгүнөн өткөрүп, доордун бейнесин тарткан. Жан дүйнөнүн көзгө көрүнбөгөн, баамга урунбаган назик кылдарын күүгө салып, аялзатынын көкүрөктөн оргуп чыккан авазын кылдат чагылдырган акын:

*"Кайылмын тынбай учканга,*
*Кезигүү – үмүт, дем берип.*
*Жылдызым жайнайт бир саамга,*
*Жолуксак эгер сен келип!"* – деп ырдап келип, өзүнүн "автордук менинин" сагынычын миндеген кабат үйлөргө:

*"Миңдеген кабат үй болмок,*
*Сагыныч аттуу армандан...",* ал эми күтүүдөгү убакытты көк бет, көрө албас күндөшкө салыштырат:

*"Көрө албай көк бет убакыт,*
*Ичи тар күндөш сезилет."*

Акындын жүрөгү назик болгону менен анын "автордук менинин" мүнөзү курч, өктөм. Андай мүнөз көпчүлүк ырларында таамай берилет. Мисалы:

*Уксаң ук, укпасаң кой дегим келет,*
*Буулугуп көк деңиздей турам толкуп.*
*Кемени күттүм, күттүм пристанда,*
*Ырымга оң бут таштап, анан сол бут...*

"Жоготуп албайын деп" акындар көп эле жолу ырдашкан. Бирок, арзуунун баасын ушундан билиңиз, ырдагы поэтикалык каарман ашыгын жоготуп албайын деп андан көзүн алгандан да коркот:

*"Көзүмдү алгандан да коркуп турам,*
*Жашоонун туу чокусу,*
*бир ирмемде!*
*Жоготуп албайын деп!"*

Дээринен улутман, тайбас акын Тазагүл Закированын лирикалык ырларынан да эрдиктин шарпасы келип, төмөнкүдөй ырдайт:

*"Жараатты жуумак элең туздуу жашка,*
*Ааламды мен үчүн чарк айланмаксың.*
*Өлсөң да бир тирилип келип аста,*
*Эр болсоң, көңүлүмдү жайгармаксың!"*

Акын ырларында тереңдикти деңизге, бийиктикти тоого салыштырууну дагы тереңдетип:

*"Ошондон Ай кармап бекем жерге,*
*Жоготпой келет чырай-сулуулугун.*
*Байкатып: деңиз чалкыйт, тоолор өсөт –*
*Тереңдик, бийиктиктин Улуулугун."* – деп сүрөттөйт.

Акындын саптары менен сүйлөп көрөлү: *«Тагдырымды Күндөй кармап колума», «Коюн-койчту шыкап нурга, бактыга»,*

*«Кудайдын куттуу күнү - күн сайын,*
*Жакшылыкка жакшылыгын беледейт».*
*«Кыш берешен, кар барчылык,*
*нан мына!»,*
*«Дайраны чамынткан, колдогон*
*Ырчылар, эркетай – булактар*
*Деңиздин башаты*
*Ондогон.»*

*«Кундуу, баасыз бир тутам гүл өмүрдө»* ооба, бул гүл өмүрдү эч нерсе менен баалап болбос, акындын көзү менен дүйнөнү карап кыялдана ойго батасың, дүйнөнү акындын көзү менен көрөсүң.

Акын карылык темасын, убакытты туура пайдаланууну да өзүнчө боек, өзүнчө туюм-сезим менен минтип берет:

*"Сурабай кирип келди карылыгың:*
*"Ишиңди бүгүн жаса, бүгүн жаша!*
*Жакшылык келсе колдон, бүгүн үлгүр,*
*Жан талаш, бүгүн бүтүр, эртең ката!"*

Акындардын кулк-мүнөзүнө таандык бетке чабарлык Тазагүл Закированын ырларында төмөндөгүчө кездешет:

*"Чучугуна жеткире айткын деп турган,*
*Бул болсо да Жаратkандын ишиби?..*
*А болбосо, ал баатырдык каяктан,*
*Өз ордуна коюп келем кишини."*

Акындын айырмачылыгы, башкалар айткан эле ойду өзгөчө кылып айтуу эмеспи. Тазагүл Закированын ырларынан да ушундай өзүнчөлүк, кээде айрым түрмөктөрдү бир сап көтөрүп тургандай учурлар да кездешет. Мисалы:

*Булак суусу ташты кандай таарыса,*
***Жалындаган көздөр кучактаимайын,***
*Таарый берет кирпик илген жаныңды,*
*Куса ээрип, бирин-бири тапмайын!*

Же болбосо:

*Эне жердин – эл – шурудай моңчогу,* – деген салыштыруулар акындын өзүнчөлүгүн айгинелеп турат. Мындай табылгалар акындын ар бир ырында кездешет.

Ошентип, акын тапталган жолго салбастан, дамамат табылга издеп, изденүү жолунда келаткандыгы кубандырат.

Акындын ар бир ырында лирикалык каармандын чексиз ааламга батпаган күчтүү, бийик, назик, эр жүрөктүк менен баатыр табылгалуу поэтикалык саптарын окуп, жүрөгүн колуна кармап турган алоосуна жылынып да, жүрөк сыздаткан армандарынан чыйрыгып да оңол ой толгоолор менен жашайт экенсиң. Поэтикалык жаңы салыштыруулар, терең ойлор тынымсыз изденүүнүн жемиши.

Андыктан, акындын аталган китебиндеги ырлар дагы да окурмандардын жүрөгүнөн түнөк табат деген ишенимдемин.

Арыбаңыз, аруу сезимдердин, терең ойлордун жана уңгулуу улутмандыктын чебер акыны – Тазагүл эже! Улам жаңы чектерди багынтып, окурмандарыңыздын катары калыңдай берсин!

**Өктөм Калыева, жазуучу, КРнын Улуттук**
**жазуучулар союзунун мүчөсү,**
**"Маданияттын мыктысы" төш белгисинин ээси.**

## Жерден өскөн Тоолор жерди таянат

Тоо таянам, тоолор жерди таянат.
Колу- бутун тамырлатып түбүнө.
Ак шөкүлө асман кармайт чокулар
Анда-санда ыйык жерге жүгүнөт.

Тоо таянам тайгаланып шиберге,
Өргө карай таштайм кадам бекемдеп,
Көкүрөгүм дүкүлдөйт ов кабында,
Умтуламын бийиктикке жетем деп.

Арча токой Улуу тоону таянган,
Көккө карай өсөт шыңга, жасана.
Кийик оту, куштар конгон жорголоп,
Туу чокудан кубат алып, жашарат.

Тоолор турат түнбү-күнбү сүр байлап,
Кош канатын жер энеге ыңгайлап.
Бекем турат терeңдеген тамырдан,
жүрөгүнө сансыз сырдуу ыр байлап.

Кыйкырыктар кылым каткан катмарда,
Тоолор мага таянч, Күнгө, Асманга!
Тоонун сыры, бүтпөс ыры кыргыздын,
Тоо таянчы, таканчыктап басканга.

Тоо таянган чыйыр жолдор бийиктейт,
Дүйнө таанып, алыстарга көз таштап.
Тоолор ырдайт кылымдарды хор менен,
Кыргыз жашайт ыйык тоосун бек сактап.

Тоолор сүрдүү, ыйык жерден өсөм дейт,
Коргон болуп, жерге суук жел өткөрбөйт.
Бекем чептей турат тиреп асманын
Элди багып, элди алдейлеп көктөмдөй.
10.11. 2015-ж.



## Ызырынган ызгаар күз келди

Күзгү түшүн көрүп бүтпөй чыркырап,
күйүп түшөт өрүктөрдүн бариги.
Кызыл-сары көркко чалкып өрүкзар,
Маани бербейт коштошуунун зарына.

Жазда бөртүп, гүл ачканча бөлтөйгөн,
Көркү болчу тирүүлүктүн жапжаңы.
Анан гүлдөп, анан жазып жалбырак,
Теребелди көркко бөлөп таштады.

Желаргыдай таң азанда термеген,
Мезгил кетти, өрүк бышты, күз келди.
Жан барынча жармашса да бариктер,
Желге үзүлүп, жаап таштады издерди.

Беш көкүл кыз, ал боз бала жүгүргөн.
Туман гүлгө, наз сүйүүгө сүйүнгөн.
Кийин- кийин терип балдай жемишин,
Дил сырларын айткан эле түбүндө...

Көкүрөгү толо арман кучактап,
Оттой кызыл барик ыйлайт бышактап.
Көз ирмесе өрүк гүлү түшүндө,
Көзүн ачса жылжылаңач бутактар.
Жалбырактар жаап таштаган издерди,
Ызырынган ызгаар-ызгаар күз келди.

10.09.2015-ж.

## Апакемдин элеси чексиз кубат

Турмуш басып ийинимден аябай,
Унутканмын эрдик жайын, данк жайын.
Балапан ооз ини-синди, мен да жаш,
Көтөрө алгыс түйшүк тартты жаш чагым.

Сааты келип, чоң энедей үй күтүп,
Тери ултарып, кийиз басып, тытып жүн
жасайт десе үй тирлигин моюндап,
жаштыгымды жөн күйдүрүп бүтүпмүн.

Апакемди ар кыйналган мүнөттө
эстеп ыйлап, жөн жаткырбай жайына...
Апалууга өксүп карап, Жүрөктө –
Арман багып сагынчу элем дайыма.

Жылуу колун саамайымды сылачуу,
Назик үнүн мээрим төгө жалбарган
Ойлой берип, жүрөк сансыз каначу,
Кичирейип кеткеним чын армандан...

Күндөр учуп, аябаган, боору таш
Кайрылбады каргыш тийген шамалдай.
Тагдырымды Күндөй кармап колума,
Арбак колдоп, алга карай кадамдайм.

Чакырыгым көлдөй төгүп көз жашты,
Телегейим тегиз кезди бербеди.
Нур элеси апакемдин жаркыган
болсо ыраазы, кайтып баккан эмгеги.



Касиеттүү элесине табынып.
Кубат алдым, эмгектенем күжүрмөн.
Кайраттана кандай түйшүк басса да,
Апам колдоп, душманыма бүгүлбөйм.

Чексиз кубат, чексиз берген мээрими
Эне сүтү азык болду өмүргө.
Чолпон жылдыз сыяктанып маңдайда
Жалгыз койбой коштоп келет өмүрдө.

10.XI. 2015-ж.

**Унутулгус чоң бакытты жылоолоп,**

Кетти жылдар үйүр-үйүр жылкыдай,
Күндөр чиркин учуп өткөн туу күлүк.
Бурганакка бардаш берип турчудай
топоз эмес,
Өмүр өтөт күн күйүп!

Өзүң мага ашык болуп, мени ойлоп,
Кыял-отко жанды тиштеп тургабыз.
Унутулгус чоң бакытты жылоолоп,
Махабаттын хан сарайын кургабыз.

Ынтызар жан, жүрөк туйлап кулундай,
дүбүртү анын алыс чапкан аргымак.
Карек жайнап кирпик ирмем туралбай,
Сагынч дартын кармап болбос каргылап.

Тайгандай ой от сезимди өрттөгөн,
Сүйүү келген бой бербеген күч менен.
Ак куулардай жылуу жакка катарлап
учуп кетти жылдар алыс, күтпөгөн.

Ак боз баштап күлүк - үйүр жылдарды,
Тагдыр мунга батып турат жашырбай.
Жолугарбыз теңир сактап бир жанды,
Бак тизгинин келсе кармап качырбай.

Жолугарбыз теңир сактап бир жанды,
Келсе кармап, бак тизгинин качырбай.

02.01. 2015-ж.



## Токсондун ырлары

Бир түндө адам ар түрдүү маанайдын жамгырына жуунуп, сансыз ойлордун бешиги болот экен. Алардын кайсы бирин иргеп олтурбай 17-декабрь 2015-жылы, токсондун кычыраган түнүндө ушул 12 ырды жаздым, кандай жазылса ошол катары менен калтырдым.

*автордон*

### 1. Эрке жаз да ойгонду

Сууну тилип калак менен жай гана,
тилген өңдүү эки жүздүү ойлорду.
Кыз келатат, дымып тыптынч айлана,
Жылуу-жумшак эрке жаз да ойгонду.

Желбиреген жоолугундай кыпкызыл,
Күндүн нуру жаап турат төбөдөн.
Дайрадагы муздун бетин сындырып,
Нур төгүлөт, жашылданат теребел.

Келки тоолор, кар алдында үшүгөн,
Колу-бутун созот,
агат булактар...
Кар чапчыган жылкы искейт бетеге,
Жаңы туулган ойнойт козу-улактар.

Саат сайын Кудай берип энчини,
Ырдайт жүрөк,
тай күлүктөй тыбырайт.
Куштар тосуп --
Улуу жаздын элчиси,
Толкунданган тирүүлүк -- сыр шыбырайт.

Коюн-кончту шыкап нурга, бактыга.
Күн айланат, таң да турбайт түбөлүк...
Улуу шашке,
чак түш,
күүгүм чак тура!
Чукуранган жаз Сүйүүдөй ойгонду!
Куттуу күндүн – Сүйүү соккон жүрөгү!

17.12.2015-ж.Ош



## 2. “Дээримди дедим, айтчуму айттым”

*ата сөзү*

Мен оорусам – бергилечи шараптан,
Чарчап келсем – кан – кармаштуу казаттан.
Күрөштөрдөн, эрежесиз,
Аянбас –
Сактап калсын жан кыйнаган азаптан.

Бергилечи – жан сактачуу кесени,
Басып кетсе, кырман жанчкан моло таш.
Жолотпоюн уунун чачкан эсесин,
Кирпигимде жаап турса да кандуу жаш!

Бергилечи - бал кошулган шараптан,
Заарын кесип кетсин үчүн кемпайдын –
түркөйлүгү чөйрөнү ээлеп баратса-
Ууга уукпай, уу ичип жан сактаймын.

Мен оорусам – бергилечи бал сүйүү,
Сатып ийбес окурманым, досторум.
Найза тепчип, канжар сайса жүрөктү,
Пастык кылган жетесизден коркпоймун!

Мен оорусам – бергилечи мээримди,
Жалгызсырап, өксүп, кемип калбайын!
Калыс сүйлөп, бетке айтам дээримди,
Бөйпөлөңдөп кошоматка барбадым.

Чындык үчүн чыгам кайра шерденип!

17.12.2015-ж. Ош

**3.**

Күн –түн тынбай көрнамекти бапестеп,
Канатынан көтөрдүм да, учурдум.
Тое ичип кешигимди, төр-төрлөп.
Бийиктеди,
                    пастыгынан утулду...

Ичкен тузу нээтке ылайык пастатып,
Көрө албастык көзүн каптап ак менен,
Эл сыяктуу даңгыр жолго жете албай,
Келет жүдөп чырмоок баскан шак менен.

Өрдөк менен чулдук эч бир теңелбейт,
Атаандашып, төр талашып - өлөм дейт.
Орду-ордуна коет Теңир – калысым!
Кара нээттин бир чырпыгы көгөрбөйт.

Кудайымдын куттуу күнү - күн сайын,
Жакшылыкка - жакшылыгын белендейт.

17.12.2015-ж.



**4. Сур бердим**

Нан бердим,
            туз бердим,
                        ыр бердим!
Шүмшүйсөң арстандай сүр бердим!
Сезсин деп мээримдин кубатын,
Аңкыган жыпар жыт гүл бердим!

Койбердим сай күлүк жарышка,
Жибек жал,
            кош тизгин,
                        туу күлүк -
Суу жүрөк: --
            Чагылган – камчыны –
Чаппадың – булутту күйдүрүп!

Күлүктүн убалы мойнуңда,
Шагырап котур таш койнуңда.
Буудандын даңканы көккө учпай
Өзүңдү -
Кан жолдо каргышка койдуң да.

Пейилиңе жараша болдуң да!

17.12.2015-ж.

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 481920



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

**5. Ал**

Асманды таштаймын – дейт,
Жер менен баспаймын – дейт.
Айыгышкан күрөштө да,
Аркага качпаймын – дейт!

Кесилиш жолдо көрдүм:
Сойлогон жылан болуп,
Көз алды туман болуп,
Боз ала ыраңданып...

Жели тез түшкөн экен,
Дымагы бүткөн экен.
Асманын кармай албай,-
Шор – ага үстөм экен.

17.12.2015-ж.

**6.**

Бирөөнүн акын жеген,
Өзүнүн башын жеген.
Алдамчы адам сөрөй,
Бүт алчы-таасын жеген.

Карганып кагат төшүн,
Боорун жейт баласынын.
Сөздөрү куюлушат, -
Чындык жок арасынан.

Алдамчы азезилдей,
Жалбарып ыйлап келет.
Боор ачып колдоп койсоң,
Бир өмүр боорго тебет.

17.12.2015-ж.



**7.**

Эки беттүү, эки буттуу бар неме,
саткан күлүп, көз ирмебей пулдаган.
Пайда чыкса жакшы адамга жамынып
Анын ырын беймаалда да ырдаган.

Болбойт анын – уруу, улуту, тууганы,
Болбойт анда – абийир, намыс, ыйманы.
Кысталышта билбей калат өзү да,
Эки беттин кайсыл жагы чын жагы.

Илсинен бул кыйдынын
Гений да,
Азап тартып асыл жанын кыйнады.
Жугуп турат карасы анын жуулбаган,
Ишке салып, убаралап кыйланы.

17.12.2015-ж.

**8.**

Жамакчылар жебиреген, батпаган,
Эки сөзүн жан талаша жаттаган.
Тыгын болуп бардык жерде бочкага
төшүн уруп, өзүн-өзү мактаган.

Каптап кетти кыңылдаган коңуздай,
Коштой калат колдоочусу коңуз бай...
Ээ-жаа бербей эфир-гезит беттерин
Семиришти жугунду ичкен доңуздай.

17.12.2015-ж.

**9.**

Папкелүүлөр, шапкелүүлөр көбөйгөн.
Ар кимиси ар түрдүү ой өңөргөн.
Шаасы жетсе,
жетпесе да жол талаш,
Акылы эмес,
акча тартат көгөргөн.

Көктүк жакшы жетүү үчүн тилекке,
Ишенич чоң,
чоң муштум, жоон билекке.
Мекенчилдик, адамдыкты бага албайт,
Батпай калды алар - пулдуу жүрөккө.

Эне-атаны сүйүү жана Мекенди,-
деген сөздөр папуастын тилиндей –
которулбай, жетпей жарды сезимге
унутулуп бараткан кез билинбей.

17.12.2015-ж.

**10.**

Бир китеп бетин ачпаган,
Атыңды араң жаттаган,
"аалымың" ырдан сүйлөйм дейт,
Ошондой чала "молдону"
Кылсам дейм кээде таш бараң.

17.12.2015-ж.



**11.**

Ош Мамлекеттик Юридикалык институттун ректору, профессор, адамдык, жигиттик кыргыздык касиети бийик иним

**Эгемберди Токторовго**

1.
Эгем берип бир уулду куттуу күнү,
Кубантыптыр Самүдүн атабызды.
Ак тилегин кабылдап, жетсе үнү
Чексиз бакка бөлөптүр апабызды.

Атын коюп балага Эгемберди,
Бата берген Бакайдай чоң аталар.
Ыйык ысым, эмгектин үзүрү да,
Бүгүн аалым,
уул-кыздуу, чоң ата да.

Эгем колдоп атанын батасынан,
Эл кызматын ийиндеп турган кези.
Теңир жалгап, телегей тегиз келген,
Таалай жүрсүн короондо Эгемберди!

17.12.2015-ж.

**12.**

**Эгемберди Токторовго**

**2.**
Жайдары мүнөз, жапакеч,
Кичине, чонго – деңиздей.
Теңирим чексиз бериптир –
Жөнөкөй, айкөл пейилди.

Кызматта, чайда, жыйында,
Кырына чыкпай, сыпайы,
Мырза уул экен чынында,
Пейилден ырас утаары.

Кол сунуп, колдоп канчаны,
Ажатын ачкан март адам.
Канаты менен калкалайт,
Кайрылса алсыз канча жан.

Ыр жандуу, ырдай жүрөгү,
Жигиттин гүлү, азамат.
Мөмөлүү дарак- шакирттер –
окуучуң жүрсүн аталап.

Урмат-сый менен жашаган,
Акылман жандын мүнөзү.
Зоболоң өсүп, даңктанаар
Кымбат уул элдин тирөөчү.

Түндүгүн калктын көтөрүп,
Аябай кызмат өтөгөн.
Алтын баш, асыл жан аман,
Өркүнүң дайым өсө бер.

Бакубат болгун, бар болгун,
Бактына баатыр кыргыздын.
Билими күчтүү баатыр уул,
Бар болсун куттуу кыргызың!

17.12.2015-ж.



## Аяз кайрыктары

1.

Ачырбай көздү, улуган бороон
Ышкырат, ырдайт, айланат.
Тийгизбей жерге ак кардын бутун,
шыпырат, а жер тайгалак.

Тайгалак көк муз, кара бет - муздак,
кар бетин көрбөй зарланат.
Чыйрыгып сууктан, ийилет шагы
Көз жашы тоңгон алма бак...

Ойлор да сендик, шыңга бой мырза –
бийлеген бирге бороонго --
шыбырайт улам, тоо, талаа, кырда-
Сагыныч тоңгон короомдо...

Улуган бороон, бүтпөгөн ыры,
Айланат бийдин талаасын,
Тумандуу талаа, көрүнбөйт чеги
Эзелген жылдар арасын...

Жылт эткен жарык дербиштей тентип,
Ааламды кезет зуулаган.
Куштардай бөтөн
кайрылып келбес –
Чагылган сүйүүң бу заман!..

Айлана бийлеп, чарчабай бийден
Ачышса жүрөк басаарсың -...

Дүйнөнү чексиз каптаган жарык
жылытпай кантип жашайсың!?.

Бул ачуу энчи – махабат деген,
Чимирик тартып бийлеген.
Көз күйдү кылып Бактыны белен –
Учтуңбу? чыйыр жол менен.

Ызгаардуу бороон капкара түндөй,
Үмүт да муздай, күйбөгөн...
Үзүлүп түшкөн шурудай жерге
Өлдүбү кара түндө жөн!..

Бул учуп – күйгөн, ызгаарды женет
Күрөшпөй калбайт, түнгө жөн!!

20.12.2015-ж.

**2.**

Ырдап коюп муздак жолдо,
Алыстайсың, боору таш.
Пешенеме каскак болдуң
Туш келбечи,
мага, кач!

Жолукпачы жолдоруман,
Чытырмандуу, куюндуу.
Ырларымды окуй билген
Сезим керек күйүмдүү.

Туш келбечи, кыш чилдеде,
Кырк чилтеним кайтарат.
Ак канаттуу таңкы шамал,
Кыялды алыс алпарат.



Тынчтыгымды уулантырып.
Тартып алган - сулуулук...
Эзилдиңби ойлор тытса –
бербес жарык,
жылуулук.

Кайгыланган көздөрүң да
Түпсүз кара ицирдей,
карабасын
үмүтсүздүк --
Сени ээлеген билинбей.

Ырларымды: булак, жерди,
тоону-көктү даңктаган
угуп мага эргүү берчүү
карапайым, башка адам –

турат менин жолум карап.
Туш келбечи сен мага.
Алыстагын муздак жолдо –
Муздак жүрөк кармана!
Туш келбечи, туш келбечи!
сен мага!

20.12.2015-ж.

**3.**

Айланган чимирик – кар күндөр.
Конгула тоо - талаага шаттуу!
Жаңырып туруп ар күнү таңда,
айкөл жүрөккө келтир бакты.
Бактынын кадырын билүүчү адам.
Ырдасын, бийлесин –чимирик-кардай.
Мен дагы бийлейин рахат даамдап,
Тоолордой, дайрадай,

чаалыкпас нардай.
Дүйнөдө бүт баары,

вальстай айланат.
Музыка алмашат, алмашат шерик...
Кээ жерде деңиздин бөксөрөт суусу.
Кирет суу дайрада,

мөңгүлөр ээрийт.
Какшыган талаа бар, кургабас саздар.
Кылымды камчылайт шамалдуу турмуш.
Сен учуп өтөсүң, көлөкөң калбай,
Тулупту оронуп, от калайт бир кыз.
Таптаза айлана ак тонду жамынган,
От күйөт очокто,

жүрөктө жалындай!

20.12.2015-ж.



**4.**

Кышта олтуруп элестетем жаз күндү.
Түнгөрүмдө жаңы-жаңы гүлдөгөн,
Толкундатып бир башкача жыт аңкыйт –
өрөөн, белес, анда ырдаган гүл көрөм.

Гүлдөр назик, далай сырдуу ыр билген.
Ак шөкүлө асканы ыр терметет.
Мекен гүлгө чогуу ырдайт – тенор, бас
жаңырыктайт жан эргитип сезим жаш.

Түнгөрүмдө балалыгым, бае кез,
Бүт ааламды кучагына батырган.
Айтат мага небир, небир ширин сөз
Көпөлөк, куш, эрмен – сырын жашырган.

Көк асманга сүрөт тартам,

жылдыздар -

кылактаган жашынат боз булутка.
Сүрдүү шаңшып бүркүт тоону сактаган
Учат, учат, учат –көккө бир учса.

Ойгоном кыш, бүркүт кабак токсон чал.--
Кырк чилдеге айткан окшойт насаатын.
Кырсылдаган тоңголоктуу чыкыроон ---
жерге катуу таяп турат асасын.[1]

Сен шаарынан чыкпай тоого чочулап,
Бул керемет күн буйрубай калды да!
Түгөнбөгөн чексиз күчтөр аяндуу
Бүт сыйкырын жайып таштайт алдыңа!
Кыш берешен, кар барчылык,

нан мына!

21.12.2015-ж.

---

[1] аса – таяк, карыялар таянып баса турган.

**5.**

Эрк керек чексиз муздаган –
Көк кыштын, аяз койнунда.
Көк мелтей муздар чачылуу –
Жоолуктай чатыр салынган.

Саан уйдун эле желини
сыяктуу турат, көрдүңбү?.
күн нурун чачат акырын,
муз тоңгон булак бетине,

Бул булак чулдурайт сакоодой.
Сууктан тили да күрмөлбөй,
Ансте да умтулат жашоого
бир ирмем  кирпиги ирмелбей.

Баш ийбей каарына чилденин,
токтобойт көндүрөт тилдерин.
Жүрөктө жаз сулуу жоолугуп,
Унутпайт экөө бир күлгөнүн.

Тырмыша боордон куланып,
Кошулат аз-аздан дайрага.
Булак суу келгени кубаныч
дайрага кубат-күч кайрадан.

Эрк-кайрат чыңдаган көк кыштын
булактар баалашат кайратын--
Кылычын көтөргөн, көк муштум
Аяздын кайтарат айбатын.

Умтулган жашоого  эр жүрөк!
Дайраны чамынткан, колдогон



Ырчылар, эркетай -- булактар
Деңиздин башаты
Ондогон!

Көк муздар чокудан суюлат,
Булактар дайрага куюлат.
билектей болсо да обону
алыска шыңгырап угулат.

Эрки күч, көк кашка тыбырайт!
Булактар!
Булактар! Ыр ырдайт!

21.12.2015-ж.

## Кароосуз калган карылар жөнүндө ыр

Кирип келди кыш кылычын кармаган.
Жүргөн кезде тириликтин гөйүндө.
Түн уйкуңду үчкө бөлгөн бир балаң.
Улгайганда кайда жүрөт көрүнбөй.

Эркелетип моюнуңа көтөрүп.
Аш ширинин берген элең өнтөлөп.
Колун карап кыштык өмүр калганда.
Ал батырбай, ата-энесин көп көрөт.

"Бала белде, аял жолдо" дечү эле.
Уул карабай жетим болду кемпир-чал.
Ата дөөлөт,

Эне бейиш бешиги,
Жараткандан кийинки эле

Ыйыктар!

Бүгүн минтип, мээримге зар, арасаат,
Үмүт менен тунарган кез көздөрү.
Кайыр кылбай басып кеткен баланын
акыбетсиз,

акыл-оюу мунжубу!

Кол караган, кыштык өмүр калганда,
Кайда жүрөт?

акыбетсиз ал балаң?!!

22.12.2015-ж.



## Ыкыбалым бар экен сиз келипсиз

Ыкыбалым көтөрүлүп жакшына,
Сиз жолугуп жүрөк турган талпына.
Күндөр барктуу кең дүйнөнү ээлеген,
Көнүү гана Буйруктун бул шартына.

Бешенеге жазган да бар,

жазбаган,
Ыкыбалым келишсе не жазганам.
Турмуш-күрөш, бийиги бар,

жапызы,..
Жан кейитип, жеңип кое жаздаган!..

Келипсиз да от жандырып көңүлгө,
Кундуу, баасыз бир тутам гүл өмүргө.
Айтса бүткүс, ичке каткан жан сырым,
жанга кымбат бир өзүңүз жөнүндө.

Атымды атап жалбарсаңыз багынган,
Дил бирөөдөн кыйгач өткөн – жалынган...
Чакмак алган тагдыр кудум көктөгү,
Байкоос жерден күйүп түшкөн чагылган.

Ыкыбалым бар экен сиз келипсиз,
Закым – кылым канатында кезипсиз...
бул буйрукту өзгөртө албас бир пенде,
Жолдор -

насип жазылбаса кезикчүү.

кундуу, баасыз бир тутам

гүл өмүрдө.
ырым жалаң бир өзүңүз жөнүндө!

02.01.2016-ж. Ош

## Алтайдын Алтын тамыры

*Алтайдан келген, кымбат, таланттуу акын*
*Баслей Самык Тордой уулуна*

Баслейдин алып келген Алтын тамыр,
Бабамдын туулган жери – алтын сабыр.
"Алтайды сактап келдик - кыргыз жери,
Душмандан тарткан менен далай жабыр.

Бүгүн да сактап турбуз кыргыздарым,
Алтайда От Энеден берди деп бил.
Алтын тамыр – кадимки кызыл жалын,
Денеңдин бүт тамырын тазалайт бул.
Алтайга аны ичкенде бир таазим кыл.
Тоолуу Алтай оттой ыссык тамыр берди.
Тегиңдин оттой ыссык жанын берди.
Ич аны чайдай демдеп, жыпар жыты
сезимге кирсин оттой, тамырласын.
даамда аны – дил ырдасын, жан ырдасын.
ич Тазагүл карындашым!"--

Деди Баслей Самык толкуп,
Кыргыз жана Кыргызстан деп көп ыр жазган.
Тосту аны Сулайман тоо,
Ак-Буурадай ак дайрадан ичти канып.
Шаттанды кайран акын, кубатганып.
Акын Жолон, Орозбай, Оморду айтып.
Ала-Тоом тургансыды кучак жазып.
Алыстан келген уулга учурашып.
Баслей окуп ырларын от табындай.
Жүзү албырып, от көзүн жымыңдатып.



Кыргызың кайда жүрсө жанат экен,
Жүрөк отун колуна алат экен.
Чер токойду аралап жолборс сымал,
Кыяматка кыргыз деп барат экен.
'Экиленбей, болкулдап бүт денеси,
Кысталышта айласын табат экен.
Алтын башты, кайтпаган кан кармашта
Калайык деп, кыйылбай саят экен!

Баслей Самык Эдилдин кейпин кийип.
Баба рухун ээрчитип алат экен.
Алар менен сырдашып кадимкидей,
Аңгемеге мыктылап канат экен.
Кырчылдашкан кыргынга кирсе дагы,
Алтын тамыр жарааттын дабасы экен.
Маралдардын ырларын жатка билип,
Жүрөгүн эрендердей жагат экен.
Улуу Алтай, Актоонун баласы экен.
Алтайлыктар көзүмдүн ак- карасы экен.

02.01.2016-ж. Ош

## Бейиш сындуу сезилет биз жок тарап

Ох, чеги жок ойлорго чөгүп кеттим,
Тумчугамын чыга албай тереңинен.
Тездигинен артынан кайдан жеттим,
Купуя от жалбырттайт карегимен.

Китептердей окулган далай ирет,
Жолдун сырын көп жүргөн адам билет.
Түндүн сырын каракчы чоттогондой,
Ой түбүнө ким гана жетпей жүрөт...

Тоо чокуну шаңшыган шумкар мелжейт,
Өткөн күнгө зарлаба кайтып келбейт.
Кайберенге каскаксыз кут жер мекен,
Күрү-гүүлүү жериңе өлсө келбейт.

Токойлордо куштарың уя салат,
Көп дарактан аларга кээси жагат...
Эркиндикти ээлеген көгүш асман...
Бейиш сындуу сезилет биз жок тарап...

Тереңинен ойлордун тумчугасың,
Азапка же, жыргалга тушугасың...
Күздүн ызгаар жылмайган күлкүсүнөн,
Билет жандуу – көөшүлүп ысыбасын.

Муз бетине алтын күн чагылышат,
Жер-суу көктөм,..
                    же карды жамынышат...
Жараткандын мыйзамы төрт мезгилде
төрт кыбланын ээсине табынышат.



Үңүлгөндөй үкүнүн көзү менен,
Көк Теңирим түн-күнү турган карап
Сыноолорун кат-катар берет белен.
Мен чумкуган ойлорум жарык жанат.

Төрт тарабым кыбыла, иштөө адат.
                    турам карап.

2-3- январь, 2016-ж.

## Кечир мени

обону Б.Назаровдуку

Сагындым сени жазда,
Окшойсуң кызыл гүлгө.
Каттардан сага жазган
Куштарга толду дүйнө.

**Кайрыма:**

Айткан сөзүм эсиңдеби,
Жалын сүйүүм көзүмдөгү.
Жүрөк толо ырлар жаздым,
Алыс кеттим, кечир мени.

Сагындым сени жайда,
Кыялымда учам айга.
Жүрөгүмдүн ээси сенсиң,
Жүрсөм да качан, кайда!

Эңсеймин оттуу жаштык,
Ээрчишип бирге бастык.
Ал күндөр жүрөгүмдө,
Кырс тагдыр кылды кастык.

**Кайрыма:**

Оттой мезгил эсиңдеби,
Жалын сүйүүм сезимдеги.
Жаштык ширин унутпачы,
Жолдор башка, кечир мени.
Жете албадым, кечир мени.

Кайрылбай кетти күндөр,
Көңүлдү көккө учурган.
Кымбатым жүрөгүмдө
Бир сени ойлоп турам.

05.01.2016-ж. Ош



## Күндөрдү күтүү - досум

обону Б.Назаровдуку

Алыстык куса толгон,
Сезим нурлар – байлап турат.
Бактыны Кудай берген,
Жүрөгүмө сактаймын.
Жаштыгымдай жалындуу.
Күтүү - досум кыйбасым,
Мен жарымды сагындым.

**Кайрыма:**

Кубанычым сагындым ай,
Карааныңа жалындым,
ойлоп сени.
Асылкечим сагындым ай,
Жаратканга табындым,
кезигели!

Аралык биз жетпеген,
Саргайткан сары оорудай.
Сүйүүнүн кубат берчүү
Сезимге жолдору бар.
Сагынып жашап келем,
Жаштыгым анда калган.
Кабарды жеткире гөр.

Жалындап сага жетсем,
От болуп күйөөрүм чын.
Күтүүнүн кымбаттыгын,
Жан дилим билээри чын.
Жашоомду гүлгө бөлөп,
Ырдаткан ыр жанымды,
Таалайдын илебисиң!
Махабат жүрөгүсүң.

05.01.2016-ж. Ош

## Сен – сүйүү күчү жайнаган.

обону Б.Назаровдуку

Сен - алагар көз карындаш.
Чоң бүлүк салдың сезимге.
Түн уйкум бузулду
Сен – сүйүү сундуң өзүмө.

**Кайрыма:**

Мен - жетпей сага сабыркайм.
Сен – турсаң кетпей көзүмдөн.
Сен – жанган оттой периште.
Мен – ойлоп жаным, эзилдим.

Сен - келсең ойлор чачырайт.
Мен – дайра болуп агамын.
Күн өтпөй көрбөсөм,
Мен- жүрөк отун жагамын.

Сен - салдың кокус кайгыга.
Сен - сырдуу сезим жараттың.
Мен күйдүм аянбай,
Мен – сен деп гана таң атты.

Сен – жарык тийген күнүмсүң.
Сен – эңсеп жүргөн гүлүмсүң.
Сен – чолпон жылдызым,
Сен – ыйык таза сүйүүмсүң.

Сен – булак тоодо кайнаган,
Сен – булбул кушсуң сайраган.
Сен – бийик махабат –
Сен – сүйүү күчү жайнаган.

05.01.2016-ж. Ош



## Апакем

обону Бакыт Назаровдуку

Айылымда апакем жүрөт,
мени ойлоп, санаага баткан,..
тууган жерим көзүмдөн учат
Бөтөн журтта көзүмдү жаштайм....

**Кайрыма:**

Жыпар жытың келет эсиме,
Сагынганда сени апакем.
Балалыгым, мээрим көздөрүң,
Кубат берет алтын апакем,
Кайрат берет алтын апакем,
ыйык апакем.

Сени ойлосом жаркыным апам,
Алыстыктар жакындай болот.
Жараткандан тилейм аман бол,
Санаа тартып, калба мени ойлоп.

Сага барган сагыныч эңсөө,
Саамай чачын сылаган ойлор.
Мени коргоп түштөрдөн жаман,
Жолум ачык батаңдан берген.

05.01.2016-ж. Ош

**Мигрант болдум,**
**жашайм деп хандай,**

Энени сагынтып, сагынып өзүм,
Тирилик артынан мусаапыр болдум.
Байлыкка өмүрдү байлаган жашоо,--
Бийлигин экөө кири дейт колдун.

Мекенди эңсеп колумду жуубайм.
Жашасам деймин мен дагы элдей.
Иштеймин күн-түн жашасын үчүн,
Үй-бүлөм, апам тузу кем болбой.

Мекенден кеттим, аябай жанды,
Тагдырым сыноо камдаган экен.
Көнөмүн ачка, ысыкка-суукка,
Кантсе да чыдап максатка жетем.

Мигирант болдум,

арзан күч даяр,
Жалданам кулдай, кыргызым ойло!
Жашашым үчүн хандардай жакшы,
а, бирок чачам бир күндүк тойго...

Кыргызым айтат: "-келиптир иштеп"...
Жийиркенич,

арды калтырып алыс
Өмүрү бабам кылбаган ишти
жасаймын пул деп, кылбаймын намыс.

Куу чирен кыргыз "көрүнбөйт" мында,
Катындар үйдө аябай чачкан
акчаны табыш – арзанга турбайт,--
ден соолук, кордук башыңды баскан...



Жылмайып туруп, кан отот ичтен,
Жагам деп элге, санабай чачсаң.
Бул акча үчүн канча абийир кеткен...
Канча ирет түшкөн башыңа асман!..

Энелер ыйлап, тилеген тилек
сактанса сактайт, чүрпөсүн мында.
Айрыба элден, айрыба жерден
Иттин да, Кудай мусаапыр кылба!

Мигирант болдум,
жашайм деп хандай,
Элимен кетип, айландым кулга!

06.01.2016-ж. Ош

## Сүйүү боосун – бекем карма!

обону Б.Назаровдуку

Күйүп санаа, көңүл чөгөт сени көрсөм,
Үшкүрүгүң оттуу мынча.
Шайыр күлүп жүрчү элең досум мурда,
ийилбечи, басынбачы!
Сактоо үчүн бакыт кушту бербей жанга,
кармаганга күчтүү кол бар.
Арна жүрөк, көлдөй сезим арна!
Сүйүү күчү - болсун дайра!

**Кайрыма:**

Досум, кайгырбачы, суранамын,
Досум, кайрат бакыт, кайрат дайра.
Сүйгөн жигит жетет максат муратына,
Досум, бул канаттуу өмүр барда.
Ушул жалын жүрөк сезим барда.

Көтөр башты, учкун алга жебе болуп,
кучагыңа аалам баткан.
Азаматсың, кыргыз жери ата конуш,
Кубат берет ырыс чачкан.
Сүйүп калуу, айкөл жашоо, оомат конуп,
Зор бакыт жок махабаттан!
Сүйүү боосун – бекем карма!

Басынтат күйүп санаа, көңүлүң чөгөт,
Жаныңа аралжы арга
таарынычта болбочудай башка себеп,
күндөргө сен күлө кара.
Кезиксе ал кечиримсиз жаман мүнөз,
далыңдан басып турса да,
Өмүрдө кемели келип турган,
кайрылба, баспа аркага.

07.01.2016-ж.



## Ах, шекердей, балдайсың өзүң

обону Бакыт Назаровдуку

Ах, шекердей, балдайсың өзүң,
Бакытымдай жайнайсың өзүң.
Кубанчымды жашыра албай
Жолугам сага о кара көзүм,
сага, кара көзүм.

**Кайрыма:**

Сен – апакай көгүчкөн,
Сен – айдайым келишкен.
Кел -- бийлейли жайдары,
Сен – кара көз периштем.

Калдым отко чалынып неге,
Кирпик дилди тепчиген жебе.
жараатыман алсырап турам,
Ашыкмын сага, күн сулуу белең,
неге ойлой берем.

Ах, айдайсың, күндөйсүң өзүң,
Жараладың жанымды неге?
Көздөрүңдө күйдүргөн жалын
Аябас алоо, от сүйүү беле,
сүйүү беле, сүйүү.

Тагдыр башка таарынба ага,
Өзгөчөсүң, жолуктуң мага.
Жаркылдаган жаздагы күнүм,
Жүрөктөн тилейм жакшылык сага,
тилейм бакыт сага.

8.01.2016-ж. Ош

**Бакытымды кармайм колдон.**

обону Бакыт Назаровдуку

Асманым менин, деңизим терең,
Арнайм баарын, өзүңө гана.
Сактайлы жаным, сүйүүнүн демин,
Кубат берет сага, мага.

Асманым айдың, көгүлтүр жарык,
Карегиме толуп турса.
Үмүттүн оту турганда жанып,
Кучак жайып келем сага.

Деңиздей көкмөк, терени түпсүз,
Махабаттай чексиз болгон.
Кымбатым сен, жыргалым сенсиң,
Бакытымды кармайм колдон.

8.01.2016-ж. Ош



**Күндөр күйүп күл болду**

Өмүр,--
жашоо, турмуш деп,
Күндөр күйүп күл болду.
Калбай дөңгөч, отун жок,
Кайда калды.
ким колдуу!?.

Күздүн күнү акырын,
Суук шамалга айланат...
Ак боз күлүк чаалыккан,
Ал суулугун чайнанат.

Аргымакты желдирип,
Терин алат саяпкер.
Арпа салып торбого,
Жем-чөп берет саяпкер.

Күлүк чапкан чабандес,
Өзүн таптайт жарышка.
Кое берет тизгинин
Ат ооздугун салат да...

Алыс жолдор таштактуу,
Ай туяктар эзилген.
Жаштык эсте мунарык –
Тээ алыстан көрүнгөн.

Тулпар минип мен далай,
Түшкөн элем жарышка.
Мөрөй алып, жеткирбей
Көп жарагам намыска.

Кайраган уу тилдерин,
күйүп,
сөзгө тең эмес...
ичкен суусу түгөнүп,
алардан жок бир элес.

Күздүн күнү шамалга
Айланса да чыкыроон.
Гүл өмүрдүн кызматын
Күндө бирден бүтүрөм.

11.01.2016-ж. Ош



**Эне жердин –**
**эл - шурудай мончогу**

Туңгуюктун үзүп салып пардасын,
Баары эр жүрөк,
эч нерседен таймандай.
Топураган калың элдин деми күч,
Too томкоруп жиберишет ар кандай.

Эл дегениң, бүт жер-суунун ээси да,
Токой. чөбүң, ташың үчүн берет жан!
Баш аламан каптап келет сел болуп,
Чөөгө айланып,
жете салтын унутсаң

Калк дегениң кармап турат мекенди,
Каармандыгы – көтөрүмдүү, кечирмей...
Курун чыдап улам байлап бекемдеп
Эмгектенет: барга, жокко элирбей.

Калк сабыры – алп тоолордой, деңиздей,
Түптүү элдин намысына тийбесе...
Калк көтөрөт түпкүрдөн таап көөхарды,
Кесир болот элдин баркын билбесе.

Түркөй жүрсө, түшүнбөйт деп калайык,
Тузун ичкен туз баштыкты булгаса...
Улуу элдин назарынан калат тек,
Ооз көптүргөн убадага турбаса.

Эне жердин -- эл - шурудай мончогу,
көрккө бөлөп, жарык кылган дүйнөнү.
Бакыт сайрайт -- элдин күчтүү деминен.
Мээрим -- сүйүү ырын ырдайт гүлдөрү.

Ошон үчүн калкты баатыр эл дешет,
Каарына алса каптап кетчүү сел дешет

12.01.2016-ж.

**Кылычтай курч аскиялар айтылат**

1.

Күлкү үйдүн көтөргөндөй түндүгүн,
Жарык болуп терезе-эшик ачылат.
Дасторкондо билип кимдин кимдигин.
Кылычтай курч
аскиялар айтылат.

Жолугушкан тирүүлүктө чоң дөөлөт.
Тилектештер тирелишсе ийиндер.
Ак жүз төккөн мээрим ысык булоодой
Нур жайнаган көздөр - оттуу сүйүнгөн.

Көкүрөктө күлкү баккан акындар,
Каткырыктын толкунуна тазарган.
Кыялдарын көккө учурган асылдар.
Түркүн дөөлөт алган-
турмуш-базардан.

Сөздөрү да, тилеги да дени сак,
Жашоо ырын, оомат ырын ырдаган.
Кең дүйнөнүн чаңын бүгүн кагышат,
бир ирмемдик аскияга турбаган.

Булоологон күлкү көктө жаңырды,
Тарайт эми от кучактап бир-бирден.
Кыйбай көздөр,
колдор карман тагдырды.

Коштошуу бар, дөөлөтүңө сүйүнгөн...

Тарап кетмей от кучактап бир-бирден,
Баш коштурган ак дасторкон зор дөөлөт.
Сага чексиз чоң алыштар, ырахмат!

14.01.2016-ж.



2.

Дөөлөт күттүм, сөөлөт күттүм өмүрдө.
Дос, душман да болду тизгин талашкан...
Арабызга салып жүрдү бүлүктү.
Кирип калып ара жолдо адашкан...

Баш көтөртпөй камчыласа иш деген,
Адатым жок, башкаларды тескебейм.
Баш кашууга чолом тийбей келемин.
Канча жумуш катар туруп бүтпөгөн.

Теңир берген чоң шыбага дөөлөтүм,
канча ырлар тирилик деп жазылбай.
Кайчылаш жол тосту, жолдо жөөлөшүү.
Түн уйкуман кечем ыр деп азыр да.

Болуп турат ара жолдо бүлүкчү,
Ал алардын башта шору арылбас.
Калыс сөздү айтчууга бер жүрөктү.
Ыйман, ынсап ыр дөөлөткө тагдырлаш.

Калыс сөздү айтчууга бер жүрөктү.

14.01.2016-ж.

**3.**

Байлык да эмгек – шыбага,
Өзүңө насип буйруган.
Миллион тапса жукпаса,
Оңдолбос ниети- куюнан.

Бут баары ниетке жараша,
Бирөөгө кылдай кири жок,
Бапырап маңдай жарыла
Баскан бар дайым көңүл ток.

Эрегиш кылган башкага,
Ан үчүн тирлик кылгансып.
Көз артат тапкан малына,
Кошулуп дүйнө жыйгансып.

Ар кимдин бакты колунда,
Аракет, нээти белгилүү
Ырыскы чачкан Кудай да,
Бекерден бербейт көргүлүк...

Келтирип шүгүр бир адам,
Аз дебей, бер дейт береке.
Ач көздүн пулун суу кылып,
Жараткан кылат келеке...

Тийбесин суктун залалы.
Буйрусун насип - шыбага,
Бешене тердеп тапканың.
Дөөлөттүү жаша, садага!

14.01.2016 – ж. Ош ш.



**Даңги – Ак-Буура**
түрмөк

**1.**

Суунун башы Даңги бийик,
Үч аска тоо зыңгыраган.
Үч асканын сыры – кийик
Бүгүн бизге армандалган.

Сыры үркүп колго тийбес,
Кийик - тоонун кайберени.
Качан булар жарылышкан?!
Көктү тирейт ийиндери!

Тирелишкен бир-бирине.
Аскаларга мырза мүнөз
Кимдер качан суук салды эле!?
Чарт тилинип кеткен бир кез.

Тик тилинген бул үч аска,
Бүтүн эле...
бөлөт суулар.
Түбү какшап муздаса да,
Күн карактаган туу чокулар.

Канча кылым сырын катып,
Сүйөнүшөт бир-бирине.
Сууну бөгөп жатпай,
Оштой –
суу берет жер киндигине.

14.01.2016-ж.

2.

Келдик эңсеп көрүү үчүн,
Ак-Бууранын башатына.
Сурап танбай тамчы сүтүн
Жалгыз сүтак сайрайт анда.

Таштан-ташка, аскаларга,
Учуп-конуп кайра-кайра
Боздойт неге "сүт ак, сүт ак"
Күр-шар агат паста дайра.

Бото издеген буура ташың,
Кай кылымда катты экен?
Эне ыйы, эне арманы,
Бул өрөөнгө батты бекен!!?

Буура боздоп ташка айланса,
Ботосунан ажыраган.
Бармактай куш аны бизге
Боздоп айтып жатты бекен.

Жүрөк толкуйт - кооз табият
Жүрөк үшүйт – эне ыйынан,
Бу жетим куш көп жалынат
тамчы сүткө көктөн улам.

Жүрөк ыйлап бул тагдырга,
Жүрөк сезип аяп турам.
Оо, Ак-Буурам!

15.01.2016- ж. Ош



3.

Аскар тоону үчкө жарып,
Аккан суунун үнү бийик.
Ал үч аска бутун малып,
Башы асманды турат чийип.

Кээ түндөрү жылдыз санайт,
Кээде аппак булут кийип.
Ак калпагы күн чагылтат,
Жылытат күн жандай сүйүп.

Эчен кылым Данги дешти,
Даңгазалуу тоонун атын.
Кубарым да, жото, жетем
Мекен кылган суунун башын.

Суу атасы Сулайман пир,
Далай келген суусаганда.
Ош өрөөндүн эли ичиптир,
Сугарып дан, өрүк, алма.

Ээ-жаа бербей кирген дайра,
жерди каптап, элди агызган.
"От менен суу тилсиз жоо"- дейт,
шакылдаган куу сагызган.

Ат-көлүкчөн кечип өтпөй,
Каттоо токтоп, кайран кыргыз,-
Агып кетсе эч ким жетпей
Тунжураган өйүз-бүйүз.

Ак-Буура суу – кирген буура,
Алп дарыя болгон тура,
Бул Ак-Буура.

15.01.2016- ж. Ош

## 4.

Кечүү издеп – Кылым учкан.
Кечүү издеп – кыргыз кутман.
кара жанын өткөн тиштеп
«Суу тилсиз жоо»,
эрлер өткөн.

Оздукталбай таш оодарып,
Күркүрөгөн күн-түн тынбай.
Бир тамчы суу көздөн өтүп.
Кербен өргүп эчен курдай…

Жанга аралжы суусун болгон,
оозун нымдап акыркы арга…
Эчен курдай гүлдөп өрөөн,
Өжөр дайра, тирүү дайра--

Төөлөр агып, пилдер агып,
Токтобогон, аянбаган -
Өжөр дайра, жаалдуу дайра--
Кандуу кылыч жалаңдаган.

Бош келгенди бойбойлотуп,
Жеткирбеген тилегине,
Жалын бүрккөн ажыдаардай,
Колун салган жүрөгүнө
Кыргызымдын.
Бул Ак-Буура!

15.01.2016-ж.



## 5.

Өтмөк издеп, Боз инген да,
Ак-Буура экөө бото ээрчитип,
Чыгыш жээкке өтүү үчүн,
Даңги жактан жээкке түшөт.

Ары жүрүп, жүрүп бери,
Кечмек таппай турган кезде
Эрке ботой суу ичкенче --
Көмөлөтүп алып кетет.

Инген боздоп чуркайт жээкте,
Буура өжөр сууну кечет.
А ботою аккан сайын
Буура тартат тиштеп жээкке.

Албууттанган өжөр сууга,
Жаш ботойдун жетпей алы,
ала салат, агат.
Буура –
жан далбастайт баласына...

Куткара албай, ботосу өлүп,
Инген ыйлайт, жаңырат көк.
Ак Буурасы көбүк бүркүп –
сууну ан сайын күргүштөтөт.

Ботосунан ажыраган
Боз ингендин, Ак-Бууранын
Боздогонун карап туруп
Боору ооруган таш асканын.

Көк диркиреп төгөт жашын,
таш болсо да  тоо силкинет...
Үч ботодой боздогон үн
чарт жарыптыр үч тилкеге.

Ошол күндөн, ушул күнгө,
Буура  - сууга бүркөт  көбүк.
Буркулдаган жаалы  келип
Көз жашын да турат төгүп.

А Боз инген күйүтүнөн
Жүрөгү өлүп ташка айланган.
Үч асканын кулагында
Жаңырыктап турат арман.

Дангиден Ош, Оштон Данги
Тыным албай кирген Буура
Жаш ботоюн тынбай издеп,
Ошол бойдон калган суу да
Ал Ак-Буура.

18.01.2016-ж. Ош ш.



6.

Ал  Ак-Буура – күркүлдөгөн,
Ал  Ак-Буура – шарпылдаган.
Өмүр берчүү бул ыйык суу
Андан ичкен Манас бабам.

Айыл конуп аны жээктей,
Хан Бакайы, Чыйырды эне.
Ыйык тоодон кубат алып,
Сапарына кетишти эле...

Эр Манастын зыяратын
Кабыл этип Сулайман тоо.
Жерге сиңген ыйык суудан
бүт тирүүлүк уланган го.

Тойгузгандан тоо-талааны
Май топурак берди ырыскы.
Эмгекчил эл бермет терин
 тирилик деп агызышты ...

жашоо улап,  тынч күндөрдө,
Теңирине табыныптыр.
Калк тынчтыгы баасыз дөөлөт.
Ата Журту турса куттуу.

Кылымдардын кыйырында
бир эсирген эссизден эл  -
тамчы сууга зарыгыптыр.
Ошту басып алмак болгон.
Кас душмандан чабылыптыр...

бекем курап байыркы Ошту,
Дубал куруп коргонушат.
Төрт дарбаза, кароол коюп
Куш уйкуда ойгонушат.

Түтүк жасап май чоподон,
суу киргизип шаар ичине.
Чепти бекем курат экен
Сырын айтпайт жан кишиге.

Бек бекитип дарбазаны,
Аңдып күткөн душман сыртта.
Ойлойт экен элди жеңем,
суу түгөнүп сыртка чыкса.

Айлап күтсө эл капарсыз
жашайт чыкпай, сууну издебей.
Айла кеткен баскынчылар
Тыңчы коет,

сыры эмнеде?

Хан аялы – "Эриктим мен
ачкыла эшик, сыртка чыгам".
Салат чатак укпай кепти,
ага келет тыңчы - жылан.

Жылдыз терип беребиз деп,
Сени күндөй көрөбүз деп.
Шаарга камап баккан эрдей
болбой эркин коебуз деп.

Арбап сурайт сырды тыңчы:-
"Шаар ичине түтүк менен
Ак Буурадан суу киргизген,
сууга таңсык болбойт"деген.



Дайра жээктеп, түтүктү таап,
шаарга кирген тосун сууну.
Душман оңой иле менен
эл жашоосун кандай бууду.

"Ал аялды байтал бээнин
байла – дейт. хан - куйругуна.
Эрин саткан, элин саткан
Бизге бапаа кылбайт тура"

аны душман сүйрөткүгө
салдырыптыр эң биринчи.
Шаардын эли суусуз мөгдөп
Душманына келгичекти.

Адамзаттын жаны сууда,
Ал шарпылдап аккан Буура.
окшойт ага эл өмүрү
Күз тартылып,
кирген жазда,
Бул Ак-Буура .

19.01.2016-ж. Ош

7.

Айдай сулуу эрке кыздар,
Бакандап суу ташып келген.
Сууну бойлоп сураганда
Кыз-жигитке бакыт берген.

Сүйүүнү да сугарасың
мээрим менен акыл менен.
Акыбеттүү ыйман колдоп,
Ата-бубам жашап келген.

Мен кыргыздын кулунумун.
"Айланса – дейт, элим – элден"
Элим момун, пейили ак,
Куу-шумдуксуз күнүн көргөн.

Жыланга да агын чачып,
Ак жарылып барпаңдаган.
Айкөл мүнөз, колу ачык,
март азамат, жалтанбаган.

Мекендептир кут өрөөндү,
Суу чыгарып айылдарга.
Ак-Бууранны жетелептир
Пахтазарга, өрүкзарга.

Калдайган эл ичет канып,
Ак-Буура суу ырыс – куту.
Азыктанган бүт тирүүлүк
Ак-Буура – эне берген сүтүн.

Кан тамыры согуп турган,
Касиеттүү, көрктүү жердин.
Ийип турган сүтү аппак,
Жердин жаны, жаны элдин
Суу Ак-Буура!

20.01.2016-ж.



## Алкыш айтып жаратканга

Көп чакырсаң, күн ордунан турабы?
Сен тарапка бир көңүлүн бурабы.
Көктү карап жалбарганда эсепсиз,
Кайрылабы
артка,
сөздү угабы?

Күндөр өтүп өмүрдүн күз убагы,
Жаштык кеткен
өткөн жаздын артынан.
Эми сага анча маани бербестир,
Чакырсаң да моюн толгоп сулуу жаз,
Мурдагыдай толуп-ташып келбестир.

Шүгүр келтир бул жашоого эсепсиз,
Чагылгандай артта калган бактыга.
Башыңды ийип ыраазы бол,
ыраазы,
Узун жолго өзүң баскан жакшына.

Алды жакта кыш, чыкыроон убагы,
Аянычтуу тоңгон чөп, суу убалы.
Чээнге кирген аюуга окшоп көп тирлик,
Үшүк уруп, же чала жан сыягы...

Жаңырыктап бул өмүрдүн бүктөмү,
Чиркешти да, узап кетти,
күтпөдү.
Алкыш айтып жаратканга, сүкүт сал,
Суудай тунуп андан келет күчтөнүү.

19.01.2016-ж.

## Кыздары элек,
## ал жомоктуу күндөрдүн

Төкпөй – чачпай айттың болгон сырымды.
Толуп – ташып окудуң да ырымды.
Толук бойдон кусалыкты келтирдиң.
Көздөрүңдөн көрдүм өткөн кылымды..!

Эстедик,
Ал экөөбүзгө тең алыс,--
Биз жарышкан кызгалдактуу дөңсөөлөр.
Мандай – тескей олтурсак да жылыныш.
Балалыкты кайтарбады эстөөлөр.

Сен алыстап,
мен алыстап калыппмын.
Кымбат кезден, гүл жайнаган өрөөндөн.
Ал тарапта ырдайт азыр башкалар.
Гүл, бак-дарак башкача эми көгөргөн.

Жааган кардын кыроосундай чачтарың.
Алып келдиң балалыктын асманын.
Кыйкырсак да,
койбойт артка кылчайып!
Сенин,
менин көркөм, сонун жаш чагым.

Кыздары элек, ал жомоктуу дүйнөнүн.
Жүрөгүмдө бекем сактап жүргөмүн.
Азыр деле чымын - куюн жүгүрүп,
Тергим келет түмөндөгөн гүлдөрүн.

Көздөрүңдөн көрдүм өткөн кылымды..!

22.01.2016 –ж. Ош



## Түркүн гүлдөй балалык

Козу-улакка тең жарыша жүгүргөн,
Түркүн гүлдөй көпөлөккө жете албай
Караандатпай элес турат балалык,
Айланчыктап жан дүйнөмөн кете албай.

Канча өлкөнүн коломтосу жылытты,
Санаалаштар тосту далай кубанган.
Даам татыдым, насип буйруп,
жер көрдүм.
Бала кезди болбос эстен чыгарган.

Кенедей кез айылыма байланган,
Тоолор курчап, көктө бүркүт айланган.
Таар жүгүргөн[2] бир келеп жип колумда,
Тууган жерге тартып турган кайрадан.

Алып учуп учак, поезд, кемелер,
Перрон өмүр, пристанда, аэропорт...
Кармайт --
энем ийрип, боеп, түргөн жип --
Мекен ыры, назик сезим козголот.

Балалыгым, тууган жерим, ата-энем,
Бир биримдик, кубат берген күйгөн от.

24.01. 2016-ж. Ош

---

[2] **Таар жүгүргөн**[1] - ийрип, боеп, түргөн жиптерди байбичелер чогулуп, чоң аянтка айланта казык кактырып, ар түстүү жипти керектүү жолокторду салыш үчүн кыз-келиндерге 4 катар. 8 катар, 6 катар ж.б. сала турган гүлүнө жараша жүгүртөт, аны эки кат бойдон казыктан чыгарып бирин тең астына, экинчисин үстүнө кылып тартып, өрмөктү орнотот, анан аркагын улам өткөрүп сокмо менен (кылычы) согуп, жөнөкөй жолок жолок же терме, же кажары деген көчөттөрүн салып таар токуйт. Аны айылда үйгө туш кийиз кылып. боз үйлөргө тегеректеп келишкен. (терме-эки бети тең гүл түшүп терилет, кажары – бир гана бетине гүл түшүп, артына оймо түшпөйт).

## Мүргүп кеткен жараткан

Кайчы учуп өтүү - арман өзү эле.
Канчандыр бир жазылган ал пешене.
Кыраандардын канчасына буйрук жок.
Анын баарын оңдоо, түзөө кеч эле.

Кыргыектей кайкып учуп алыста,
Күз мезгилде бей чаралык табышса.
Кыйкымчыл бул тагдыр деген чаар китеп,
Жарай албайт бир күнчөлүк чарыкка...

Баары бекер, бекер болду ирмемдер,
Кылым минип кыйгач кеткен жебемдей.
Дал түшпөгөн оймосундай чебердин.
Жаасын жаза мээлеп алган мергендей.

Жазып жатып мүргүп кеткен жараткан.
Пешене да,
пенде буга калат таң...

24.01.2016-ж. Ош



## Өйдө карай кубалаган өмүрдө

Сыйлаганга досу болдум, сырдаштым,
Ырдаганга ыр окудум, ырдаштым.
Бетине айттым, көп түстүүнүн кемчилин,
Жактырбады колунда бар өпкөсү,
Бийин бийлеп
ал жактын да, бул жактын.

Ага онтоп, олтурбадым күн кором,
Жашоо сахна, жаркын маанай күн болот.
Оң каармандын, эл сүйгөндү ойногон,
Жандап дайым тирек болгон оюма,
Жүргөндөр бар
жакшылыкты ыроолоп.

Үнүм барда чогуу ырдайм ырымды,
Жашырбадым жан досуман сырымды.
Кемелиме келип турам санаалаш –
Колдогондон.
Ынак, ырчыл берешен –
Достор билет жаңы жазган ырымды.

Мен алар деп туруп коем төш тосуп,
Өйдө карай кубалаган өмүрдө.

24.01.2016-ж.

## Короз күндө ойготот Улуу Күндү!

түрмөк

### Короз үнү кудайдын кулагында

**1.**

Кереметтүү дүйнөнүн несин айтам.
Канча сүйлөп түгөтө албай келем.
Укмуштары батпаган ырларына,
Жасаганбы бүт баарын колу менен.

Суктанамын, сүйөмүн шыбагын да,
Таң чакырган корозду угамын да.
Улуу күнгө эсепсиз таазим кылган,
Короз үнү кудайдын кулагында –

турса кандай керемет, касиеттүү,
жан-жаныбар Теңирдин сынагында.
Адашып же унутуп, уктап калбай
Аткарганын өз ишин убагында.

Биз пендеси көп бузуп эрежени,
Барчылыкта Теңирди унутабыз.
Кечирет деп атаңа ишенгендей
Милдет кылып, кээде аны урушабыз.

Суу уртаса жутунбай көктү карап,
Ыраазылык билдирип анан ичкен
Корозчолук акыбет кылбай пенде,
көп наараазы, жашаган арманы ичте.



Бул дүйнөнүн укмуштуу иштери көп,
ийгиликтен "жесе да иттери чөп".
Түркүк болуп калчудай, көзү тойбой,
байлыгына кул болуп бүткөнү көп.

Тамчы сууну Теңирин алкап жуткан,
Короз күндө ойготот Улуу Күндү!

24.01.2016-ж. Ош

## Короздун ыры

**2.**

“Таң ырыскы чачат, бачым тургула,
Чоң ачкыла эшик менен айнекти.
Көп уктаба, тийбей калат шыбага”-
деп ырдаган короз үнү терметти.

Терметти да бүт дүйнөнүн баарына,
Жакшылыгын тилеп элди ойготту.
Кыбыраган жандуу четте калган жок,
Курт-кумурска, гүлдү,
арстан-жолборсту.

Короз ыры Чоң Кудайдын ырындай,
Телегейге тегиз жетти, тең жетти.
Күн ойгонду аппак таңдын артынан,
Алтын нурга асыл жерим келберсийт.

Короз таңда кош канатын каккылай,
Кудай ырын тирүүлүккө угузуп.
Көктү карап мойнун созуп чакырат,
элге сурап бакыт, байлык, сулуулук.

Жыйнап күчүн болушунча жалбарган,
Көндүм ишин күндө аткарат таң заардан.
Короз үнүн уксаң таңда таң калба!

28.01.2016 –ж. Ош



## Чоку көрөт ойгонсо Күн

**3.**

Тоосун кармайт бу кыргызың,
Тоо таянып тигет үйүн.
Тура калып тоо суусуна
Тилек тилеп чаят жүзүн.

Тагдырына тоо жаратып,
Кыргызды тоо коргондогон.
Чөбүн терип, тамырын жеп,
Каран күндөр кор болбогон...

Тоосу сактап колоттордо,
Ат жетпеген аска- зоосу.
Тоосу катып чокуларга
Далай жеңген кыргыз жоосун.

Тоо кебелбей ачып койнун,
Тосуп алган көп сапардан,
Көздөн учуп эрендердин,.
Тоосун коргоп башын сайган...

Тоосу чеби, өскөн жери
Олуядай кыргызымдын.
Тоо кучактап, тоолор деди
Тоолор жаны бир кызындын.

Чокуларда дүйнө таанып,
Теңир менен сырдашканын
Гөл кыргыздан башка билбейт.
Чоку көрөт ойгонгон Күн.

Мекенимдин жүрөгүндө
Чоку көрөт ойгонсо Күн!

29.01.2016- ж. Ош

**Таң атты жаркыраган!**

4.

Кыш турат сыртта үшүп, калтыраган.
Ак шайы көйнөк кийген, жалтыраган.
Кыялы өзгөрүлмө, кою туман,
Алмашат ач бороонго аркыраган.

Бүт баары уйгу-туйгу бурганактуу,
Жааган кар жерге тийбей кайра учат.
Ызылдап күйүтүнөн сыйбай ичке
Караңгы түндүн бетин улам тытат.

Түпсүздүк көк иримдей түн коюну,
тандабай бир чекеден ороп алган.
Көктөгү жылдыз турмак ай көрүнбөйт.
Жер бетин басып турат түндөй арман.

Чыдамдын чеги жетип, күчөп каары,
Тумчуккан караңгылык, үшүгөн кыш.
Короздор чукуранып кагат канат,
Алсырап түн каракчы, агарат тыш.

Чакырат короз элге жарыкчылык,
Теңирге өз кадырын салып жүрүп.
Сүйлөшөт тээ жетинчи асман менен,
Көз тигип, кош канатын жазып туруп.

Кыш турат сыртта үшүп, калтыраган,
Таң атты, мына да бир жаркыраган!

30.01.2016-ж.



**Күндүн мурду мага тийип...**

"Ар кимдин жери өзүнө Мисир"
*элден*

**5.**

Ары- бери ойлонуп басып жүрүп,
Дүйнө кезип кеттим мен кыял минип.
Караңгылык дүлөй. дудук караңгылык,
Эртеңин бул жашоонун болбойт билип.

Аябаган бир санаа басат чексиз,
Кара карга "карк" эткен кардуу күүгүм.
Жылт-жылт күйгөн чырактар терезеде,
Египетте- Мисирде менин оюм...

Эр Эштектин угамын аңгемесин,
чокусунда турамын, - Пирамида.
"Кыргыз, кыргыз" – чакырган ураандары.
көп жоокердин угулат кулагыма

Түк акканы билинбей Нил дарыя
Кумдар чөлдө эшилет баскан сайын.
Ханзадалар жүргүзүп чоң бийлигин,
Чексиздикте жазуусу - буйрук жайы...

Ат жалында, шам күйгөн кулагында
Кыргыздарга Мисирди ээлеш – буйрук.
Жүрөгүнүн канына боеп туусун,
Кыргыз ыры бул түндү термеп турат.

Пирамида турамын чокусунда,
Айылдагы угамын короз үнүн.
Күндүн мурду, чагылып мага тийип -
Буйруктан да, жарытам таңды бүгүн.

Тинтип жүрөт кыялым кыргыз изин.

30.01.2016-ж.

## Буйруса дейм туу күлүктүн үстүндө

### 6.

Таңдар, таңдар канча пенде энсеген.
Таңга жетип, таңды көрсөм экен дейт.
Акыркы ирмем жүзгө чыккан улуу да.
Сыртка алып чык, жарык көрүп кетем дейт.

Таңдын жели адам жанын жыргаткан.
Дөөлөт- буйрук, таң ырыскы тараткан.
Мергенчидей мээлеп көзү карыккан.
пенде билбейт, келет ажал каяктан.

Кыштын суугун ызгаар шамал күчөтөт.
Буйрук –насип өмүр жолдон үч өтөт!
Оомат келет буйруктуурга оңунан,
Ичи тар жан талашса да тиши өтпөйт.

Таңды тосуу – кудай берген мээрими.
Күн нурунан тоңголоктор ээриди.
Булак ырдап тамчы сууну келтирген.
Буйрук-жашоо,

уланды адам өмүрү.

Бак чуркаган таңдар келет абалтан,
Кармап калуу үч ооматтын бирөөсүн!
Буйруса дейм туу күлүктүн үстүндө,
Колдо, Теңир таянчым да тирөөчүм!

Аябастан нурга бөлө жүзүмдү,
Таңдар чачкан ырыскымды терейин.

30.01.2016-ж



## Байланышчы канаттар бир Кудайга

### 7.

Үн элептир элимдин Обо энеси.,
Жер бетинде агарат кыламык кар.
Таң кылайын келатат сүттөй аппак.
Үч чакырган короздун үнүн уккан.

Каз каркылдап Римге жоо келгенде.
Уйкусунан бүт элди ойготушкан.
Каз кызматын байыркы тарых жазды.
Баскынчыны баатырлар кууп чыгышса...

Канаттуулар калк үчүн жашайт тура,
Көгүчкөндөр кат ташып кан майданга...
Эленген кар күчөдү, басылбады.
Элге ырыскы, суу болот аптап жайда.

Үч кайталап кыйкырган короз үнү.
окшош Мая, Индия, Чоң Алтайда.
Индеецтер башына тизип таккан.
Байланышчы канаттар бир Кудайга.

Бизди апам топуга тигип берген,
Үкү сактап келиптир жаман заттан.
Ыраа көрбөй балага муздак желди.
Кызын кантип коргоонун жолун тапкан.

Бүркүттөрдүн тырмагын кылып тумар.
Уул өстүргөн улуу эл чынар кылып.
Кыргызымды кадимден Көкөтеңир.
Колдой берген тилегин улам угуп.

Короздору бүтүндөй жер шарынын,
Жакшылыкты чакырат эрте туруп.
Күн аткарат өз ишин көзүн тигип!

31.01.2016-ж.

**Кудайдын мээри түшкөн жерим...**

**8.**

Бул Ошто адатым бар күн ойготкон.
Таң атпай Сулайман тоо чокусунда
Чыгышты карайм күнгө кучак жайып.
Ойгонуп ырыс берет кочушума-

Толтура берет бакыт нурун кенен,
Койнума, алаканга, тирүүлүккө.
Ойгонсо адатынча жылмайып Күн,
Айлана күүгө толот, сүйүнүчкө!

А менин бактым чексиз, саламдашам,
Сулайман тоонун башын ээлеп туруп.
Бөлөйт нур касиеттүү чуркап, баскан,
Колдойт тоо зыяратты кабыл кылып.

Кудайдын мээри түшкөн жерим ыйык,
Жашайбыз, жаратканга шүгүрчүлүк.
Агартып көкүрөгүн, ынсап берсе,
билген бар, кесирленбей аны туюп.

Жүрөбүз ойготтук деп таңды тосуп,
Жашоодо мындан өткөн бакыт барбы.
Короздор ага чейин чакырышкан,
Тургун деп, күндүн мурду тийип калды.

Биринчи күндүн мурду тийип мага,
Жүзүмдү сылайт назик, амандашам!

31.01.2016-ж.



**Зактап кеткен жаз түнү**

**9.**

Күңүрт көчө, шамал үнү,
Чапанындан тарткылайт
Зак жыттанган жаздын түнү,
Кыштан арып-чарчаган.

Сенден кабар эскирди да,
Ушул түндөй нымдуу, зак.
Баш- аягы билинбеген,
Түнгүюк түн тунжурайт.

Шамал үнү аймалаган,
Бети-колду, чачымды
Басылбады.
чакырамын,
Көп кайталап атыңды.

Жетпейт үнүм сезимиңе,
ойлоруңду ойготпойт.
Оту жанган каректериң,
мени унуткан, ойлошпойт.

Зактап кеткен жаздын түнү,
Жылыта элек күн нуру.
Эки кулак тикчийген чөп,
уйкусунан турдубу?

Сени издеген каректерим,
Жарык кылды түндү бул!

31.01.2016-ж.

**Жүдөтпөчү,**

**күндө Күндү!**

**10.**

Эптеп жашап жүргөнүңө
Бул турмушка наразысың!
Кейинесиң канча ыйлап,
Өзүңдү өтө аярың чын.

Мааниси эмне бул жашоонун,
Тумандаган оюң кандай!?
Жүдөтөсүң күндө Күндү,
Бул Жарыкты эптей албай.

Наалыйсың да баркын тепсеп -
жүргөнүңө аман – эсен.
колуң бүтүн, көзүң көрөт...
Мунжу, дудук жашайт экен...

Көргөнгө зар, басканга зар,
умтулушат өлбөстүккө.
тилек тилеп, ырдайт ырлар
Ал арманга кулак бүтөт!

Жүрөк тешкен жебе болуп,
тепчийт жумшак сезимдерди!
Алты саны аман адам –
көрдүм андан эзилгенди...

Тооба келтир, шүгүр кылгын,
тегиз турат телегейиң
көйнөк, чапан жана башка
болбос кулак, нуру көздүн.



Жүдөтпөчү,
күндө Күндү!
бул Жарыкты эптей албай.
Али алдыда муздак, түпсүз –
караңгылык турат аңдып.

Кайран мезгил кеткен,
келет,-
муздак, түпсүз караңгылык!!!

31.01.2016-ж.

## Ар башта түндүк түшкөн асманы бар...

"Эр башына күн түшсө,
өтүгү менен суу кечет.
ат башына күн түшсө,
оозду гу менен суу ичет".

*элден*

**11.**

"Кулаалы таптаса эл куш болгон бар,
Бүркүт деп мактагандан мыш болгон бар.
Эсептеп, жылуу сөзүн пулга саткан,
"Таш коюп, кыш койгонго, кыш койгон" бар.

Демитип сан талашкан санда жок бар,
Сөзүнүн ырысы жок, пайда жок бар.
Каккылап булуң-бурчта өзүн мактап,
Дардайып акыр бир күн жардан учкан.

Тырмалап эмгектенген жупуну бар,
Кыйкырбайт тоо томкорсо жупунулар.
Иши жок башка менен тартат жүгүн,
Эмгекчил толот элдин купулуна.

Ар иштин эзелтеден усулу бар,
Мергендин, устанын да тукуму бар.
Үйрөткөн бүт билгенин чүрпөсүнө,
Кесиптин элге айтылбас бир сыры бар.

Чокойду кийүүнүн да ыгы болот,
Чорт бетке айткан сөздүн мыгы болот.
Чакчаңдап эки күндүк кызматына
Карабай минген атын жыгып алат...



Жан тартсаң, акыбетсиз сатканы бар,
Жандоочтон жакшы кийик атканы бар.
Жарыктын баркын билгин жапырылбай!
Күндүн да, Айдын дагы батмагы бар!

Кулаалы, кулаалыгын кылып кээде,
Өтүкчөн суу кечкенде качканы бар.
Дүйнөгө ыйлап келип, ыйлап кетмей,
Ар башта түндүк түшкөн асманы бар!

31.01.2016-ж.

**Бүркүттөр бузбайт - эрөөл эрежеси**

Ортодо тебишти го эки бүркүт,
аянбай бир-бирине урду сокку.
Чокушту, канаттары калдайса да,
Алсырап баратканы учуп кетти...

Шоңшойгон бир нечеси бүркүттөрдүн,
Турушту кийлигишпей,
кетпей таштап.
Жабылып тебишпеди жалгыз бирин,
Ереже бузуп бирөө болбоду акмак.

Жеңилип,
жетпей күчү, билип өзүн,
Бар күчүн жыйнап учту көккө карап.
Артынан куугун салып, өлтүрбөдү,
Майданда ороп турган жеңген тарап.

Бүркүттөр – бузбай эрөөл эрежесин,
Жекеме-жеке – майдан, тебишүүдө.
Эзелки салт сактаган мырзалардай,
Адамга үлгү болуп беришүүдө.

Бул шартты түшүнгөн бар,
түшүнбөгөн,
Жабылып бир алсызды тепкилешет.
Бирөөгө запкы берсе алабарман,
"Атаман", "черный" болуп кетти"- дешет.

Бүркүттөй болмок кайда, майдаларда?!
Калыстык орнойт дайым каада барда!

31.01.2016-ж. Ош ш.



## Жүрөк – күзгү

түрмөк

**Деңиз да мен ырдаган ырды ырдайт**

**1.**

Тумчуккан тереңдиктей белгисиздик,
Жүрөгүм дүпүрөгөн болот күлүк.
Май курут ысык сууга эзилгендей,
Жешилип бүтмөй болду максат -үмүт.

Оо,сенин демиң муздак кар шамалы,
Жетпесең, кантип жашап кетмек элең.
Көөдөнгө батпай турган таш дүйнөнү,
Боорукер, жашык жансың–кантмек элең.

Деңизден мага кабар берилгендей,
Кеменин карааны али байкалбады.
Маякты улам жагып, кел берилеп,
Маякчы угуттуу кеп айта албады.

Айланган көк дөбөттөй жээкти бойлоп,
Сар-санаа кыйма-чийме кетти тынчы.
Суранам жүрөгүмдөн, учкул ойдон –
"Бир кабар болуп калаар,
сабыр кылчы!"

Бул сапар кыйла чүнчүп күтүү - мерген.
Мээлеген мерчем жерден акмалаган
Ликчийип көз тешиле тартпайт жебе,
Бутага дал тийбеген бакты – кадам.

Канчалык эскирди дейм, издөө сени,
Бир кылым өтсө дагы жолдор кыйгач.
Өчпөгөн сезим жаңы,
эскирбеди!
мен курган күтүү сарай
жандан кымбат.

Толкуну ээ-жаа бербей көктү апчып,
Деңиз да мен ырдаган ырды ырдайт.

31.01.2016-ж.



**Дүйнөнү кезген шамалым**

**2.**

Деңиздин ыры,
кайрыгы менин ырымдын,
Тынчыбай улам
толкундар жээкке жүгүргөн.
Олтурам жээкте,
шамалы менен сырымды
бөлүшүп сыздап,
кете албай үйгө бүгүн мен.

Олтурам ээлеп чоң ташты,
мына Фин булуң,
Ак таңды тостум,
күн чыкты андан кылайып.
Көрүнбөйт экен
кыйыры жээктин, көрүнбөйт,
Ак кайың жалгыз
шуудурайт желге муңайып.

Жиберем кабар
шамалдан мени үшүткөн,
Гүлдөрдү үйлөп,
толкунду чымчып тынбаган.
Жетеби күтөм,
кайрылып келип айтабы?
Армандуу сени
жамгыр, кар болуп ыйлаган.

Боройлоп жааган
кар бекен сенин кабарың,
Кыйкырып үнүм карыккан,
алыс адамым.
Кайыгып суукта,
мезгилди турам тутамдап,
Жылт эткен үмүт
билесиң жанга жагаарын.

Деңиз да мендей,
ойлорум менин деңиздей,
Асмандын чеги,
түпкүрү суунун белгисиз.
Канаттуу жашайм,
чалкыган сүйүү кучактап,
Ааламга толо
Бакты бу жанга бергисиз.

Деңизим менин,
дүйнөнү кезген шамалым,
Мен кайда жүрсөм
калтырбайт азга караанын.
Бурганак, бороон,
туңгуюк жолдо коштогон,
Жолукпай кетпейм,
жарыткан жолду Маягым!

31.01.2016-ж.



**Мелмилдеген көк мейкиндик**

**3.**
Деңиз жоошуп, зыркыраган шамал жок,
Күн ачылып, сүрүлүптүр булуттар.
Мелмилдеген көк мейкиндик,
сырдашым,
Жан кейиткен кусалыкты унуткар.

Азга-азга алаксыйын жан жыргап,
Унутайын сагынычты саргайган.
Кутулайын бир ирмемге
армандан,
Бул дүйнөдө кубаттанып карманган.

Бошотоюн чыңап тарткан тизгинди,
Буурул күлүк черин жазып учканга.
Жазылсынчы тарып турган гүл дүйнө,
Бир жалгыздык чоң таймашта утканга.

Эс алайын чалкып жаткан деңиздей,
Күнүн, айын жай калкыткан асманым.
Бир жеңиштин, даамы балдай ирмемди,
Майрамдасын,
сайрандасын жаш жаным.

Жан тең келбес, зор жалгыздык жүрүш бар,
Деңиз жоошуп,
зыркыраган шамал шок
Бүгүн уктап, сүрүлүптүр булуттар!..

31.01.2016-ж.

**Түндөрдүн көзөйт жүрөгүн...**

**4.**
Тобокел кылам моюну кылдай күлүктү.
Көтөрүп жүргөн сүйүүгө толгон дүйнөнү!
Тобокел кылам – өмүрдү канжар мизинде,
От болуп күйгөн эриндер алсыз сүйлөөгө.

Тандырган эстен не деген куса, эңсөө бар,
ойлогон сайын карайлап акыл жетпеген.
Бийлеген максат чимирик атып ийиктей,
Жактырган адам оюмдан чыгып кетпеген.

Фин булуң, тиги Суу Пери сунган канатын,
Балтика анын көзүнөн учат зарлатып.
Чыгарып ташка, айрылтып аны деңизден,
Айлантып чынжыр коюшкан бекем байлашып.

Моряктар текши корабль менен кыйраган,
Энелер боздоп, жоктогон тура балдарын...
Суу Пери каскак болду деп, аны кыйнаган,
Калайык кармап калтырды жылдар байлануу...

Жеткирбей бизди тобокел кылган мезгилдер,
Согуптур мындай көтөргүс болот чынжырды.
Умтулган сайын кайчы өтүп чатыш жолдордо,
Күлүктүн оозун койберип,
кармайм чылбырды.

Тобокел кылам жолдордо жай, кыш ээндикте,
Жүрөгүн көзөйт түндөрдүн поезд, самолет.
Тобокел кылам, сапардын татаал, жеңилин
аянбай бастым ааламдын жолун тегерек.



Тандырган эстен не деген куса, эңсөө бар!
Тизгинин тартпай буудандын оозун кое бер.
Тобокел кылып чыктыңбы деңиз тарапка,
Күтөмүн жээкте,
кечикпей, эрте келе гөр!

1.02.2016-ж.

**Туздуу суу болуп күйгөнүм...**

**5.**

Учугу бүтпөс жолдордо,
Үзүлүп түшөм сени деп.
Ичкен аш калат үстөлдө,
Эч нерсе көзгө көрүнбөйт.

Барчындай көктө айланган,
Ойлорум сага байланган.
Миңдеген кабат үй болмок,
Сагыныч аттуу армандан...

Ой жүрөт жаны тынч албай,
Заматта тинтип дүйнөнү.
Эсепсиз деңиз жаралган,
Туздуу суу болуп күйгөнүм...

Күйөм да, ичтен эзилем,
Бактыга марып чени жок.
Көрө албай көк бет убакыт,
Ичи тар күндөш сезилет.

Кайылмын тынбай учканга,
Кезигүү - үмүт, дем берип.
Жылдызым жайнайт бир саамга,
Жолуксак эгер сен келип!

01.02.2016-ж.



**Сууну чачсам**
**колдон учат берметтей**

**6.**

Мен келтирген мезгил учкул, тилек бар.
Кыздар гана кыялында кармаган.
Сууну чачсам колдон учат берметтей,
Учкундары музыканын арбаган.

Кайдан сүзүп келди тынчтык билинбей,
Ачык күндө албайт бороон тынчымды.
Ачуулантып тийбейт деңиз бетине,
Кудай берди Бактыбызга бир күндү!

Мамыр-жумур ыр талаасы жапжашыл,
Кызыл гүлдөр жапырылбай жыты аңкыйт.
Табияттын белегине шүгүр дейм,
Калдык сууктан чар тарап да,
мен жалкып.

Жалкып калган дарак-ташы, чардагы,
Кыш карышып кармайт
жазды суук колдо.
Ырдап, бийлеп табынат күн табына,
Алкыштары учат бийик.
Күн жолдо!

Ачуусуна тийбей зылдай тынчтыктын,
Деңизди угуп, өзүңдү ойлоп өттү күн!

3.02.2016-ж.

## Деңиздин нымдуу күүсү

**7.**

Деңиздин нымдуу күүсү суктандырат,
Калдайган камгак болуп учат жаштык.
Кармалбас кайдан келди бул сүйүнүч.
Кыялдай жарым кылым сүйүү бактык.

Жылмайып кыш этеги түрүлгөн кез,
Дарактын жашыл суусу жүгүргөн кез.
Толкутуп улам-улам жүрөгүмдү,
Бир сырдуу купуя оюң билинген кез.

Жашыган кыш алыстайт, жылмайса да,
Жеткирип сагынчыңды сен тараптан.
Буурул түн, Таллин жарык баягыдай,
Жаңырат үндөр айнек сындуу аппак.

Жылаажын болуп үнүң коңгуроодой,
Бакытка балкыйм ошол сагынчыңан.
Жүрөккө жеткен бул күү оң буроодой,
Сүйүүнүн ырахатын татып турам.

Деңиздин нымдуу күүсү мурас жазга,
Жараатка дабаа - айнек үнүң азга.
Толгонуп, сенсиз азап тартсам дагы,
Кусанын кудурети колдойт жазда.

Жеткирип сагынчыңды сен тараптан!
Шыңгырак айнек үндө баары ачык,
Көрүнүп турат мага алаканда.

03.02.2016-ж.



## Жашоом ушул таш керткендей...

**8.**

Ал таштар майдандагы,
жолго тизген,
кызыл, ак кыналган кыш баягыдай.
Колдору шылынса бул ташты кесип,
Жаңында болдубу жар аягыдай?!

Тыкылдап такам чертет эски күүнү,
Эмгекчил эрлер баатыр, эрлер кыйын.
Эмнеге бакыт бердиң мага мындай?!
Эмнеге аны ырдайм бүткөнчө үнүм?

Келатам эски шаарда, таш дубалдар,
Эндери бир жарым кез, кандай эмгек!!
Менин да жашоом ушул таш керткендей,
канталап – колум, көзүм,
жүрөк тердеп...

Дүпүрөп сай күлүктөр жарышкандай,
Атыңды эстөө өзү азап мага.
Мурунку жашоомдо бир өчү калган –
Теңирдин сыноосу бейм издөө, санаа!

Мен пилдей көтөрүнүп чоң түйшүктү,
Миң кайтып кетсем, кайра сага барам!

03.02.2016-ж.

**Учуна жетпей койдум узун ойдун...**

**9.**
Уксаң ук, укпасаң кой дегим келет,
Буулугуп көк деңиздей турам толкуп.
Кемени күттүм, күттүм пристанда.
Ырымга оң бут таштап, анан сол бут...

Ал деле бекер экен, иштебеди...
Кемеде баратамын, чек көрүнбөйт.
Каныма сиңип кеткен заар сыяктуу,
Бул ууну ичтим экен качан билбей?!

Мас болуп жаштыгыма текебердүү,
Кармабай калгам ошол ооматымды.
Өзүң да бош экенсиң, жалтактаган,
Койберген колуңдагы
зор бактыңды.

Мезгилдер учкан менен, тилек бирөө,
Сен мени ойлооруңа күмөндөнөм.
Өзүмдөй март, баатырды таппайсың го!
Өмүрүм тобокел,
сыр түмөндөгөн.

Өзүмдөй март, баатырды таба албайсың,
Жар салып ачык айтам сүйөөрүмдү!
Боорукер адам жашык,
билесиң да!..
Сарптадым, Сен деп кымбат бир өмүрдү!

Мен го, мен боздоп жазам боз тайлактай,
Маанисин билесиңби бир сап ырдын?!
Учуна жетпей койдум узун ойдун,
Билбесең, гүл өмүрдү бекер кылдым!

Билбесең, гүл өмүрдү бекер кылдым!

03.02.2016-ж.



**Уйкулуу толкун.....**

**10.**
Түңүлбөй күтөм, түрүлгөн деңиз жээгинде.
Түргөндөй жыйнап дүйнөнүн калы килемин.
Кубатка толот, азайбай сүйүү күчөгөн.
Толкундар тынбай жоолугуп өбөт бир-бирин.

Жашабайт жээксиз сан кылым кайык-кемелер,
Пристань керек якорун таштап турууга.
Толкундар жээкте түгөйүн табат жай алат.
Максатка жетип, магдырап жаткан сулуудай.

Жээкти эңсейт кеме, карабай жылдын мезгилин,
Уйкулуу толкун үшкүрөт үшүп, муздаган.
Дем алат онтоп аптаптуу чөлдө жүргөндөй.
Алтын-зер көзгө бир тамчы сууча турбаган.

Деңизди түргөн, тоо болуп жээкке жеткенче,
Сагыныч, Куса вулкандай көктү каптаган.
Бул сүйүү сендик, бул сүйүү мендик –
Кудайдан,
Коротпой тамчы жолугуу үчүн сактаган.

Жараткан сага, эсепсиз болсун алкыштар,
Пендени мендей, өзгөчө сүйүп жараткан.
Бар болсо бирөө, ошол мен дербиш-сүйүүмүн,
Бактымды бердиң, кыйырсыз деңиз тараптан!

Түңүлбөй күтөм, тиштенип бекем эркимди,
Күн болуп келер, перрондо элди караткан!
Баарына кайыл олтурам,
Күтүү жээгимин!
Сыбызгыйт бир күү тынчтыкты тилип, тажатма!
Тажатма бир күү сыздатты тилип тынчтыкты!!!

5.02.2016-ж.

**Алы жок булбулдун да сайрагыдай**

**11.**
Моряктар сагынгандай куттуу жээкти,
Сен балким, батпай турсуң деңизиңе!
Буурул түн, аппак таңдар, жарык кечти,
Кайтаруу менин ишим.
негизинде!

Башка эмне жумуш кылам маңызы жок,
Бүт дүйнө бир Күтүүдөн турган мезгил!
Энедей батыштагы уулун күткөн,
Атадай көктөй бийик ойду кезген.

Улгайган ай кыдырып адатындай,
ааламды тескеп келди тегеренген.
Тереңдик караңгыга зылдай толгон.
Адашат бир нур анда келе берген.

Адашат билбей кайда токтойт, билбейт!
Бир жарык сен салыстан жибергендей.
Сезимди кытыгылайт, же чоң күйбөйт.
Үн катпай турат назик жашыл дүйнө!

Айнектен деңиздин ак көбүктөрү,
Казанда бышкан сүттүн каймагындай.
Чатырдан учпайт азыр көгүчкөнү,
Бул түндүн жиби барбы байлагыдай...

Асманга учуу дагы мүмкүн эмес,
Чакырып таңды,
өзгөчө айла кылбай.
Чарчаткан төө бастысы сагынычтын,
Алы жок булбулдун да сайрагыдай.

Бир жолун таба көрчү, алда Кудай!

9.02.2016-ж.



**Эң тереңге чөктүрсөм**
**дейм Сагынчты**

**12.**
Балыкчылар кайтып келди деңизден,
Уусу жүрүп,
ала салган толкундар
апчыса да чылгый сууда чыныгып.
Балык уулоо байыртадан чоң кумар.

Торду жайып, балыкты ага айдаган,
Кыйындар бар жанын тишке кармаган.
Толкун тепсе сапырылган деңизди
Оолдуктаган адам баатыр ар заман.

Ээ-жаа бербей сени күткөн сагыныч,
Бир чанактын болуп бир тал пахтасы,
билинбеймин арасында топ элдин,
Ой-санаалар айыл көздөй качпачы!

Күтүрөгөн турмуш көбүн байлаган,
агылган эл бирөө менен иши жок.
Балыкчысы балык жыттуу үйүнө...
Деңиз канттн ойлоп койгон киши жок.

Ой жылмышып, күн жылмышып балыктай
Колго кирбей учуп өтүп баратат.
Эң тереңге чөктүрсөм дейм Сагынчты!
Көңүлүмдү жанчып, жанчып таң атат.

Эң тереңге чөктүрсөм дейм Сагынчты!

16.02.16-ж.

**Мындай тагдыр баарына**
**берип койбойт!**

**13.**

Бүгүн дагы эртелеп жээкке бардым.
Кучагына кириндим аткан таңдын.
Тыңчыларын деңиздин падышасы.
Мени аңдытып коюптур.
байкап калдым.

Суу периси көрүнбөйт арбап турган,
Бир башкача шыбырайт тентек шамал.
Чабак издеп ойгонду чардак курган.
Гөр оокатка чалгыткан митаам заман.

Кийлигишпе деңиздин падышасы!
Түшүнбөйсүң мен тарткан азабымды.
Мындай тагдыр баарына берип койбойт!
Калыс Кудай тең жарган кара кылды!

Күрөшкөнгө жетет деп күч-кубаты.
Тандап туруп жазган да маңдайыма.
Алтын сарай ыр-күүгө бирөө кумар,
Мен ыраазы сүйүү-бак алганыма.

Кыйма-чийме чатышкан жолдор бизди.
Убагында жеткирбей, кармады да.
Оңдоймун деп оңдолбос жазууларды.
Пешенеден өчүрүп албагыла.

Киришпечи Пасейдон[3], деңиз сендик,
Чексиз алкыш, аракет - жардамыңа!

16.02.16-ж.

[3] Пасейдон – деңиз кудайы.



**Алтын балык түшүнгүн ушунчама**

**14.**

Бул күндөрү деңизден көп чакырдым,
Чыга койгон жери жок алтын балык.
Балыкчыдан сурадым торун жайган,
Таш үстүндө олтурган, өзү улгайып.

Бириндеген сакалы, көзү шоро,
Башын чайкайт "Өмүрү көрбөдүм-" деп.
Көп жалбардым деңиздин кудайына,
Дилде баккан купуя тилек тилеп.

Көкүрөккө батырып Сен- Кусаны!
Эрдик менен көтөрөм турмуш зарпын.
Алтын балык түшүнгүн ушунчама,
Сынык тепшиң өзүңдөн ашпай калсын.

Балыкчынын жомогу Пушкин билген.
Биле элекмин бу күндө чынбы, калпын?
Жолуктурчу зарылтып күткөн жанга,
Байлыгын да,
бийлигин Кудай алсын!

Жолуктурчу зарылтып күткөн жанга,
Алтын балык, ырастан болсоң алтын!

16.02.16-ж.

**Эски деңиз сыры көп...**

**15.**

Эски деңиз Балтиканын сыры көп,
Күүлөп жанын, жээкке жетип тирилет.
Жаалы келсе, аны көргөн адамдар
Кораблде кара жандан түңүлөт.

Мажирөөгө, коркокторго жай эмес,
Алдуулардын сынайт өтө күчтүүсүн.
Бугуп жатып, түпсүз терең түбүндө,
Көктү чапчып чыгарат ич күптүсүн!

Аябайт да,
өзү өмүрү аянбайт!
Толкун тили, ажал тили жалаңдайт!
Карап турсам. коздугун айт тим эле
Сай күүлүктөй,
толкун буурул тарамды айт!

Биз экөөбүз жемдеп, суулап таптаган,
Албан сүйүү бул кылымда жаралбайт!
Уч-кыйырсыз, көз жетпеген мунарык,
Жоолукмайын, арман күчөйт,
азайбайт!
Жоолукмайын арман күчөйт!
Азайбайт!

16.02.16-ж.



**Ал күндөр артта калат секин, аста**

**16.**
Кан жолдор дүйнө кезет салаалаган,
Мекенсиз бүркүт болбойт, талаалаган.
Аргасыз кетсе тентип бөтөн жерге
Көз жашын салаа-салаа төгөт арман.

Армандын чеги болбойт кум талаадай.
Армандын чеги – чексиз Океандай.
Суктанган марттын иши терендикке,
Акылман бабасынан сабак алган.

Жетпеген тууган жерге бүркүт үнүн,
Желаргы жети асманга жеткирет да.
Эгемдин боору ачыса буйрук болуп,
Ал күндөр артта калат секин, аста.

Сен мага умтулганың ырас бекен,
Чын дилден айткан тилек болот кабыл-
дечи эле чоң атам да, чоң энем да.
Тезирээк жолугушум өтө зарыл!

Олтурам кеме термейт болуп бешик,
Каюта билинбеген чыгыш - батыш.
чаалыккан кезим менин таарынычтан,
насип да, өлкөлөрдө көп жол басып.

Таарыныч кара булут каптагандай,
Мен турган дүйнөнү бүт ороп алган.
Бүркүттүн арманы да биз сагынган
күндөрдө тээ алыскы жерде калган!

Чаалыккан таарынычтан кезим менин!

17.02.16- ж.

## Деңиз бойлоп ой баккан мезгилимде

**17.**

Эстон достор “чөптөн төмөн, суудан тынч”
Жашайт экен өтө сыпаа, жанга жай.
Кылдат карап көңүлүнө коноктун,
Кийлигишип, сурамжылап кыйнабай.

Күлүп турат, кабак-кашты эске алып,
Маданият туу чокусу салтта бар.
Ыр талаасы миңдеген жан жыйналып,
Ырдайт баары: улуу-кичүү, аталар.

Буурул түндө деңиз бойлоп ой баккан,
Мезгилимде караан коштоп, бир баскан
Жоктотподу курбум сенин ордуңду,
Канат күүлөп,
тааныш ырды ырдашкан.

Эс алганым, жер тааныган эп дечи,
Үнсүз ичтен таазим кылам баш ийип
Ыйык жердин ээси болот, кетпечүү,
Байкабасам калат балким өкүнүп...

Чын ыкылас, сурап коем кечирим,
Билип-билбей менден кетсе чекилик.
Тийбесе экен залакасы жолуңа,
“Жолун ач”-деп тилейм улам өтүнүп!

Келип калчы, болсо деле кечигип!

18.02.16-ж.



## Бийлегин эрке толкун уйкуну ээлеп

**18.**

Уйкуда түштөр көрөт адам дешет,
Ал кабар, алдын ала аян дешет.
Түшүмө кирсе экен деп эчен ирет,
Өзүңдү эстей берип айлам кетет.

Уйкум да көгүш-кызгылт туман менен,
Кайдадыр шаар аралап жөнөдү жөө.
эринип, жай түрүлгөн толкун кайбар,
Уйкумду ташыркатпай жөлөгүлө!

Назик күү, ыр кайрыгы жээкте угулат,
Ыргагы күүлөгөндөй жел бешикти.
Бийлегин жумшак толкун уйкуну ээлеп,
Сүйүүнүн от - жалындай каалоосу ушу!

Түшүмө кирбей койду эңсегеним,
Ойт берип оттой буурул түндөр сайын.
Пасейдон тоңдургандай жаным ооруйт,
Алоого кармагандай денем жалын!

Бийлегин эрке толкун уйкуну ээлеп,
Түшүмө кирбей турат арзыганым!

18.02.16-ж.

**Шамал бийлик жүргүзмөкчү**

**19.**

Сыркоолоп калдым бүгүн, төшөк тартып,
(Кай тилде сүйлөсө да, достор артык)!
Саргайган сагынычтын тарап уусу,
Денемди кескилеген, койгон жанчып.

Уйку жөө туманды ээрчип, келбей калды.
Мен билген жомок:
Деңиз падышасы,
саткындар уу беришип, аалам салды.
Мураскор
шамал – Кудай бийге барды...

Тополоң түшүп сарай кызматчылар,
Кээ бирөө сак-сактанып ысык жанды.
Ордодо кутумчулар жети баштуу,
Кузгундай шимшип жүрөт айла-амалды.

Ышкырып шамал бийлик жүргүзмөкчү,
Ээлеген тегиз тескеп жерди, сууну.
Деңизди бир оодарып, тазалайт ал,
жактырбайт суу түбүндө ызы-чууну...

Жомокто болот баары ойдогудай.
А менин оорубаган соо жерим жок.
Бу күндөр, сайга батпай ташып аккан
Эртеге көбүк болуп өчпөсө дейм!

Бу күндүн,
өчпөсө экен эртең изи!

18.02.16-ж.



**Өксөөсү арылбаган**
**күйүт – дайра!**

**20.**

Кайгырып олтургандан эмне пайда?!
Болбосо жолугууга эч бир арга!
Айрылуу деген сөздүн өзү жаман,
Марттыкпы,
Учуп жетүү тирүү жанга!

Кемпайлык,
барк билбесе,
Кадырыңды!
Какшанып күткөнүңдү!
Азырыңды!!
Жөн эле кусалыкка басындырып,
жөн эле сурабаса?!
Ажырым бу!

Жарылбай,
кара түндөй түнттүгүнөн,
Сагынбай,
өтө күтүп, өтө ойлоп!
Тирүүлөй аза күткөн тулдай, аны!
Жөн эле жолуктурбай койсо болмок!

Жол карап олтургандан эмне пайда?!
Кымбатын,
сени күткөн адам барын
байкабай, дөдөйлөнүп жүрсө анда!
Күкүртсүз күйүп кетет
пилдей жаның!

Билбесе, күйгөндүгүн кокүрөгүң
Өксөөсү арылбаган күйүт – дайра!
Зарыккан жанды ойлобой карааныңа,
Күл болсоң,
сезбес жандан эмне пайда!!

Жашамыш болгонунан эмне пайда!
Издешпей, күтсөң, күтпөй жүрсө анда!
Кудайым мындай таш боор, дөөнөрөстөн
Колуңдан келсе,
мени алыс карма!!!

Жаралган жалгыз өмүр бактысы да,
Издешүү, күтүү, сагынч,
тирүү жанга!
. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .
Ызадан өтө сөгүп жаным калды!..

21.02.16-ж.



**Шоктук өттү...**

**21.**

Гуткундарды желкелеген желдеттей,
Сагынычтар, кусалык да, армандар
Калсын артта этегиме эрмешпей!
Тынчтык гүлдөйт,
шамал жатып калганга.

Шамал жаткан, ырп этерге алы жок,
Шимшилебей коюн- кончту тайгандай.
Деңиз бети палубада карасам,
Камыр кесип,
апам күнгө жайгандай--

Майда толкун агыш,
а мен кыялдуу
Ойлодуңбу кичине эле, аз гана.
Шоктук өттү,
жашырып не – алысым!
Азоо аттай туйлаган кез, ал заман!

Буркулдаган ырдай албай бороон да,
Туман кармап күйгөн кызыл жалындай.
Турган кези толуп ичте айрылуу
Чырылдаган чыдам сансыз жарылбай.

Айтмак элек ал тууралуу – алысым,
Чогуу олтуруп палубанын четинде.
Сырдашуубуз түштөрүңдө калбасын,
Ал күндөр бүт, унутулса,
кечирбейм!

Биз айрылган күндөр сансыз – алысым,
Түштөрүңдөй унутулса,
кечирбейм!

23.02.16- ж.

## Аялдык бакты

**22.**

Аялдын жасалгасы баа жетпеген,
брилиант, алмазынан өйдө турган
Аялдык бакты!
Анда коштошуу жок,
Чагылган,
күн күркүрөп төгөт нурдан.

Аялдын баары эле жар болсо дейт,
Туу чоку, тар кыяда бар болсо дейт.
Жанында эптеп калпак кийип жүргөн,
Эл көрсүн –
ээрчиткенге жан болсо дейт.

Өздөрү өктөм,
күчтүү,
билермандар,..
Адамдык сыноодон көп сыналгандар...
Деңизди батырып бир каютага,
ичинен өмүр сайып,
сүйө алган бар!

Андыктан эске түшөт бир аңгеме:
Айланып бир аксакал карыяга
Теңирим эл кыдырып жүргөн дешет.
Колунда аса таяк кармаганы,
Ким кантип күн көргөнүн билген дешет.

Келатса көчө бойлоп бир күн аста,
Көбүрөөк эл жашаган калаа жакка.
Аштыгы айдалуу, аз буудай кууруп,
бир аял талкан тартат жаргылчакта.



Жармасы бышкан, өзү эрте туруп,
Короосу таза,
баары жай-жайында
Балдарын кирпигине кир жугузбай
багыптыр.
Теңир буга таң калды да!.

"Тирликке чыйрак экен, ишин билген.
Бул аял муктаж эмес жардамыма! "--
деп айтып жол улады андан ары,
бармакчы турган элдин калганына...

Келатса бир жаш аял албаң-далбаң
жүдөгөн, бир этегин түйүп алган.
чачы да өрүлбөй, үй чак-челекей,
өзөндөп олтурат дейт, ачка калган...

"Бактыны башы бакмат, буту токмок
байкушка берем!"- деген тура анда.
Ал кезден ушул лакап элде калган.
Баксын деп,
аялга эр бере салган.

Эгемден эч нерсени сурабадым,
Не кылам, ансыз эле билет баарын.
Колдоосун сезип турам өзүм дагы,
Рахмат түшүнгөнү,
чарчайт алым!

Аялдын жасалгасы баа жетпеген,
Аялдык бактысы ал,
Алмашпаймын!

23.02.16-ж.

**Жалгыз Күн – жолоочудан сурадыңбы!?**

**23.**

Эскирген көйнөк болуп кечээги күн,
Таң атат жаңы кийип жаркылдаган.
Бошошот тартынчаак кез мурду тердеп,
Текебер баш көтөрөт тартынбаган.

Ичинде миң кайтарып кайталаган,
Тартынып, айтпай сырды убагында.
Калдык биз эки учунда келеп жиптин,
Чирене кербезденип турабыз да.

Ортодо чаар жыландай сойлоп мезгил,
Постунун жаз, күз таштап өзгөрүүдө.
Канчалык кучак жаям ойлорумда,
Сыр бербейм, мени кайра көргөнүндө.

Тартынчаак – текебердик бир тууганбы,
Талкалап бүтмөй болду сүйүү - зарды.
Шерденип каттар учат көгүчкөндөй,
Тоскону жөнөйм тагып шуруларды.

Элестейм турганыңды мукактанып,
Сүрдөткөн деңиз – сүйүү сынагында.
Жээк менен деңиз кантип жолугаарын,
Жалгыз Күн – жолоочудан сурадыңбы!?

Кемелим келип турат, Күн жетелеп,
Күн санап, күтүп келээр убагынды!

20.02.2016-ж.



**Айлана жан эргиткен ырга толду**

24.

Күн кетти тийип турган, өкүнүч кет!
Күзгүдөй чагылтасың өткөндөрдү.
Чөйрөмдү ээлебегин өкүнүч көп,
Сүйүнчкө калтырбайсың укум жерди.

Шаттанып келдим бүгүн достор менен,
Кырына келтирип бүт аскияны!
Күлкүлөр жылдыз жанган учту асманга,
Каткырсак санаа, арман качты баары!

Айлана жаркылдаган нурга толду,
Мээримге, жан эргиткен ырга толду.
Тазарып көкүрөктөр, ачык маанай,
Тазарттык шаар – деңизди, оңду – солду.

Биз бүгүн ачып кенен терезе - эшик,
Чыгарып салдык минор күүнү сыртка.
Каптагы курч тамаша оозун чечип,
Ойноду ортодо сөз шайыр, уста!

Көңүлдү күлкү менен дарыладык,
Өмүрдүн түштүгүнө минип күлүк.
Ээледик мейкиндикти бир өзүбүз,
Күлкүдөн канат байлап, учуп жүрүп.

Жеткендир сага деле ушул маанай,
Теңирим насип кылган Сүйүү-Таалай!

20.02.16 – ж.

**Көзүңдү көрөйүнчү...**

**25.**

Көзүңдү ала качпа, көрөйүнчү!
Сүйүүнүн чөгөрүлгөн тереңдигин.
Туңгуюк үнсүз турган, кыйкырса да
жообу жок, унчукпаган кереңдиги.

Көзүңдү ала качпа, карайынчы!
Тагдырым көрүнөт го өзүм болуп.
Чарчаган кирпиктерим тааный албайт.
Сендеги сагынычты кармай коюп.

Көзүңдү ала качпа, барайынчы!
Кыдырып жаштык деген айылдарга.
Ирмемге биздин кырды табайынчы.
Кайрылбас, калган өткөн замандарда...

Көзүңдү ала качпа, сурайынчы!
Сага да жазылганбы мендей тагдыр?
Түпкүрдөн кусалыкты угайынчы,
Сүйүүнү көкөлөткөн кубат бар бир.

Көзүңдү көрөйүнчү, ала качпа!
Тагдырдын көзү сенде, ыры менде!
Теңирим, махабатка аралашпа,
Рахмат туш келгенге ушул пенде!

Көзүмдү алгандан да коркуп турам,
Жашоонун туу чокусу,
бир ирмемде!
Жоготуп албайын деп!

5.03.2016-ж.



**Айрылуу ажыдаарын туйбаганбыз**

**26.**
Эч эле иштегим жок калем кармап,
Эч эле олтургум жок бул столго.
Саан уйдай сырымды саайт бул калем сап,
Сыздатып жүрөгүмдү берет колго!

Сезимим ойдон кетпес армандардан,
Түндөрдү көп терметип, жалкып калды.
Терезе, караңгыны шыкаалаган,
Кыялды далай ирет ага алпарды...

Олтурсам бул столго кайдан-жайдан,
Кырында тургандайбыз бийик жардын.
Жаштыктын колун кармап, оттон кайтпас.
Ширелип ал мезгилди боюма алдым.

Биригип учуп жылдар катмарына,
Чыгабыз тээ жетинчи асманына.
Барган го оңой дечи, келбейт жаштык!
Кыроодой кышын сүртүп чачтарыма.

Оо, анан айрыла албай кыйнап жанды,
Кумарлуу күндөр келип столума
Эсимди эки кылат, булбулдарды
сайратып экөөбүзгө, "укчу, мына!"

Бул кагаз, бул калемим сырданабыз,
Далай ыр столумда ырдаганбыз.
Кынтыксыз жасалгалуу күтүү сарай,
Жолугуу мунарасын курбаганбыз.

Айрылуу ажыдаары аңдып турса,
Коргонмок турсун, аны туйбаганбыз...
Оо анан,Чоң Казаттай кыйраганбыз,
Айрылуу ажыдаарын туйбаганбыз!

05.03.16-ж.

**Чыйралтып жанды сүйүүң...**

**27.**

Айрылдык деген сөздү түшүнбөймүн,
Кете албайт, жүрөт жанда дайым бирге.
Сын таккан дөдөйлөргө түкүрбөймүн,
Кан-жанга сиңип калган, ырдайт дилде.

Айрылдык! көздөрүңдү баклай турам,
Чоң Сепил кыйраганын айтпай турам.
Сыртымдан мендей жыргап жүргөн жан жок.
Сезимди каптайт сендик ойлор улам.

Көөдөндү кайкалатып кадамдаймын,
Тептегиз телегейи адамдаймын!
Ичиме толгон сендик арман – дайра.
Башкага бошоп андан бара албаймын!

Айрылуу өзү кандай айтып койчу.
Алдыман жолукчудай алаңдаймын!
Кечеде, оюн-зоокто, тойлордо да,
Өзүңсүз жалгыз – жарым кала албаймын!

Жанымда жылуу колуң кошток кармайт.
Кулакка сиңген шыбыр улам арбайт.
Ирмемге оттой демиң кетпей, чогуу
Чыйралтып жанды, таяныч мени кармайт.

Чыйралтып жанды, сүйүүң мени кармайт.
Айрылдык деген сөздү түшүнбөймүн.
Сын таккан түркөйлөргө түкүрбөймүн.
Тептегиз телегейи, Бүтүндөймүн!

06.03.16-ж.



**Күтчү мени сагыныч!**

**28.**

Канча күтүп түндөр сайын сурандым,
Барайынчы конок болуп түшүңө.
Олтуралы санаа багып экөөбүз,
Аянбастан күтчү мени, кичине!

Күтчү мени, эбегейсиз сагыныч!
Мен жетейин, жазып турсун кучагын.
Сүкүт салып, сүйлөштүрбөй таарыныч,
Сени күтүп, жылды кесип учайын!

Түштөрүңдө болоюнчу коногуң,
Үлгүрөлү, ызгаар добул келгенче.
Сен каласың түштө, сырдуу жомогум,
Мен да калам, аң уулаган мергенче!

Ойгонобуз эсте болот ал мезгил,
Ызгаар кыштын бурганагын тоготпойт.
Бийиктейбиз, алтын, күмүш канаттуу
Айың гепти, сагыныч – түш жолотпойт!

Күтчү мени, эбегейсиз сагыныч!
Аянбастан күтчү мени! Күткүн ээ!!

06.03.16-ж.

**Теменем бүтүн турат**

**29.**

Телегейи тептегиз, бүтүндөймүн,
Келээриңди билбесем, күтүнбөймүн.
"Пайгамбардын тузу кем болуптур"- дейт
Бир кемчилик бар болсо кичирбеймин!

Даңканы учкан Ак Кула күлүктөймүн,
Канат жазып Манастай коргойм аны.
Жеткиремин күйгөнчө биликтей күн,
Муздак желди тийгизбей, колдоп аны!

Асман – жерди заматта арыштаймын,
Далай учкам, колумда чен өлчөмү.
Бечарага теңелбейм, жарышпаймын,
Асыл жарга көрсөтөм кең өлкөмү.

Бүгүн керек тилекти аткарууга,
Эртеңкини ойлобойм.
Колдо - Бүгүн!
Улуу дайра – өтмөккө ат салууда,
Ак тилектен колдогу алам жүгүн.

Баары тегиз, теменем бүтүн турат,
Тагдырымдын көзүнө карайм тике!
Жан жыргатып, жакшылык берет кубат,
Туу чокуда барабыз, күтө-күтө!

Оролуна келген кез, Кудай колдоп,
Кол кармашкан бактынын чексиз күчү!

06.03.16-ж.



**Жылдыздардын жашоосу...**

**30.**

Оролуна келген кез, Кудай колдоп,
Жылдыздардын жанында жарыштырат.
Кометалар айланып иретинде,
Урматына бактынын жарыш курат.

Жылдыздарың кылымдар күлүп турган.
Үркөр сулуу, чоң, кичүү Жетигениң
Каада бузбай так өлчөп Таразалап,
Айтып келет сүйүүсүн жети бегиң.

Алтын казык, жазбаган бир сынынан,
Чолпон сулуу – экөөнүн ыры ырдалат.
Арабасын айдаган саман жүктөп,
Чаң ызгытып Саманчы кетип барат...

Жети нурдун жети түс периштеси,
Селкинчегин тебишет жети түстүү.
Тумар жылдыз Үркөрдөй топ сулууну
Желим тоого узатып кетип жүрчүү.

Жылдыздардын жашоосу укмуш экен,
Бир азыраак байкадык колдоп Кудай,
Узатышты орошуп түркүн нурга,
Мындан ары чын эле жол болчудай!

06.03.16-ж.

**Бакытты өбөм – Күн менен**

**31.**

Оройт мени кызыл, сары жөө туман,
каптайт кайра араң андан жөө чыгам.
Канат болгон сезим көккө учурат,
Сени издеп, булут кечип жөө турам.

Бул асмандын чеги ырас, билинбейт.
Айрымасы, жылдыздар жак нур толгон.
Жараланган асыл жандын дарысы,
Бакыт – Күнү уйкусунан ойгонгон.

Бакыт – Күнү жарык тийип, жайдары,
Жер каптаган туман ойду айдады.
Учуп барам тоолор, түздөр, деңиздер –
жаркылдаган тирүүлүктүн майрамы.

Сени ойлосом жашоо жарык, гүлдөгөн,
Ырлар учат, күн желесин бийлеген.
Дилимдеги сырлар сенден кабардар,
Асман толо Бакытты өбөм – Күн менен!

18- март, 2016-ж.



**Сен сагындың, колуңда от!**

**32.**

Аралыктар миллион суу, миң талаа,
Экөөбүздү жеткирбейт да, айрыбайт.
Элге жетпей сен мусаапыр болдуңбу?
Таштак жолдор таман тилет, айрылат.

Канталаган буттар менен тоо ашып,
Келатабыз бийиктерди мелжеген.
Ким биринчи жеткен болсо чокуга,
Күтөт кийин кечиккенди - келбеген.

Кар кондурбай жер шыпырган шамал бар,
Бурганактан күрткү болот далай жер.
Мен буюкпайм сендик оттун табынан,
Мендик оттон сен кайыкпай аман кел.

Кар малтабайм, бутумда чоң жапкак бар,
Сактайт жанды, эңсеп келген Жүрөк – шер!
Аскар тоодо ак кар, көк муз кеп эмес,
Ширелгенде сагынч аттуу тилектер!

Мен сагындым,
Сен сагындың, колуңда от!
Көк чапчыган деңизди ансыз
жиреп көр!

18.03.16-ж.

## Дайра толуп агып кел

33.

Сен кечиксең каптайт беле караңгы.
Кубанычтын – Күнү өчүп калабы!?
Кыйкуулаган каркыралар көктөгү.
Биз эңсеген жээкке учуп барабы?

Сен учканда тосулабы көктө Күн,
Сен кечкенде азаябы өтмөгүн!?
Кечүү кечип, асманды ээлеп учканда,
Жамгыр төгүп, мөндүр болуп өтпөгүн.

Качан келсең, дайра толуп агып кел,
Сүйүү деген жарык нурду жагып кел.
Ырга жуунган, нурга жуунган акындын
Махабатын назик дилде багып кел!

Мындай сүйүү бул кылымда жаралбайт,
Атымды атап, Чоң Кудайга барып кел!
Жалгыздыкты унут, жүрөк жаралайт,
От –Энеге чоң алоону жагып бер!

Кубанычтын Күнү жарык күйгөндөй!
Көөдөнүңдө Улуу отту алып кел!

19.03.16-ж.



## Шамал-каптын оозун ачпа бороондун кабарчысы

34.

Бороондун кабарчысы – деңиз жакта,
Дегеле, шамал-каптын оозун ачпа.
Кыйроонун, жиндиликтин атын минет,
Аянбайт, же аябайт жаалдуу кексе.

Сактаса сактайт андан жарык жашоо,
Гүлдөргө, назик жытка магдыраткан.
Өмүрдүн өтөлгөсү сезим – талаа,
Жапжарык наристедей тилек баккан.

Гүл, дарак, тынч деңизди майып кылат,
Эзели бүтүн ишти айып кылат.
Сынгандан, үзүлгөндөн чаңга жуулган
жапжашыл дүйнөнү ким айыктырат!!!

Жапкыла шамал-каптын оозун бекем,
Бороондун кабарчысы, божураба!
Жээкте эл мамыр-жумур, жашоо көрктүү
Тынчтыкты бузсаң эгер, каргыш сага.

Деп дельфин куйрук булгайт тынчы кетип.
Мен жолду карап жүрөм улам-улам.
Тушукпай келсең экен, аман өтүп
Күтүүнүн чоң жарыгын жагып турам!

19.03.16-ж.

**Бул Улуу Сезим - сулуу**

**35.**

Аябай кар жаадырды жаратканың,
Алма-өрүк гүлдөп, бөрткөн дарактарың-
Жазды эле жалбырагын болушунча.
Жапжашыл дил өрөөнгө кар атпагын!

Табият салат түркүн санаттарын,
Биз турган аралыкта добул жүрүп
Жеткенче көккө серпип канаттарым
Жанымдын куштары учуп жетет – күлүк.

Оо, алар далай каттап менден сага,
Сенин да жан-куштарың эчен келди.
Жол салган нурдан бүтөп кең асманда
Көтөрүп турат көккө сени, мени.

Жааган кар өткөн жылдар, күндөр түтөк.
Самсаалап көп санааны кеткен алып.
Чылымдай кайра-кайра чеккен түтөп,
Мезгилиң мени күтүп, көзүң талып!

Бул ырас - жашоо деген, өмүр деген,
Бул ырас – эч чеги жок жашоо, жашоо!
Бул Улуу Сезим - Сүйүү, Сезим – Улуу!
Белеги жараткандын бизге – экөө!.

Сапарда мындай кардын көбүн көрдүк!
Бар үчүн Улуу Сезим женип келдик!..

19.03.16-ж.



**Жүрөгүң терге жуулду...**

**36.**

Күндөрдөн бөлөк жашап болбойт дечи,
Айтасың карды, жааңды, жазды, күндү.
Төрт мезгил тегеренип жер шарында
Канатын күүлөп, алып учат бизди.

Буйдалсаң эч кеп эмес түшүп калыш,
Бууданың канат жазып кураг жарыш.
Поездей рельсинен чыкпай жүрбөйт
Көп жолдо оңой эмес издеп табыш.

Жүрөгүң терге жуулду, таңга жуулду,
Тилегиң көнөктөгөн жаанга жуулду.
Сапардын тик чокусу, турам күтүп,
Келет деп кырк жигитиң кармап туунду!

Айланып алтын күндүн карегинен,
Эсепсиз карегимден айлангандай.
Төбөмдүн көк тирешин билип турсуң,
Бактымды чексиз кылып пайгамбардай ---

Дилинден баарын билип, баарын көрүп,
Кулайт деп кучагыма тоодой толуп
Жолумдан утурладың!
Утурладым!

Ойлорду олку- солку мындай коюп!

Кок асман турду ырга, Нурга толуп!

19.03.16-ж.

## Эстебе мен тууралуу

**37.**

Куштардын таңы менен туруп чогуу,
Угамын сайраганын менден ашып.
Калемим жазды сени далай жолу
Толкундап, кээде терең ойго батып.

Ар дайым чогуу уктап, сыр бөлүшүп
Жашайбыз ажырагыс биримдикте.
Жалгыздык кыйнайт кээде мукуратып
Кусалык сыйбай калат анан ичке.

Бу кандай чогуу туруп, жалгыздыгым,
Сызылган көк түтүндөй ичим жалын.
Оромпой тептик ойду жарым кылым,
Ырымды, атымды да унуткаргын.

Эстебе мен тууралуу мындан ары
Мен дагы чындап сени унутайын!
Кыйналды ар бир жазган ырдын жаны
Куш болуп көккө учуп барган сайын.

Бөтөнбүз,
    кулак жарган тынчтык сүйлөп,
Өмүрү жолукпаган адамбайбыз.
Ортодо күргүштөгөн деңиз бийлеп,
Кылымда бирикпеген аралдайбыз.

Эстебе, мен да сени унутайын,
Канчалык умтулсак да бара албайбыз.

19.03.16-ж.



## Күтүүдөн толду дениз

**38.**

Чаласың. - Үнүң начар, ыйладыңбы?!
Жөн эле ыйлай берүү оңой бекен!
- Мени эстеп, асыл жанды кыйнадыңбы?!
- Тиштенип жашап жүрөм, жанды бекем.

-Кечиргин, кечиктим көп.- дейсиң улам,
Кечирдим деген жеңил, жүрөк кантет!?
Чыдамдын эң чегине жетип турам,
Чыйралган миң тамырым, сени эстеп.

Күтүүдөн толду деңиз, Океандар,
Канатың талыдыбы, жетпес болдуң?!.
Бир тамчы көз жашыма арзыбаган--
Жансыңбы?!
    билбей жүргөн кайда ордуң?!

Жараагты жуумак элең туздуу жашка,
Ааламды мен үчүн чарк айланмаксың.
Өлсөң да бир тирилип келип аста
Эр болсоң, көңүлүмдү жайгармаксың!

Айламды алты эселеп кетирдиң го.
Сүйөт деп, өтө өзүнчө эсирдиңби?!!
Мен эми асман тепчип учуп барам.
Өзүңчө,
    жалгыз-жарым кечир күндү!

Өлсөң да бир тирилип, келип аста
Эр болсоң, көңүлүмдү жайгармаксың!

19.03.16-ж.

**Жан – дилимди сактоо үчүн от кечем!**

**39.**

Сен бар үчүн, сен бар үчүн бармын,- деп,
Сары оорумун, бир көрүүгө зармын,- деп.
Салам катың, почточу бий жеткирген.
Бул жарыкка сен деп келген жанмын,- деп.

Учуп- күйүп аба, жердин жолунда,
Келаткандай ишентет кат колумда.
Бассам, турсам сурайм Бакты Кудайдан.
Тооп кыламын келмем түшпөй оозумда.

Жаратканга эсеби жок жалбарган,
Сактасын деп сенсиз жалгыз калгандан
Тогуз балдуу толкундан да кубаттуу—
Керемет кат, касиетин кармангам.

Куш тилиндей катта – алоо от экен.
Жашоо, өмүр, жүрөктөрдө от эчен
Дене-бойду, кут сезимди ысыткан.
Жан – дилимди сактоо үчүн от кечем!

Каттын күчү, сөздүн күчү укмуш ай,
Сенден келген каттын сөзүн эстесем.
Көккө чыккан шаты болот укмуштай
Болбойт эми ага чыгып кетпесем!

Жан – дилимди сактоо үчүн от кечем!

19.03.16–ж.



**Көздөр кучакташмайын....**

**40.**

Тамбашыдан узун тоңгон муздардай
Күн жылт этсе, бир-бир жерге тамчылайт
Булак суусу тоодон төмөн жүгүргөн
Суунун жанын тыным бербей камчылайт.

Камчылайт да, жөн-жай жаткан таштарды –
Күн-түн агып курчутат суу кайрактай.
Ширин - кашка, мүрөк – өмүр акканы
Шок кыялдай учат ташка карматпай.

Ал булактай дилди баккан махабат,
Магдыратат, көкөлөтөт,
өгөөлөйт!..
Жан жыргатып, чулгаса да бактыга
Жүрөк – дилге билинбеген өгөө дейт!

Аралыктар алыс болсо канчалык,
Андан бетер жан ачытып өгөө жейт.
Сабыркатып, кармашканча эки кол,
Курч бычактай, назик дилди төбөлөйт.

Булак суусу ташты кандай таарыса,
Жалындаган көздөр кучакташмайын.
Таарый берет кирпик илген жанынды,
Куса ээрип, бирин – бири тапмайын!

Тарып кетет, аалам баткан асманың!

21.03.16 – ж.

**Олтурам Айды кармап,**
**Күндөй күлүп!**

**41.**

Турмушта боло берет өөдө – ылдыйы,
Кемчилик кетет пенде тирүү кезде.
Болуптур пайгамбардын бир тузу кем.
Ошондон айтылган сөз "Бир кем дүйно".

Байкабай жоготкон бар жанын жолдо.
Издебей, издетпей да жүрөт боп-бош.
Жаны жок, назик сезим болмок беле.
Сөлөкөт, эки буттуу арбакка окшош.

Сезимсиз, ошондойдон сактап бизди,
Жаз берди, жайды берди, бышкан күздү.
Кычырап кыш-чилдеде тоңбой сезим,
Жандырат улуу оттуу жүрөк – күзгү!.

Турса да көңүл өксүп, жетпегенден,
Жашаса өмүр өксүк табышпаган.
Кубаты кандай күчтүү махабаттын!
Ошондон көтөрүлүп турат асман!

Ошондон Ай карманып бекем жерге.
Жоготпой келет чырай-сулуулугун.
Байкатып: деңиз чалкыйт, тоолор өсөт-
Терендик, бийиктиктин Улуулугун.

Махабат кандай сулуу, кандай бийик!
Олтурам Айды кармап, Күндөй күлүп!
"Баратам" - деген сөзгө шүгүрчүлүк!!!

20.02.16 – ж.



Филология илимдеринин доктору, профессор,
ОшМУнун ректору
**Каныбек Исаковго**

Качан барсам, чарчаган, түйшүгү көп,
Түгөнбөс түрмөктөлгөн ойду багып.
Олтурган өнүксө экен кыргызым деп,
Колуңа жүрөгүндү кармап-жагып.

Эл иши эсеби жок, баш – аяксыз,
Баштасаң бир иш эми, бир иш бүтөт.
Канатты жайып улуу-кичүү үчүн,
Калыстык болбогондо ичтен түтөп.

Турасың кызматында, жаштар мейли,
Кош колдоп жөлөгөнүң, өзү эрдик.
Айкөлдүк деген менен ооз көптүрүп,
Ичи тар, ийне көздү далай көрдүк...

Мыкыйып, мык жутканcып жүргөндөр бар,
Мыскылдуу мыйыгынан күлгөндөр бар.
Колунан келсе, кылбай бир жакшылык,
Жаман сөз, кесепети тийгендер бар.

Антсе да, мезгил өтөт, кез бул кетет,
Теңдечүү, иргечүү да тар жолдор бар.
Баатырча баскан жолду азамат уул
Эмгеги элге деген жарык кылаар.

Эр десе, эр сайышка чыгуу эмес,
Эл үчүн ыңгайлар бар туруп койчуу.
Колуңа жүрөгүндү кармап – жагып,
Алкыштан өсүп-өнүп,
Аман болчу!

5.03.2016-ж. Бишкек.

xxx

Кайдан келди бул шүмшүк карылыгың,
Бошошуп муун-жүүнү шалдыраган.
Тизени бүгө албай каруу кетип,
Бекчейген бели, көзү жалдыраган.

Бу кайдан келе калды карылыгың-
Миллион бырыш басып, эмшиндеген.
Эсирген эртеңкини эсине албай –
жел өпкө жаштык кайда, желпилдеген?

Бу бейсаат, кайдан келди карылыгың,
Ийилип бутун оңдуу кие албаган.
Жүрдү эле жөөлөп өтүп, улгайбастай,
Ойлобой берилигин, нарылыгын...

Калжайган кайдан келди карылыгын,
Кырк жылкы айдап кечээ күркүрөгөн.
Кыл мурут эмес беле кайран өмүр,
а бүгүн бир бечара мүнкүрөгөн.

Сурабай кирип келди карылыгың,
Ишиңди бүгүн жаса, бүгүн жаша!
Жакшылык келсе колдон, баары бир күн,
Жан талаш, бүгүн бүтүр, эртең ката!

Капылет келген шүмшүк карылыгың,
Сүйүүнү бакпагам деп болот капа.
Мен ага амандашуу оюмда жок,
Кубаттуу жаштык менен чогуу жашайм!

6.03.16-ж.



*КРнын Эл артисти, Токтогул атындагы*
*Мамлекеттик сыйлыктын ээси, Казак*
*Республикасынын эмгек сиңирген артисти*

**Саламат Садыковага эки ыр**

1.
Сейил бак, сегизи биз барган,
Четинде Бишкектин, дарыя.
Гүлдөгөн жемиштер дүркүрөп,
Өрүк зар, алма, алча багы да.

Кундуздун, Кубандын тамагы,
Шишкебеп, казанда дымдама.
Кылгырат кылт этме жанагы,
Жанымды жыргатат ыр гана.

Сакиштай эркелеп кыз-уулга,
Бакыт да, сыйласа балдары.
Чарпая, кереге тартылган,
Коноктоп, мени ала барганы...

Түгөнгүс чоң жомок болду да,
Көкөлөп көңүлүм, таза аба.
Тоолордун койнуна толдум да,
Ыштальган ойлордон тазара.

Көп алкыш айтылды ичимде,
Сыртымда териме батпадым.
Бул баатыр кызына кыргыздын,
Дал кабыл болсунчу айтканым.

Телегей төп келген, кеми жок,
Калкымда бул кызга теңи жок.
Саламат жүрсүнчү кыргызга,
Ырлары жамгырдай төгүлүп.

Элине перидей көрүнүп!

9.03.2016- ж.

**2.**

Көңүлдү багып салдың марттык менен,
Жейрендей көзү жайнап, кыраан кызы.
Чаарчыгын жетелеген кайберендей,
Акжолтой, Айкөл эрдей сыңар кызы!

Адамдык бийик, сенин турган жериң.
Ак эмгек, бийик чоку курган жериң,
Бириксе жүзү, колдон келбей турган,
Дүйнөгө дүңгүрөттүң кыргыз элин.

9.03.2016- ж.



**Обончу Болот Токтобаевге**

Жаныңа күч келгенде колдой турган,
Суук шамал, бурганактан коргой турган,
Болоттой балаң экен солк этпеген,
Таянчың чептей, таштап койбой турган.

Ысыгың – суугуңа карай турган,
Кыйбаган, кызматыңа жарай турган.
Башынан түйшүгү ашып турса дагы,
Барпайган балаң экен аяй турган.

Болоттой бекем болсун жаны деймин,
Сүйкүмдүү сүйүп турсун жары деймин.
Өзү да балдарынын күнүн көрүп,
Бактылуу жашаса экен баары деймин.

Кудайым кем кылбасын куттуу ырдан,
Калкынын кулагына жагып турчуу.
Ак сарай бекем болсун ырдан курган,
Жылдызы жарык күйсүн жанып турчуу.

16.03.2016-ж. Бишкек.

XXX

Армандар жеткирет дейт тилегине,
Ал менин тамга баскан жүрөгүмө.
Ай чырай, үлпүлдөгөн жигит сүйсө
Азоодой тээп, тиштеп из салыпмын,
Бөлтөйгөн балдан ширин илебине.

Чайкабай колуңду да тийгизе албас,
Келмесиз оюңду да билгизе албас,
Нариете бир жутумдук акак сымал,
Апакай сезимине шек келтирип,
Жигиттин сындырганым, шагын ырас!

Ар дайым алыстагы үмүттү ойлоп,
Өзүмдү сактай берип белгисизге,
Алдымда даяр бакка кесир кылып,
Көп тыйып написимди, улутунуп,
Ооз тийбей жашап келдим ушул күнгө.

Өкүттө өттү күндөр айыбы жок,
Мен күткөн мырза уулдун дайыны жок.
Дагы эле көздөн учкан көк жээкти ойлоймо,
Көңүлдө баягы кеч, балдай эрин
Эңсетип, убалы анын ойдо жүрөт.

17.03.2016-ж. Бишкек.



**Жарык нурлуу дөөлөтүм**

Бекем турам, сен сүйөнөөр аскамын,
Мээрим төккөн кендин чексиз капкагын
Сен келгенде, жыргай түшсүн жаны деп,
Теңир колдоп, толук ачып таштадым!

Эркеледим өзүм да ал мээримге,
Батпай турам рахаттан териме,
Айкөл Кудай мээрим көлүн жаратты,
Көңүлдөгү катмар муздар ээриген.

Сүзөлүчү анда алтын балыктай,
Көгүш Асман алтын таажы кийиптир.
Дүйнө түгөл сайран курат биз менен,
(Кырк күлүгүн жарышка айдап ийиптир.)
Күн- Кудайың бүгүн жарык тийиптир!

Куттуу мекен жашыл, кызыл кымкабын,
Жайып салган тура кенен, көркөмдүү.
Тээ бийикте күтөт такты, таажыбыз,
Анда олтуруп карайм алыс, чөлкөмдү.

Такта олтурам кийип алтын таажыны,
Махабаттын мээримине оронгон.
Башта багым, жарык нурлуу дөөлөтүм,
Ырдан бүткөн, ичип сырдуу обондон.

Күн-түн теңтең, келди мына жаңы күн.
Күн узарат, жүргүзөт ак бийлигин.
Тийип турат шарапаты бизге да,
Өзгөчө көрк менен гүлдөйт тирлигим!..

Колго чылбыр, берди эки тизгинин!

21.03.16-ж.

### ххх

Жолду катар жолдор өтөт, жол келип,
Жолоочудай өмүр анда иргелип.
Жолдо Кызыр колдоп, коштоп бир жүрөт,
Адам жолдун шартын, баркын үйрөнүп.

Кылым жолу арыбаган, жемиштүү,
Ары азаптуу, кээ кылымда кейиштүү.
Чоң Алтайдан Рум, Мисир, Маяда,
Басып, ээлеп, бийлеп жашап келишти.

Америка, Англия жерлерин
Эл жок кезден кыргыз алгач жердеген.
Ай туяктуу ат жалында эр кыргыз,
Деңиз, талаа, чер токоюн төрлөгөн.

Маккендинин алтындары сыр катып,
Элди бузбай миллион сап ырдашып.
Жараткандын сүймөнчүгү ээлтен,
Ыйык жерден жүрөт ага сырдашып.

Бир улут же бир уруу жок кыргыздай,
Алты миң жыл карт тарыхын ырдаган.
Урпактарга улуу сөздү жеткирген,
Асыл ташты, алтын-зерди жыйбаган!

13.04.2016-ж.



### Мугалим

Мугалим коомдун күзгүсү,
Билимге сайган өмүрүн.
Жупуну болот турмушу,
Окуугa бурат көңүлүн.

Мугалим мекен күзгүсү,
Жүрөккө билим уюткан.
Жашоонун ачып маңызын,
Билимге дилди муюткан.

Мугалим дарак гүлдөгөн,
Жемишин терчүү күзүндө.
Жан тартып ар бир балага,
Окутат кээде түшүндө.

2-март, 2016-ж. Бишкек.

***

Ата журтум аксап калган торудай.
Уулун кетип тириликтин артынан.
Атка минер алаканы жоорубай,
Жерди, кенди бөлүп сатат, камчыдан.

Ата журтум санаа тартып калдыңбы?
Бүлүндүрсө бүтүлүүнү уулдарың.
Гүлдөй турган, өсө турган өрүшүң,
Жайдакталып жайыт, өзөн куурады.

8-март 2016-ж. Бишкек



**Кыргыз ыр жуткан**

Ата Журтум, сыйынуучу мазарым,
Коюнунда өсөт бала базарым.
Кыргызыма телегейи тегиз жер,
Каада салтын сактап, сүйүп жашадым.

Ата Журтум гүлдөтөбүз жериңди,
Барчылыкта багам кыргыз элимди.
Бейиш төрү, кут төгүлгөн береке,
Эл деп төгөм маңдай теримди.

Төрт түлүгү күтүрөгөн өрүшү,
Ата Журтум өзүң барсың ыйыгым.
Кан бабамдар мурас кылып беришти,
Кайда жүрсөм кубаттанып жүрүмүн.

Мекенимдин байлыгымын,
ээсимин.

Көөнө баатыр кыргызмын.
Ата Журтум Кыргызстан,
Абасынан нур жааган.
Ала тоосу ырдаса
ар бир кыргыз ыр жуткан.

08.03.2016-ж. Бишкек

**Бир өзүмө, ишенип бир кудайга**

Жардаган эл, байлайт белин бекемдеп,
Жүрөт май бет бийлигине ишенип.
Барк-барк сүйлөп, сүр көрсөтүп жөн эле,
Аш палвандар араң басат күчөнүп.

Оо, жараткан жалгыз сага таянам,
Бир өзүңө, бир өзүмө ишенип.
Баш ийбедим бек сүйлөгөн бектерге,
Бетке айттым, жүрөт алар "ити өлүп".

Жайпаңдаган, азезилдей сойлогон,
Ичи бопбош, мен кыйын деп ойлогон.
Көөдөктөрдөн алыс өтүп келатам,
Көз боешуп, бардык жерди жойлогон.

Тийбесин деп кокусунан карасы,
Козу карын жамыраган, окшошкон.
"Козулардан" жаа боюндай качамын,
Сөздөр коошпой,
түшкө кирбейт достошкон.

Ээлеп алган жайнап ошол "карындар",
Бири баатыр, байлар жана аалымдар...
Көөдөнүн да, көк мээсин да май баскан,
Таман тешип каттаган калк таарынган.

Оо, жараткан өзүң гана медетсиң,
Ар мезгилде өзүң менен кеңештим.
Сен жаздырган ырларыма ишенип,
Сөзүн, дартын угуп келем элеттин.



Көбү артын такай турган адам бар.
Каада күтүп чайпалышат, керилет.
"Жесе тамак, барса кабак күн көрүп",
жетишкени торомпойдой семирет.

Кубат берип, кемчилимди бүтөгөн,
Бир өзүңө, бир өзүмө ишенем.
Жүздөрүнөн көрүп туруп бейнесин,
Калыс сөздү бетке айтканым күчөгөн.

Чучугуна жеткире айт деп турган,
Бул болсо да жараткандын иши бейм.
Сен болбосоң, ал баатырдык каякта,
өз ордуна коюп келем кишини.

Жаратканга жатып, туруп тайынам,
Бир өзүмө, ишенип бир кудайга.
Жазам, ырдайм касиеттүү ырларды.

4.02.16-ж.

## Тойго каалоо

Той, той, той мына,
күтүп турат той ээси.
Жакшылыгын бөлүшүп,
Тойго күбө болгула.
Дос- туугандар көрүшүп,
Ак батаны айталы.
Ырыс келсин, бак келсин,
Ак келиндин жолуна.

Чачыланы чачалы,
ак босого аттаса,
Кайын эне, кайната
сүйүп тосуп алыңар.
Кут түшкөндөй кубангын,
Кан күйөөнүн бактына,
Кадырлашып, сыйлашып
бирге болсун бактыңар.

Эчен жылдар самаган
ата-эненин тилеги,
Аткарылып турган кез,
Көк Теңирден сураган.
Өнүп-өсүп кетишсин,
ойноп көңүл ачалы,
Бешик тойго баралы,
жыл айланса кудалар.

17.05.2014-жыл.



## Кең өлком Кыргызыстаным

**Обону Мурат Сыргабаевдики**
*"Эр башына күн түшсө, отугу менен*
*суу кечет, ат башына күн түшсө,*
*оозугу менен суу ичет."*
***Эл макалы.***

Асыл жер түпкү тегим мекендеген,-
Кадимден тынчтык тилеп, коргоп чекти.
Бастырбай кара өзгөйдү, көз артканды,
Бел чечпей, өтүк менен сууну кечти.

**Кайырма:** Чалкыган кут талааларым,
Берекелүү жер киндиги.
Ала-тоом - Кыргызстаным ыйык жерим,
Ар дайым кубат берет сенин демиң.

Жортуулда буудан башын бурбай артка,
Өткөргөн канча доорду кан кармашта.
Жолборстой жалтанбаган, намыска бек,
Кыргыздын кыраан уулу Кыргыз атам.

Кыргызым касиеттүү айкөл элим,
Кыргызмын, баатыр болгон ата тегим.
Касташкан душман мизин майтарабыз,
Уулуң бар коргой турган кыргыз жерин.

**Кайрыма:** Эр жигиттер эл четинде,
Эрдик жасап жоо бетинде.
Башын сайып мекенди, элин сактаган,
Баатыр бабам эл үмүтүн актаган.
Кең өлкөм Кыргызстаным,
Киндик кан тамган Ата Журт.
Тууган жер ыйык Ала-Тоом–мекеним,
Каректей сактайт кыргызым – Ата Журт.

26.04.2015-ж.

## Мезгилди турам тутамдап

**обону Маматсабыр Туташбаевдики**

Деңиздин ыры,
кайрыгы менин ырымдын.
Тынчыбай улам
толкундар жээкке жүгүргөн.
Олтурам жээкте, шамалы менен сырымды
бөлүшүп сыздап, кете албай үйгө бүгүн мен.

Жиберем кабар шамалдан мени үшүткөн,
Гүлдөрдү үйлөп, толкунду апчып тынбаган.
Жетеби күтөм, кайрылып келип айтабы?
Армандуу сени
жамгыр, кар болуп ыйлаган.

Боройлоп жааган
кар бекен сенин кабарың,
Кыйкырып үнүм карыккан, алыс адамым.
Кайыгып суукта,
мезгилди турам тутамдап,
Жылт эткен үмүт билесиң жанга жагаарын.

Деңизим менин, дүйнөнү кезген шамалым,
Мен кайда жүрсөм калтырбайт азга карааның.
Бурганак, бороон,
туңгуюк жолдо коштогон,
Жолукпай кетпейм,
жарыткан жолду Маягым!

10.03.2016-ж.



## Кечирип, кеч уруучу “чылыктанмын”.

Алсаң да аз көрүнүп, шымаланып,
Алдууга кулдук уруп, тумаланып,
Жан далбас колдон келбес ишке деле,
Башыңды аябастан тыга калып.

Айланып көпөлөктөй чырактагы,
Ар жерге айылчылап ак урасың.
Акчанын жытын билип ыраактагы,
Чиркин ай, көбүрөсүң-жабырасың.

Жукпастан андан-мындан апчыганың,
Жулкунбай апат жолго чыктың окшойт.
Дүйнөнүн түркүгүнө жарачудай,
далайды кир кол менен жуттуң окшойт.

Кыргыздын намыс-ары мындай калып,
Кетесиң роль ойноп, ырдай калып.
Чыгарма Кудай берген чоң шыбага,
Жүрбөгүн кагаз бетин тырмай калып.

Кешиксиз ар кылганың убал болуп,
Эл жыйган акча сага курал болуп.
Шаар эмес башканын да көзүн байлап,
түлкүдөй жойпуландың, жылан болуп.

Азезил кайдан мында пайда болдуң,
Эл эмес, ой- максатың башка болдуң.
Эсиңди элдир-селдир сөйрүктөнгөн,
Элирип аламанга такма болдуң.

Өзүңдү эр ойлогон дөөрүк кыргыз.
Өзгөдөн шер чыгаарын унутпагын.
Аркадан белге тепсең турам кайра,
Кечирип, кеч уруучу "чылыктанмын".

Өнүккөн бабалардан "Кыргызчылык".
Мен салтты кармап койсом ыйбаа кылып,
Ойлобо "Билбейт сууну булгасам"-деп,
Сактачуум, Кудай сени коет уруп.

Башыма баш оорунду бере албайсың,
Мен баскан жол өзүнчө, келе албайсың.
Өзүңө жарашалар – жан жөкөрүң,
Оолукпай ырыс кыйды өлө албайсың.

Ошондо кошо кетсин жамандыгың,
Элимдин тилейм тынчын, амандыгын.

26.06.2015-ж.



## Акындын акыл оюу жүрөгүндө

Акынга көңүл керек көкөлөгөн,
Алыска кыял минип оюу келген.
жүрөгү өзүнчө эле өрөпкүгөн,
акылга салбай дилди кече берген.

Акынга ойлор керек сапар жүрсө,
Жанына жакшы адамдар катар жүрсө.
Жашоодо билип бардын, жок кадырын,
Ой термейт, жалгыздап кел көңүл сүйсө.

Акынга шек келтирбе, күпүр айтпа,
Ал аны байкас албас көрбөс карап.
Жат жанга өксүү турса жүрөк канап,
Жан дилин сайып андан сактап калат.

Акынга өмүр кымбат, сезим кымбат.
Ашкере сүйүү деген төгүн-чачын.
Өмүрүн ысырaптап шамдай күйүп.
Азапка салып келген асыл башын.

Акындын тагдыры азап, мээнети күч,
Акындын акыл оюу жүрөгүндө.
Башына түшкөн менен тоодой түйшүк,
Ал даяр
жүрөктүн буйругуна чөгөлөөгө.

Жүрөктүн буйругунда жашап жүрбөй,
Акылга салса болоор бир көр пенде.
Акындын касиети жүрөгүндө.

02.03.2015-ж.

## Жолуңа жылдыздай чачам үмүттү

**Обону Өктөм Санар уулунуку**

Айдайым, Теңирим назик,
периште кылып жараткан.
Айдайым, ойлосом толкуп,
жүргөндөй сезем канатчан.

**Кайырма:**

Эстеген сайын өзүңдү,
Кетилди менде чыдам жан.
Адашып кеткен кулапдай,
Бийлемек болду бир арман.
Жылдыздай чачам үмүттү -
Жарытат жолду, келегөр.
Кемиди менде чыдам жан.

Жайдарым, сүйгөндөн таттуу
кыялды багам сен ойлоп,
Ардагым, замандаш мага
жаралбай калсаң не болмок.

Айдайым, кусадар болдум,
сагыныч, күтүү ийинде,
Айдайым, бакыттын чогуу
кармайлы колун сүйүнгөн.

26.01.2015-ж.



## Кыл калем ырлары

*сүрөтчү Самидин Жоробаевдин театр плакаттары жана эскиздери боюнча жазылган ырлар*

### 1. Умай Эне

Умай Эне элечеги каркайган,
сүрдүү жүзү, зылдай ойдун койнунда.
Бет бырышы сыяктанат Эне Жер.
Калк түйшүгү кылдай ичке мойнунда.

Элечеги тегерете оролгон,
Ак катмарлар көл кыйырсыз кадимден
Чалкып жатат, толкундары эсепсиз
Кылымдарды санап бүтпөй жүгүргөн…

Текебердүү сырын каткан аскалар,
Ак кар-көк муз тээ алыстан билинген.
Үстүндөгү жашыл талаа, кырка тоо,
Ат-көлүкчөн кыргыз көчү тизилген…

Андан ары көмкөрүлгөн көк асман,
Жылдыздары туу чокуга илинген.
Оймолордон көздүн жоосун алгандай
баамдайт киши алыска өтө тигилген.

Умай Эне, казанбактай элечек,
бүт ааламды көтөргөндөй башына.
Кыргыз көчү каркырадай тизилген.
Сөөлөт күтүп улайт жолун, татына.

Канча үңүлсөң ошончо түр сыры бар,
бул сүрөттү байка, турба каймана.
Көч уланат, тоолор тирейт асманын.
Карт кырыгызым жер шарын бүт айланат.

25.05.13-ж.

**2. Култегин**

Элүү миң жыл, балким андан мурунбу.
Жер кыртышы миллион кат чым болгон.
Жети катар жерде чөккөн буурадай
Бабалардын изи батып, күл болгон.

Кылымдардын катмарынан жаңырык
Култегиндин үнү угулат бороондой
Жер уламдан тереңдеген туңгуюк,
Баатырлардын жүзү ачык боелгон.

Карагүрөң катмар, нерсе көрүнбөйт,
Андан төмөн баштар – балбал таштары
Ачык түстүү көчкөн коюу булуттар…
күн тутулган, көөдөй кара асманы…

сазга баткан көрө албастык, ага-ини
салтка айланган кыргыз пейли атаанчыл.
Башты сайган коргоп эли-жериңди,
Душман жокто тууган чоң чыр салыптыр…

Култегиндин жүзү даана көрүнүп,
Тарагандай тоскон кою тумандар…
Тебетейи сар талааны котөргөн.
Ойлуу тиктейт боз үй, тоону, кыранды.

Боппоз дөңдөр, жетелердин мүрзөсү,
Курчап турат чептей ак кар Ала Тоо.
Түндүк Кытай, Алтай, Рум, Египет..
Селдей каптайт кыргызыңдын баласы.
Шумер, Эштек, индеецтер, Манасы
Эр Атилла-
дүйнө элинин жотосу, да бабасы.



Катмарлардан жерди кийип башына,
Эр Култегин бүгүн да элге үн салат.
«Бириккиле кулундарым, баш мына,
Бийигиңди мен көтөрөм, кызыталак.

Жер катмары толуп кеткен сөөктөргө,
Бир пенденин өлбөстүгүн көрбөдүм.
Элге тирек, элге калканч өткөндөр
Алкыштардан жашап келет, өлбөдү.

Култегиниң – сактабайт- дейт, жаныңды,
Жыйган мүлкүң, жебей - ичпей термелеп,
Чымын жаның бир Кудайдан аманат,
Ал Кудайга мүлксүз, малсыз жан керек.

Керек болсо колуңду сун алсызга,
Жетине албай жоктун тарткан азабын-
Аз болсо да колдун табын өткөрүп,
Жакшылыктан жакшы жышаан жасагын.

Кел кыргызым, намыска бек туруп кой,
Мен Култегин айткан сөзүн угуп кой.
Өрөөндөргө, урууларга бөлүнбөй,
Уулдарыңдын улуулугун билип кой.

Келди мезгил, бир муштумдай түйүлгүн,
Кыраандарды таптап жүргүн ар убак.
Мыктылардын күүлөп тургун канатын,
Зарыл кезде жарык болуп жагылат."

Тээ түпкүрдөн жерди кийип башына,
Эр Култегин бүгүн элге үн салат.

25.05.13-ж.

## Ар түрдүү ырлар

***

Кыргызстаным, мекенчил уул кызың бар.
Атак- даңкы бүт ааламга угулган.
Оомат берген касиеттүү Ала Тоом.
Кагылайын конгон алтын туурумдан.

Кыргызстаным кыргыз үчүн жаралган,
Бейиш төрү, толкун сымал тоолоруң.
Колдоп турат, күнүгө таң азандан,
Шүгүр кылам тынч уйкудан ойгонуп.
Туу күлүгү, кайберени
Ырын угат жылдыздын.

08.03.2016-ж. Бишкек

***

Өксүттүң өмүрүмдү, көңүлүмдү!
Ойготуп нурдай назик сезимимди.
Чыныктым сагынычтан, күтүүлөрдөн,
От Эне багып турат өмүрүмдү!

Эсепсиз алкайым ыйык Теңиримди!



***

*"Лучше быть головой курицы,*
*Чем быть хвостом дракона"*
**Кытай эл макалы**

Болгон жакшы дешет ко тооктун башы.
Ажыдаардын куйругу болгончокту.

Жаалы келип куйругу жер чапкылайт.
Шакка конуп тоок эркин жай олтурат.

***

Кыраан десе канат байлап көккө учпайт.
Баатыр десе, башын байлап чабышпайт.
Калк ичинде ар бир кызмат уул үчүн
Иштеп турса, өзүмчүлдүк жабышпай.

Ошол баатыр, ошол элдин кулуну.

***

Туулган күн келсе, кут келсин,
Тууганың, досуң бүт келсин.
Барчылык менен ынтымак
Чайында чогуу түштөнсүн.

***

Туулган күн, кучагың гүлгө толгон,
Коштосун кубанычты, бакытыңды.
Үй-бүлө, дос жолдоштор аман болсун,
Ак дилден колдой турган жакшы күндү.

***

Илинбей десем илинбей,
Кеттиң сен мага билинбей.
Жолукпай калам деп жүрүп,
Жорукту көрдүм тилимден.

***

Сөздөрдөн куралган бу дүйнө,
Сөздөргө кармалып турабыз.
Сөздөрдүн жаны бар, жаны жок,
Канаттуу сөздөр бар бир алыс.

Канаттуу, ырыстуу сөздөргө
Жете албайт кубаты чабалдын.
Жашашат сөз кунун тебелеп,
Көрө албай жакшысын адамдын.



## Суроого жооп

"Жашоодо сиз таяна турган, сизге күч-кубат
берип турган эмне?"

Жашоодо мен таянган,
күч-кубат берип турган,
Киндик кан тамган жерим, касиеттүү.
Каркайган бийик тоолор,
түп- тегим жердеп келген.
Арчалуу коюнуна атыр жыт
гүл каптаган
жылгаларын,
булагы жай жатпаган,
тили ширин.
Оо менин мекеним бар, Атажуртум,
ошого таянамын!
Кубаттанам таң атып,
Эмгекчил, бел чечпеген
Тиер менен күндүн мурду.
Өзүмдү бөпөлөгөн бу кезге че,
Элим бар момун, айкөл
Билбеген куу-шумдукту.
Сөзүмдү жер каратып таштабаган,
Өзүмдү бапестеген, улуу, сырдуу,
Канатты күүлөп турган керегинде,
Ар дайым жарап койчуу керегиме.
Азамат уул-кыздар бар эр көкүрөк.
Катылса бирөө жөнсүз,
Өпкөсүн үзө турган эрендер бар.
Кебимдин маани-жайын
Илгиртпей билип турган,
Акылман, терeңдер бар.

Таянам ошолорго сүйөнөмүн.
Көтөрүп башты бийик жүрөм дадил,
Эч кимден карызым жок корко турган.
Жараткандан башкасына.
Өткөрдүм кызматымды кумурскадай,
Дагы да жасай турган иштерим көп.
Сен бүгүн азыраак кызматыңа чиренесиң,
үстөлдөн түшүп калсаң "ким эле?" син.
Эч кимге тие турган жарыгың жок,
Эл санын көбөйтчү эле бир эмесиң.

Кыздарым, кубат берчүү, таянаарым,
Теңирим аябастан берген бакыт,
Суук желден, суук көздөн аяганым.
эң башкысы Кудайдын көңүлү түз
көктөгү тескеп турган.
Айттырып сөздөрүмдү олуядай
ар бир ырдан,
Аңдаган асыл жанга.
Сендей бир бечаранын
пикирин парваа кылбайм!
Жаркылдап ар бир мүнөт кубанамын.
Ырымды жатка айтканга,
мээримин чачып мага,
Көөдөндү барпайтканга,
таянып ынанамын.
Эл-жерим тынч болсун деп,
Бассам-турсам Теңирден суранамын.

26.09.14-ж.



**Жамалкан Сатылова**

## Тазагүл эже

Ырлар болду түнөгүң,
Ыр деп согот жүрөгүң.
Өз эжемдей эркелеймин,
Көңүл толуп жүрөмүн.

Толкуйт сенин көңүлүң.
Ырдан турган өмүрүң.
Таазим сулуу поэзиян,
Дербиш болгон өзүмүн.

Сулуу карек көздөрүңө,
Ырдан турган сөздөрүңө,
Алыс жерде эске түшсөң,
Шашыламын кездешүүгө...

Сүйүнүч дилге конуп,
Шашыламын кездешүүгө...

18-декабрь, 2015-ж.

## Котормолор

### Расул Гамзатовдон

xxx

Балким биздин жер төголок эместир:
Жолдор өтө ийри-буйру карасаң!
желкесине көтөрмөкчү бирөөсү,
Бирөө тепсейт, жанын үрөп, карасам.

Балким биздин жер айлана албастыр?
Абалына түшүнөлү биз анын.
Бири алга тартса, бирөө аркага,
айланууга жол берилбей турабы.

xxx

Биз адамдар- каптарбыз, капка опокшош,
Жер араба – оор жүктөр жүктөлгөн.
Күн, Түн болсо – Акбоз ат да, Карагер –
жүктү тартып келет жылдан-жылдарга.
Чункуру көп, буруму көп, таштактуу
тегиз эмес, тегеренген жолдордо.
Жол бүткөндө оор жүктөрдү алпарып,
Чоң сандыкка бир оодарып койгонго.



xxx

Чаңкап кыйналса суу ичет бирөө.
Заарына ууккан – кан ичет бирөө.
Менин аргасыз аткарчуу ишим,
Вино ичем – сезимди кыйнады сүйүү.

Вино ичем – шер байлап сөз айтам кызга,
Урмат болсун вино ичкен, суу ичкен жанга.
А тиги, канга мас, заарланган шордуу
жек гана көрот – ыйлап же ырдай албай.

xxx

Мындан ары чек калбады тоскудай.
Сүйүп калдым – бергилечи күлүк ат.
Бергилечи  канжар – менин колума.
Темир ээрип, бир ирмемеде жуурулат.

Сүйүп калдым – ырдаткыла, суранам!
Бир ырдайын -  таң калтырып дүйнөнү!..
Мага эми бир күн жашоо эң керек,
Коркута албайт ажал ээрчип жүргөнү...

xxx

Эгер таңда күн жарыгын чачпаса,
Кечинде ал жарык күйбөйт, белгилүү.
Үмүтүмө айткым келбейт "Кошкун" деп,
Сүйүү оту жарык чачат күн – түнү.

Эгер жазда гүлдөбөсө атыр гүл,
Албетте, кышта эч качан гүлдөбөйт.
Сүйүктүүмө айткым келбейт "Кошкун" деп,
Сүйүү оту гүлдөйт, мезгил үндөбөйт.

xxx

Сен кеткенде - кандай жаман
болот мага ошол замат.
А жүрөктө – шакек кайдан –
пайда болду – баалуу алмаз.

Сен кеткенде – жөнөкөй иш.
Неге айланат татаалына.
Көздөрүм да – бош уядай
Куштар кеткен сапарына.

x x x

Куштар үчүн учуу – зарыл,
Канат берген аларга.
А биз көккө көкөлөйбүз.
Качан сүйүп калганда.

Кар алдында суюлат тээ
Туу чокулуу жайыктар.
Биригет жээк – дарыялар
Төмөн түшкөн жайыкта.

ташты баалайм очоктогу.
Ортосуна от күйгөн.
Бирок, мага андан кымбат,
Көөдөндө от алкынган.

Ыйык баасын билем дечи.
Жүрөктөгү жалындын.
өткөнгө урмат, кирип келчүү
сактайм сырын жаңынын.



Мейли өткөндөр иш үстүндө
берсин кеңеш оңунан.
Бешигинде катар сүзөт
Келчүү мезгил агымы.

Мен кылымга жат эмесмин,
Чын сүйүүнүн кулумун.
Аны сактайм: Дайра тоскон –
тик жээктердей. бурулуш.

Ак иш жасап мезгилинде,
Далай жылды өткөрдүм.
Ным баккандай асыл жерди
Сактайт сүйүү көктөмдүү.

Өлтүрбөйт ал. коргойт дечи,
Анын сааты түбөлүк.
Сүйүү эгер өлтүрсө да,
Тирилтет чын, күбөмүн.

- 0 -

**Марина Цветаевадан**

xxx

Четин жанганда
шактары кыпкызыл
күлдү жалбырак.
Мен төрөлдүм.

Жүздөгөн коңгуроо
талаша кагылды.
Иоанн Богослов –
Күнгө ишемби эле.

Менин азыр деле
Келет чайнагым,
Оттой кызылгаттын
Ачуу сабагын.

11-13. "Подруга" түркүмүнөн

xxx

Сиз эринесиз кийинүүдөн да,
Креслодон турганга зеригин, аттиң.
Сизге ар бир келген күндөр
Менин шаттыгымдан болмок шаттуу!

Өзгөчө уялтчу Сизди мынча кеч.
Түнү, суукта келген бир убак.
-Ар бир Сизге келчүү сааттар
Менин шаттыгымдан жашармак.



Сиз атайлабай жөн эле эриндиңиз,
Айыпсыз жана ондолбос чектеп.
-Мен Сиздин жаштыгыңыз элем,
Жаныңыздан кыйгачтай өткөн.

25-октябрь 1915-ж. (22 жашында)

xxx

Москванын айланасы дөбөлөр көгүш
Абада кичине жылыган – чаң жана кара май.
Күн бою уктайм, кереэли кечке күлөм –
Сыягы, кыштан айыгып бараткан окшойм.

Үйгө баратам. балким өтө акырын
Жазылбаган ырларга бир да ачынбайм!
Дөңгөлөк кылдырты , куурулган бадам
мага кымбат бардык төрт сап ырдан.

Башым таптаза, бопбош ойлордон,
Жүрөгүм ашыкча толгондон улам!
Майда толкундай күндөрүм менин
Көпүрөнүн үстүнөн мен карап турган.

Бирөөнүн караганы ашыкча назик,
Жылыган назик абада бир саам.
Мен эми жай менен ооруй баштадым,
Зорго айыгып ызгаарлуу кыштан.

13-март 1915-ж.

3.
Каалап карайм күзгүнү, тунуган жай
жана түштөр туман.
Сурамжылайм тынбай – кайда барасыңар,
Кайда барып токтойсуңар.

Көрүп турам корабл мачтасын,
жана силер - палубада...
Силер – поезд түтүнүндө... талаалар
Кечки нааразылык баарыңарда.

Кечки талаар шүүдүрүмдүү
Аны айланган - кузгундар.
Силерге жалпы Бата берем
Кыбыла болсун төрт тарабыңар!

3-май 1915-ж.

14.

Мага жагат, Сиз оорубай мен үчүн,
Мага жагат, мен оорубай сиз менен.
Оор жер шары биздин бут алдыбызда
сүзүп кетпейт, мурун дагы сүзбөгөн.
Мага жагат, болуу мүмкүн күлкүлүү,-
жөпжөнөкөй – ойнобогон сөз менен.
Кызарбаймын жүрөк кыскан толкундан
Кол тийгенде – дуу деп күйүп бүт денем.

Мага жагат, көз алдымда сиз туруп,
Кучактайсыз жайбаракат башканы.
Мен сизди өппөй, тозок оту күйгөндө
баш урбайсыз мени ошого жакканы.
Менин назик ысымымды, назигим
Эстебейсиз күндүзү да, түн дагы.
Тыптынч чиркөө эч качан да ырдабайт
Экөөбүзгө атап: Аллилуйяны!



Сизге рахмат, жүрөгүмөн, колуман,
Билбей туруп – мезгилинде сиз мени
мынча сүйүп: сактап түнкү тынчымы,
жолугуу аз. кайтканчакты күн деми.
Айлуу түндө сейилдебей калганга,
Башыбызды бир жылытпай улуу Күн.
Тек калганга – Сиз оорубай мен үчүн,
Тек калганга - мен оорубай Сиз үчүн.

3-май 1915-ж.

XXX

Скрипач – болгон окшойт бир тегим.
ууру жана баскынчы да, каран күн.
Ошондонбу, тентимиштик өнөрүм
Чачтарыман жыты келет шамалдын?

Кара тору, ал эмеспи арабадан
Өрүк уурдайт менин колум аркылуу
күнөөкөрү - ышкылуу бул тагдырда
чачы тармал, кырдач мурун ошолбу?.

Буурсун менен жер айдаса таңданып.
Чычырканак шагы эрдинде – чайнанган.
Өтө шылуун, жаман жолдош болгон го
жана ойнош эркелеткен, жалбарган.

Мүштөк сүйгөн, айды жана шуруну,-
кошуналар жанжаш болсо бүт баарын,
ойлойм анан болсо керек - суу жүрөк,
сары көздүү тегим менин жанагы.

Жанын саткан азезилге тыйынга,
Жарым түндө мүрзөлөргө барбаган.
Анан ойлойм, бычак катып кончуна
канча адамды уу жыландай арбаган.

Далай жолу бурчтан чыгып – мышыктай
секиргендир үшүн алып жүрөктүн.
эмнегедир – мен түшүнүп калдым, ал -
скрипка ойнобогон, түгөнгүр.

Түккө турбай эки дүйнө ал үчүн
өткөн жылдын кары сындуу жайдагы.
менин тегим мына ушундай "скрипач"
акын болдум- аны тарпай мен дагы.

- 0 -



**Александр Блоктон**

**Экклесиаст**

Жарык менен көлөкө батаа берип,
күүнүн оюнунан жыргайт.
Чексиз боштук – тиягы карачы,
Күнүң сенин кай тарапка ооду экен.

Күмүш чынжыр бүтүн бойдон,
Чөөгүндөрүң толтура.
Өрөөн ичи бадам гүлдөп,
Нымдуу аптап дем алат талаа.

Тоого карай үйүнө баратасың,
Чак түштөгү нурга чөмүлүп.
Алтын белбоочон -- баратасың, ал
Кара чачтарыңа калган көмүлүп.

Кипаристин гүлдөрү ооруган,
Чегиртке - мына салмактанган.
Жолго коркунуч чачылган,
Бийиктиктер түнөрөт андан.

Тегирмен чарчаган тарткандан,
Качып баратат сакчылар корккон,
Душмандын арбагы оодарып эсти,
Күчтүү дарактар ийилет жерге.

Жапайы коркунучтан сүрдөнүп,
айбандар, адамдар топтошкон бирге.
Жылчыксыз жабылган эшиктер тосот,
айнектен карайт олтуруп жерге.

24-сентябрь 1902-ж.

xxx

Эркиндик көктү карайт,
терезе ачык турат, ызгаар жел.
Калтырды айлардын үзүгүн,
артына кызгылтым бариктер.

Ай түнү сары жарык – орок болот,
Түнкү орумда жалтылдаган.
Анын батканы, анын корогону,
Эркелет каректер акыркы жолу.

Ошол кездегидей шыңгырайт терезе,
Бирок, менин үнүм таптаза абадай --
Эбак ырдап бүткөм, эбак басылганмын.
Тросниктин түбүндө баш калкалайм.

Ай кандай купкуу
көк асманда,
алтын түстөнөт ничке чачтай...
Ах кандай термелет жалбырактай –
унутулган, өңү өчкөн, буудай машак...

10-октябрь 1902-ж.

xxx

Чумкуп калдым деңиздей чексиз бедеге,
Аарылардын жомогуна курчалган.
Бирок, шамал түндүккө чакырган
Менин балалык жүрөгүмдү таалтыр.

Чакырды согушка жайыктардагы,
Асмандын дем алуусу менен күрөшкөнгө.
Чөлдүн жолун көрсөттү мага,
Кетип бараткан караңгы токойго.



Мен кыйшык дөңсөөлөрдүн жолунда
барагам,
Чарчабай караймын алдыга.
Көз алдымда айыпсыз таптаза жүгүргөн
Менин балалык жүрөгүм баратат.

Мейли уйкусуз көздөрүм чарчасын,
Ырдайт, кызгылтым чаңдар.
Гүлдөр жана аарылар сүйүп калган мени,
Жомок эмес чындыкты айтып беришти.

18-февраль 1903-ж. 71 стр.

19-декабрь 2015-ж. которулду

# Ангемелер

## Биринчи мигрант

Замандар ажыдаардай сойлогондо адыр-будур жолдорду казып аң кылат. Кээ жерди киши өтө алгыс жар кылат экен. Бизде эгемендүүлүк деген ээн оозук келди. Эч жерде ырыстуу иш жок, жөн эле эл оозу менен оттоп жүрүп калды... Килтийген чоң ишканалар чекеден жабыла баштады, токтоду. Анча-мынча жолун билген адам дыйканчылык, малчылык менен алектенип күн көрсө, колу эптүү иш билгилери ар кимге жалданып устачылык кыла баштады, кээси көчө таптап, иш таппайт...

Мен шоопур элем. Бир банкта, белинде жашыл сызыгы бар "Жигули" минип акча ташыйм. Айлыгым үй-бүлөнүн тамак-ашына араң жетет. Бирок, ишим бар, андай ишке жетпегендер канча. Ушинтип иштеп жүрүп бир күнү айылга барсам, жалгыз бир тууган эжем безилдеп олтурат.

"- Кокуй беш уул тапсам, анын үчөө Москвага иштечүүбүз деп кетти эле, түн уйку, күн тынчым жок. Бир сүйлөшүп койсоң, сени угат, тагам айтты деп. Айылга кайткыла, бирөөнүн элинде мусаапыр болбой де. Апаңдын башына азап салбагыла, ыйлап олтурат де. Өздөрү оло шок немелер, күндө ар ким менен мушташып, милисадан чыкпай жаткандыр"- деп, бир кыйла мага арыз - арманын айтты. Эне да, балдарынан көңүлү тынчыбай олтурган экен.

Маакул эже, мен сүйлөшүп көрөйүн. Сиз аларды көп ойлой бербең, чоңоюп калышкан. Бир-эки өздөрүнөн



күчтүүдөн токмок жесе, эч ким менен мушташпай эле калышат.- дедим.

Шаарга келип, эртеси эле эжем берген номур аркылуу жээндериме телефон чалсам, чоң уулу алды. Ал жайды сураштык, айылга кайтып келгиле дегениме көнө турган эмес, кайра мени Москвага чакырды.

- Тага, келип үч-төрт ай иштеп кетиң. Биз тосуп алабыз, квартира издебей биз менен чогуу тура бересиз. Келиң! – деди.

Мен ойлонуп көрмөк болдум. Барып иштегенге жээндерим менен сүйлөшкөн соң кыйла кызыгып калдым. Аялыма кеңешсем, үч жылдан бери эмгек өргүүгө чыга элексиң, ошол мезгилге тууралап барсаң барып кел дейт. Иштегилерге айтсам да, ой жээндериң бар экен, сага жардамы тиет да, бара бер деген кеңештер...

Кабыргам менен кыйла кеңештим. Кабыргама акча керек да. Бу катындарга канча акча апкелсең деле жок дей беришет эмеспи. Ошентип начальнигиме айтып, үч айлык эмгек өргүүгө чыктым да Москвага жөнөп кеттим.

Москвага бардым, эжемдин балдары бир грузиндин курулушка керектүү буюмдарын сатышат экен. Мен башка кызмат тапканга чейин алардын иштеген жерине келем. Мага ошол контейнер – кампаны сата бериң деп таштап кетишет, биринин баасын билсем, экинчисинин баасын билбейм. Кийин байкасам алар мени үйрөнүп алсын дегенсип, атайын эле таштап кетип, базардын бир четинде жүрүшүптүр. Кызыгып, иштеп калабы дешкен го. Бир жолу жакшы соода кылыпсыз, сыйлык деп миң рубль берип да коюшту. Көнө албай, сооданы үйрөнө коеюн дебей эле, өзүмдүн үйрөнгөн кесибим боюнча бир машинаны ижарага алып, таксичи болуп элди ташып, иштей баштадым. Бир күндө миң рублга иштесем болду, дароо машинаны токтотом, эртеси да ошол адат. Башка элдерден келип иштеген таксичилер 3500 рубль

болмоюнча таксини токтотушпайт. Мага бул мин сом өтө чоң акча. Жээндер мага:

- Тагамын нормасы миң рубль, андан ашыра иштесе болбойт,-деп күлүшөт.

Күндө отпускам азайып баратат деп эсептейм, кичине жээнге карыз элем, кой дегенине болбой, биринчи айлыгыман төлөй салдым.

- Акчаны акча келтирет, азырынча бербей эле иштете бериң –десе да болбойм, өзүмчө көп акчалуу кишидей, бай адамдай элестетип, карызымды берип кутулдум. Баягы банктын машинесин минип алган айлык кеп эмес. Курулуш иштерине керектүү, Кыргызстанда жетпей, акчалуу болсом алам деп ойлоп жүргөн, күчтүү дубал тешкич ж.б. аппараттарды сатып алып даярдап койдум.

Үч ай тез эле көз ачып-жумганча өттү.

Совет мезгилинде эмгек өргүүдөн эки күн калганда ишке барып, чоңдорго көрүнүп, ишке дал күнүнө - күн чыкчубуз да. Айына миң доллардан иштеп, карыздан кутулуп, тилеген курулуш жабдыктарын сатып алып, өзүмчө эле бир көңүлүм ток.

Жан талашып эл сыяктуу да жулкунбайм, жеткиликтүү болду да деп жатпаймынбы, мындай айлык албаган жаным.

Бала-чакама, начальнигиме белек- бечкек алдым, жүз долларды аябай короттум. Жээндерим дагы бир – эки ай иштеп алып, анан кетиңиз десе, угаар кулагым жок. Ошту, туулган жеримди сагындым.

- Ишимчи, ишим башталып калды да, - деп, ошол шоопурлук ишимден бошосом эле талаада калчуудай болуп, Ошко учуп келдим.

Эртеси белегимди көтөрүп алып начальникке жетип бардым.

– А, келдиңби!

– Ооба, келдим.



– Иш кандай экен? Жакшы эле акчага иштесе болгудай бекен?

- Такси айдап, айына жеген, ичкен, машинанын ижара пулун төлөгөндөн тышкары айлыгым мин доллардан болду - десем.

- Ой, анда эмнеге келдин?! Мага телефон чалып сурансаң, дагы беш айга акысыз отпуска бермекмин да, - десе болобу.

Менин ал кишиге алган жакшы белектерим "ээриттиби", же тигил өмүрү түшүмө кирбеген айлыкка калбай келгеним үчүнбү? Айтор, шефим да таңданып мага карап эле олтуруп калды.

– Эртең ишке чыга берейинби?

– Ой, Мекенбай, эртең ишке чыгып эмне кыласың, жол келдиң беш күндөй эс ал, туугандарыңа жолук. Анан дүйшөмбүдөн ишке келе бер, - дейт.

Ырас эле эмгек өргүүм бүтүп баратат деп күндү эсептебей, шефиме телефон чалып, эмне кылайын деп сурасам болчу экен. Антүү оюма да келбептир. Анын үстүнө, ал кезде акча күчтүү 500 сомдон 1000 сомго чейинки айлык бир айга тамак- ашка, жашооңо кенири жетчүү. Мурда айлык алтымыш сомдон башталат эмес беле. Ошто арзанчылык. Ошон үчүн тиги акча эч түгөнбөчүүдөй көп сезилип, орто бай кишидей дардайып келбедимби.

Айтканындай, айылга эжеме, башка туугандарга учурашып келип, баягы көнгөн ишиме чыктым. Элдин баары таңгалат.

- Мекенбай, эмнеге келдиң, ошончо айлыктан, там салып алмак экенсиң. Канчадан бери жериң бош турат, - дешет.

- Кайдан билдим, иши жок калам дедим да – дейм.

- Ошо иштеп жүрүп машина алып алсаң, бошотуп жиберсе деле шоопур болуп иштей бермексиң да – деп. күлүшөт.

Кайдан билдим, ишке убагында чыгып, убагында банктын акчасын ташып, эски "Жигули" бузулуп калса, түнү менен ондоп жүрөм, өкмөттүн ишин токтотпой. Баягы эле жетишпеген гөр оокат. Мен иштеп таап келген акча тез эле түгөнгөн.

Достор, туугандар дале күлүшөт. –" Мекен, ырас келе берипсиң, болбосо байып кетмек элең. Биягы нака кыргызча иш. Жулунбай эле, өкмөт бергенин алып, кайда коротом дебей тынч жүрөсүң. Акча көп болсо, эмнеге иштетем деп ойлонуп убара болот адам."

Мен да ага ынанып калам. Бар болсо да балее, чынбы?!

Жээндерим, ар бири бирден айылга там салды. Ата үйүн да бузуп жиберип, ордуна жакшы кызыл кыштан эки кабат үй куруп коюшту. Баягы муштумчаак чоң жээн Москванын чок ортосунан өтө кымбат үй сатып алды дешет инилери. Андан бери жыйырма жылдан ашык мезгил өттү. Мен дагы эле баягы шоопур ишими иштеп жүрөм. Күзүндө буйруса пенсияга чыгам. Мен эми Москвага барып иштей албай калдым! Калдым!..

Пенсия жетпесе, көптүн катарында жер тырмалайм, "Эр эмгегин жер жебейт" дешет эмеспи. Бүт тирүүлүктү баккан, майлуу-сүттүү Жер Эне багат да.

23.03. 2016-ж. Бишкек



## Дүйнө кыдырган кыргыздар

Кыргыздар бир бир кызык эл. Макалдарын жөн эле бир том жазган Римдин философторундай бир-эки сөз менен айтып коюп, сакалын сылап, "Кымызын ичип, кырга чычып, айранын ичип, адырга чычып" жүрө бериштир. Кырда олтуруп алып ааламга көз да, ой да жүгүртөт окшобойбу.

Телевизордон өткөн кылымдагы (элүүнчү жылдары) тартткан индиялыктардын "Бродяга" ("Тентимиш") деген киносун көрүп олтурам. Дүйнөгө ушундай ойногон ролдору менен бала кезибизден тааныш Радж Капур, "Тентимиш", "Господин 420" деген фильмдерди биздин замандын аксакалдары, байбичелеринин билбегени, көрбөгөнү чанда болсо керек. Анын ырдаган бир ырын:

"Башымда орус калпагым,
Бутумда япон байпагым,
Шымды берген англичан,
Чыныгы өзүм Индостан" – деп которуп алып

артистердин ырдап жүргөндөрү да болгон. Кедейчилик, жумушсуздук, көчө баласы болуп көрбөгөндү көрүп чоңойгону тууралуу. Индустардын өткөн кылымдагы жашоо турмушу, жалпы элдин бай кедейге ажырап, азап – тозокту тарткан көпчүлүк тууралуу. Кинону баалап, анын тарбиялык маанисин айтып берейин деген ойдон алысмын. Азыркы замандын уул-кыздары "боевик", "укмуштуу" адам түшүнө кирсе корко турган, "адриналин" бере турган фильмдерди көрүшөт.

Советтик сонун эмгек, ыр, план, комсомол, партия, студент деген фильмдер аларга жакпайт, ээригип кетишет андан. Ата Мекендик согуш тууралуу көрүшсө, "-Ана,

силердикилер жеңет, душмандар жеңилет- кантип ушуну көрө бересиңер тажабай"- деп, чыга качышат...

Биз болсо кайра-кайра эле Ю.Никулиндин. Папановдун, Леоновдун, Тихонов жана башкалар ойногон кинолорду көрө беребиз. "Брилиантуу кол", "Дүйнөмбүгө чейин", "Джентилмен удачи", "Жаздын он жети ирмеми" ж.б. Баары жөнөкөй, түшүнүктүү, биз жашаган коомдогу турмуш, карапайым эл, боорукер адамдар...

Биздин кыргызстандыктар Радж Капурдун ырындай кытайдын тапичкеси, немистин шапкеси, түрктөрдүн көйнөгүн ж.б. тапкандарын кийип алып, тирчилигибизди оңдойбуз деп дүйнө кезип "Ийини тийбеген эшик, ээги тийбеген кашык калбай" жүрүшөт.

Бул макалды өткөн кылымдарда эле гений кыргызың, жаны тынбай, "аягы сай таппай" тентиген, "Бири эки болбогон", бир жерде "Күлү дөбө болбогон", бир иштин өдөсүнөн чыкпай тентип жүргөн безерини айтышаар эле. Мунун "Ийини тийбеген эшик, ээги тийбеген кашык калбай" тентигени тентиген деп.

Азыр бир өлкөгө барып иштеп, бир өлкөдөн бир өлкөгө акчалуу адам көрүнүп эс алып жүргөн "совмеренный кыргыздар" модалуу кийим кийгендей эле болуп калды.

Кыргызымдын байлагы да башка элдики, гөлөчү да башка жактан келет. Он кишиге иш орун кылып гөлөч да чыгара албай, чоң-чоң көк акчалар тууралуу сөз кылып, бай-барктуу уул-кыздарыбыз эч кимди тоготпой акчабай болуп талтандап жүргөн кездери.

Бүгүнкү бай менен кедейдин ажырымы Радж Капурдун кабак кашындай, жалдырап ырдаган көздөрүндөй аргасыздыктын кейпи.

Элибиздин кой жылында абалы кандай болот, "таможенный союз" деген ажыдаар эмнени жалмалаар экен, кантсе да эл арасында тынчтык, барчылык.



оозунда наны бүтүн болсо экен. Кайсы өлкөдө, кайсы кылымда болбосун, алчы-таа түшкөн, улам ойт берип турган тагдырлар, жерди бир мүйүзүнөн экинчисине которуп солкулдаткан көк өгүздөй билермандар, "ортодо чымын өлөт" болуп "бутка оролошкон", керек болгондо кел берилеп, керек болбой калса унут калган карапайым эл, ар бир кылымда баягы эле окшош турмуш. Индустун олуядай болуп бир кылым мурун ырдаган ыры мени ойго салды. Жараткандан калбайлы, өзүң колдо, өзүң медет бол, элим аман болуп, эл ичинде бала-чака менен биз да аман бололу. Куш келипсиң, касиеттүү Чолпон Ата –койдун пири.

# Карыя

Күздүн башы. Дарактар жапжашыл боюнча. Күзгү зыркаар, муздак жел жүрүп турат. Асмандагы боз булут үзүк-үзүк болуп түлөгөн тайлактай. Анда-санда арасынан көгүлтүр асман көрүнөт.

Бүгүн дем алыш күн. Улуу-кичүү, аялдар балдары менен сейил бакты аралай жай басышат. Көптүн бириндей эле тиги илкий баскан карыя бир жамбашынан экинчи жамбашына оой басып келип күндөгү адатындай узун отургучтун четине отурду.

Өңү кара тору, арык чырай, мурунку интелигент сыяктанган, чокчо сакал карыянын көздөрү жашылданып, балдар тарапты тиктеп бир далай отурду. Аларга маани берген деле жок, өзүнүн ой-санаасы менен бир чекитти караган бойдон 60-70-жылдарды аралап артка кетти.

Жаным кыйналды да, деп койду арасында. Анда айыл, 42-жылдар, шүдүгөрдөн буудайдын, маканин машагын терип. Энтеп эки бүдүр буудай тапса сүйүнүчүн айтпа. Себеби, машакты башкалар да терет. Тим эле көзү төртөө болуп, жерди тытып издеп теришет. Жаз, үзүкчүлүк, жалбыз, чырыч, аткулак чыга баштайт. Аны апалар энтеп бышырып берип, өзөк жалгайбыз. Канаттуулар келишет, аларга тузак коюп, энтеп бир таранчы болсо да төө сойгондой бышырып жемей. Канаттуулар, кимдин короосунда бак-дарак көп болсо, ошерге уя салып, тукум тушат. Чымчыктардын тукумдарын да тиги короонун ээсине жалынып жүрүп коюнга терип түшөбүз. Анан балапандар чыгат. Ой ошол балапандарды коюнга алма тергендей терип түшүп (май кайда) кара сууга эле буттарын тарбайтып кайнатып жеп жүрдүк.

Аталар, агалар бүт батышка согушка кетишкен. Биз алардын жумушун апаларды этектеп жүрүп жасайбыз. Согуш баш бакпаган бир үй калган эмес бул чоң өлкөдө...



Ой, тообо. Кудайга жалынбаган да, ага таарынбаган да күнүм болбоду. Жалынып жакшылык тилесем, мага эмне мындай күндү туш кылдың деп, таарынып күнөөгө далай баттым. Кайсы бир мен билбей кетирген күнөөмдүн эсесидир. Айылдык мектепти бүтүрүп, эптеп институтка окудум. Иштедим, өзүмдөй жетим кызга үйлөндүм... Бу кандай ташбоор эле тагдыр, бала көрбөдүк, жокчулук менен суук түбүмө жеткен экен деп ойлойм ичимден. Ал байкуш экөөбүз сен-менге келбей жашадык. Кудайга керек экен кете берди. Коколой башым, үйгө кирсем да, сыртка чыксам да мени ажалдай ээрчиген санаалар эзип, жеп бүттү. Жалгыздык, же туугандан кудай айтпаптыр, достор өз тирилиги менен, көбүнүн көзү өтүп кетти...

Балага зар болдум, баланын жытына зар болдум, баланын балдай тилине зар болдум, жыпжылуу кичинекей наристени боорума кысып, өзүмдөгү бүтүндөй чоң ысык табымды, мээримимди, кубанычымды, кубатымды бере албадым. Баланын касиетинен, жүргөн-турганынан кубат ала албадым. Өзүңдөн эч сырымды жашырбаган жараткан, мен эми кантип өлөм. Кимге керээзимди айтам? Кимден ыраазылык алам? Ким мени акыркы сапарга карап туруп, жаагымды байлайт!? Оюнун ушул келме келтирип узатат, жаагымды байлайт!? Оюнун ушул келме келтирип узатат, көзүнөн жерине келгенде карыянын колу- буту калчылдап, көзүнөн жашы шорголоп тизесине таамп турду. Баланын чыңырыгынан эсине келди. Секирип ойноп жаткан бала жыгылып жатыптыр, жаш жигит тургузуп, чаңын күбүп көтөрүп кетти.

- Ии, чалынган тура- деди карыя күбүрөп. Андан ары оюн улады. Мен да бул жашоодо көп ирет чалындым, көп ыйладым эч кимге көрүнбөй. Көп жаңылып жаздым деп өксүп койду.

Карыя бул орундукка күндө бир маал келип, узак олтуруп анан кетет, үйү деле шундай жалгыз дүйнөнү караңгылайт. Думугуп бүтөт карап, улам караңгылагандан караңгылайт.

киши жалгыздыктан, түнт караңгылыктан, сууга чөгүп бараткан адам сыяктуу үн-сөзсүз думугат үйү. Ойноп кулак кужурун алган не бала, не небере болсочу. Кулак-мурун кескендей тыптынч. Эптеп телевизор көрөт, анда деле ырыстуу чын сөз жок, ушу эфирде олтуруп алып да элдин кулагына лагмандын камырын илишет. Мурдагы адамдарда ыйман бар эле. Ушу тунжураган ойлордун арасында карыя газга чай коет, көнгөн тамагын бир канча убараланып жүрүп жасайт. Кандай маанайда болсоң да бу курсагың тамак сураганы сураган. «Атасы өлгөн уктайт, курсагы ачка уктабайт» - деген экен элибизде. Кекиртекти багып туруу керек. Мындай алганда баары бар, үстүндө үйү, эски болсо да эзели үшүтпөгөн бүтүн кийими, тамак-ашка тыйыны – пенсия бар.

Бир аз болсо да сергилең абада өзүн жакшы сезип, бирөөнү издегенсиди айланасын карап. «Көрүнбөйт го» деп күңк этти. Өтө улгайып калган орус чал басып чыкчу эле. Баса албай калды бекен, көрүнбөйт, деп тынчсызданган болду. Анан тез эле көңүлү тиги балдарга бурула калды. Селкинчек канча бийик көтөрүлсө, ошончо тиги кичинекей кыз чырылдайт, андан бою тигирээк бала улам күлөнөт. Аларды карап турган келин тыйса да бала угар эмес, балалыгын кылат тура деп койду. Булар азыр бийик учкусу келет. Тооба. Азыр балдар оюндан башка менен иши жок, бизчилеп ачкалыкты, кийимсиз биттеген турмуш эмне экенин билишпейт. Айтсаң түшүнбөсө деле керек жайын-кышын, күнү-түнү кийген бөз көйнөк, таар шымды. Алда ошол жокчулук замандын азабы ай.

Карыя улам бир нерсени ойлоп олтуруп күн кечтей түшкөнүн байкабай калды, күүгүм болуп калган тура, кой эптеп үйгө жетип алайын дегенчелик кылып тура жөнөдү.

Адатындай үйгө келсе, эшик алдында жаагын жанып олтурган, «үйүнөн жылан чыккан» (карыя аларды ушинтип айтат ичинде) жоон катындар узун отургучта көрүнбөйт.



сыягы үйлөрүнө кирген окшойт. Эртеден кечке эшикте олтурганы-олтурган, же сөздөрү түгөнбөйт, үйүндө иши жокпу, ушуларга чыдаган эрлерине ырахмат деп коет оюнда. Булар мени деле жөн коюшпайт деп дилинен сезип жүрөт.

Подъездге жуп кирерде алдынан ноочa келген жигит жолукту.

- Амансызбы? Ден соолук кандай ава?

- Рахмат, жакшы, жакшы – деп жооп бергенче шашты карыя.

- Сейилдеп келдиңизби?

- Ооба, балам кичине сейилдеп келдим. Өзүң кандай?

- Жакшы ава. Бизге кызмат жокпу?

- Рахмат.

Тиги жигит жолду бошото берди. Бул кошуна жигит үстүңкү кабатта жашайт. Калың сурашып, кабар алып турат. Ушундай балам болсочу дейт карыя аны көргөн сайын, чиркин дүйнө ай мени кайсы айыбым үчүн минтип коколой баш кылдың экен деп каңырыгы түтөйт.

Үйгө кирген соң чырагын да жандырган жок. Олтурган жеринде эле нес болду. Мен тим эле периштедей таза белем, ой, баягы Сыргачы?! Мага канча ирет ыйлап артыман келбеди беле. Ай атаңгөрү, тарс эсимен чыгып кеткен турбайбы, андан кутулганыма сүйүнүп кала бербедим беле. Колунда баласы менен көлгө кетти дешпеди беле кийинки жылы. Ооба. Баласы колунда кайдан пайда боло калды дейм да. Сенсиз жашай албайм деген катын таштап, ыйлап кетпеди беле. Ал кийин кимге тие коюптур. Нес болуп олтурган неме тикелене түштү. Токточу, муну бир билсе баягы эле Бакыттын аялы билет. Экөө курбу, анан жердеш болчу, ошолор аркылуу туулган күндө таанышып, анан илээше калбадым беле. Көзүмө оттой көрүнүп, аялым эстен чыгып, далай убайым тартып жүрүп араң унуткам.

Анан келинчегимди жетелеп барбаган курорт, көрүнбөгөн доктур калбады. Аялымдын айласын алты кетирип төрөбөйсүң дешпей текшере беришкен. Сизде болбосун, көрүнүш керек экен десе эркектик куру намыс менен эч көрүнбөй койгон элем доктурга.

Ошол Бакыттын туулган күнүнө барганда да келинчегим ооруканада жаткан. Мен ичимдеги күйүттү баскан киши болуп (достордун балдарын көргөндө) өлө ичип, эртеси ойгонсом койнумда Сырга жатыптыр. Эч нерсе билбейм, бүт баары өчүп калган экен.

Сыргага аялым бар, чатак иш болуптур масчылыкта. кечирип кой десем аябай ыйлаган эле. – Мен кантем. Ата-энеме, элге эмне дейм. Чапчаң үч ай артыман акмалап, мен деле ага улам жолугуп, байланышты чорт кесип кете албай, тиги кыздын убалын ойлоп, аялымды ойлоп, ошол ичкен арака шылтоологон менен айыбым жүрөгүмдү өйүгөн. Ал кезде заң-закүн күчтүү эмес беле, эки аял алат, "бирөөнүн кызын бузуп коюптур" деген сөз эң жогорку чектеги колуң менен жасаганыңды мойнуң менен тарта турган жаза эмес беле. Сыргага жалынып-жалбарып олтурбай эле, дөңгөчтөй үн-сөзсүз тунжурап, дүлөй-дудук сыяктуу дөдөйлөнүп жүрүп кутулганга аракет кылгамын. Ал кыз башы менен эч кайда арызданган эмес. Жөн эле кайсы айыбым үчүн деп коем. Бирөөнүн айнектей кызын айып кылбадым беле, арак ичпей таш-балакетти ичкир десе. Кыз көзүмө оттой көрүндү деп, калп эле арака шылтоолойм. Чоң күнөөмдү эстеген сайын, бул кылмыштын чети чыгып калбаса экен деп, кыялыма да жолотпой, эстеген сайын чок баскандай дене боюм дүркүрөп коркуп жүрбөдүм беле. Сырга бечаранын кийинки тагдырына кызыкмак турсун, атын атоодон коркчу эмес белем. Лом жуткандай болуп зыңгырап жүрүп алып, ай менин жүзүм курусун. Накта Кудайдын каарына, Сырганын каргышына, убалына калган экенмин.



Кайрадан досторунун сөзү кулагына жаңыргандай болду.

Ошондо «колунда баласы менен көлгө кетти» деп каңкуулашса деле түшүнбөй, эми минтип "бир бутум төрдө, бир бутум гөрдө" турган кезде гана эстеп калдымбы. Карыя ошол чыракты жандырбаган боюнча өзүн жерден алып жерге, гөрдөн алып гөргө салып өлө сөгүп олтурду. Сөгүнгөн сайын ичинде бугуп жаткан бул эски сыр ызасын күчөттү, өз көкүрөгүнө, үйгө, ааламга батпай чыкты. Атаңдын гөрү десе, дагы дегеле кой оозунан чөп албаган момун болуп көрүнөм. Пешенеге бир уул же бир кызды Сырга аркылуу Кудайдын боору ооруп берген болсо, көр намак[1], былжырап жүрүп билбей өтүп кетмек тура.

Ыкчам туруп жарыкты жакты. Бакыттын телефонун тиги китепчеден издеп тапты. Өзүнчө бир кайратына келе түштү.

Бул окуяны жакшы билген Бакытты издеп таап, ага жолугуу керек эле, чиркин, таң эми качан атат. Ал мезгилди бармактарын бүгүп жүрүп санап чыкты, кырк бир жыл болуптур. Кой эртең менен эрте туруп Бакытка барайынчы, эмне дээр экен. Кайра жүрөксүй түштү.

Таң атканча көрбөгөн түшү калбады, уйку-соонун ортосунда онтоп да коет. Бала кезиндеги көк жайыкта кызгалдактар жөн эле өрттөй тегиз гүлдөптүр, бийик жон жакта Сырга баягы жапжаш кези, колуна бир тутам терген гүлүн кармап турат, аппак көйнөгүнүн этегин жумшак жел желбиретет, эки өрүм кара чачы туудай көрүнөт. Сырга тарапка карай өр талаша жүгүргөн сайын күйүгүп, көкүрөгү ачышат, же кыйкырса үнү чыкпайт. Кичинекей бала Сырганын артында томпоңдоп ойноп жүрөт. Эптеп ойгонгондо кара терге түшүп калыптыр, көзүн жумган

1 көр намак[1] – барк билбеген, жакшылык билбеген, жакшылыгы жок адам

бойдон түштөрүн иреттеп эстеп бир топко жатты.

Башына батпаган ойлор, Бакыттар билеби, Сырга кайда болду экен, «колундагы баласы» дегени чоң эле киши болуп калды да. Ал кимдин баласы? Сырга мага өчөшүп, как баш, куу баш туяктын жытын билбей өтсүн деп айтпай койгондур. Кандай болсо да Сырганын жайын билмейинче жаным тынбайт. Ушуну билүүгө Кудай мага кубат бере гөр – деп суранып- тиленип жүрүп жолго камына баштады.

Ийненин көзүндөй болгон жылчыктан үмүт оту бүл-бүл күйөт. Ошол карыяны тикелеп, дем берди, кайрат берди. Ыкчам кыймылдап, бети-башын күзгүдөн карап, шифонердеги көптөн бери кийилбей сакталып турган ак көйнөк, сый костюмун кийди, туфлисин жалтырата тазалады, кыйла тикеленип, жашара түшкөнсүдү. Өзүн бир чоң ишке аттанган жоокердей сезип сыртка жөнөдү. Жүрөгү опкоолжуп турса да, чоң жолдо чечкиндүү бара жатты.

12.09.2015-ж. Бишкек



## Сары чийкил турмуш

- Сен кимсиң?- сурады телефондун тиги учундагы такылдаган аял.

- Мен, мен таанышы болот элем, чакырып кое бериңиз! Өтө зарыл иш бар – деди мукактанган жаш аялдын үнү.

- Азыр – деп, трубканы столго койгондой болду, тапочканын шалап-шалап сүдүрөй баскан үн алыстады. Сыягы чакырганы кетти окшойт.

- Да, ким экен?

Белектин жумшак, жагымдуу коңур үнү музыкадай эле угулду.

- Саламатсызбы? Мен Гүлзат элемин. Жарым сааттын ичинде жакшына жасанып кийинип паска түшө калгыла, машинеде олтурам иш бар.

Телефондун берки тарабындагы сүйлөгөн үн, тигиге ашыкча суроо бердирбей өз сөзүн айтты да койду. Белектин жашы бир топко барып калса да салмактуу сүйлөгөн үнүнүн тембри жүрөккө жакын, кулагыңа айткан сөздөрү кыттай орногон касиети бар. Жашында ар бир шыбыры менен аял кишинин жүрөгүн өзүнө дароо эле буруп алчу, аял киши кулагы менен сүйөт дешкени ошо болсо керек. Белек алсырап өтө улгайып бараткандай. Өзгөчө уулу кырсыктап калгандан бери алдан тая баштады. Эч нерсеге көңүлү келбейт. Дүйнөнүн аркы бети да, берки бети да караңгы. Белекти эч нерсе деле кызыктырбай калган. Бул кыз жабышканы жабышкан, келет звонок кылып кээде өзүнүн машинасы менен, кээде Белектин машинасын миндирип алып шаар сыртына, булактын башына, же жаңы ачылган ашкана, кафелерге алып барып, сүйлөшүп олтуруп кетмейи бар. Жасанып жүрүңүз деп жасантканы, күлүп жайнап аңгемелешкени

Белекти далай жаман санаалардан алаксытат. Кайгыга мүңкүрөбөй азга болсо да шордуу турмушун унута түшөт.

Белектин турмушу шордуу эмей эмине, бул үчүнчү турмуш. Биринчи аялынан бир уул, бир кызы бар. Алар эбак чоңоюп өз тирилиги, балдары менен алек. Уулу гана анда-санда атасына акча каралашкан болуп коет. Экинчи аялдан бала жок. Бул аялынан ошол жайрап калган уул эле... жашында жайрап калды. Аялына Белектин бары-жогу бирдей, баласы барында уулу экөө бирге жыргачуу. Эми биротоло жалгыз калды. Аялы өмүрү Белектин тамак-ашына, кийим-кечесине карабады, өз ишинен бошобойт, тажрыйба кылат, кандидат болом деп жүрдү, эми доктор болом деп көргөн-бакканы иши. Тили да заар, ышкыртып эле бирдемени шылтоолоп каргап-шилеп, мээсин жегени жеген. Эрин дегеле киши катары көрбөйт. Белекке Гүлзаттын келгени жакшы болду, сыртка эмне шылтоо айтып чыгып кетсем экен деп жүргөн.

Күн бүгүн шаңкайып ачык, кыз айдаган машина зыпылдап тоону көздөй баратат.

- Агай, мен тоону сагындым, тиги белдеги жылкычыларга барып, айран, сүт алып, кымыз ичип келели. Тоонун абасы да сонун. Жаздын жытын карасаңыз. Тим эле сонун, көктөм жыттанат.

- Туура ойлонупсуң, мен да кагаздарды кармагым келбей турду эле.

Кыз машинанын радиосун бурады, бир сонун ыр жаңырууда.

- "Көздөрүңдөн көрүп өзүмдү.

Кетпейм, кетпейм сага жолукмайынча".

Ыр жаңырып баратат. барчуу жерге али далай жол басуу керек. Ыр кулакка бир жагымдуу тенор, аткаруу чеберчилигин айт. Ар бир сөзгө өзүнчө басым жасап жүрөккө жеткирген коңгуроодой үнүнө не дейсиң.



- Ырчылар ырды жүрөктөн өткөрүп, жүлүнгө жеткирет да - деп тамшанып койду Белек.

Атайынбы, же жөн элеби Гүлзат машинаны үчүнчү дөңдөгү боз үйдүн алдына токтотту.

- Ассалоому алейкум – үйдөн чыккан кичине кара бала коноктор менен чоң кишилерче саламдаша кетти.

- Алейкума ассалоом, баатыр - деп Белек балага кол бере учурашты.

Аңгыча үйдөн чыккан мойсопут эркек келгендерди

- Келгиле, киргиле үйгө – деп кол жаңсап үйгө чакырганча саламдашты.

Жайлоо, эрге жазгы таза аба, кыргыздын жаны, келберсип тоолор ан сайын бийиктегенсийт.

Гүлзаттын күн-түн ойлогону эле Белек, кетип, кайра келип көргүсү келет. Бул чалга мынча жармашып калдым деп ойлонот. Өзү теңдүү жигиттер менен сүйлөшүү, эс алуу аябагандай тажатма, окшош, жеңил баа сөздөр. Белек менен тарыхтыбы, жарыктыбы сүйлөшө бересиң, чериң жазылат, бир сөздүн аягына жете электе толук түшүнүү. Мен эмне, эми эле ушул чалдын курагында карып калдымбы. Бардык нерсени кылт этпей байкаганы, айттырбай билип турганы жагынан экөө жашташ сыяктанат. Гүлзат бойдок, тиги-буга барып, ишкерлиги боюнча жумуштарын жөнгө салып, өзүнчө маселелерин чечкендиги жагынан эч кимге камчы салдырбайт. Ким менен сүйлөшкөнү жатса да анын кебете-кепширинен, турган турпатынан, кала берсе сүйлөгөн сөзүнөн канчалык адам экени байкалып калат. Аларды оңой эле ыкка келтирип, ушул иштин биргелешип чечүү жагы пайдалуу экендигине ынандырат, дердейгенинин желин түшүрүп, бутун жерге тийгизет. Аларга дердейди деп жегим караш болуп турбайт. Пешенесине жакшы адамды айтпады, эми тиги, "чалга" жармашып (атын айтпай "чал" деп коет),

ошо менен бир-эки саат сүйлөшкөнүнө, караан болуп жанында жүргөнүнө анча кубаттанып калат.

***

Машинасын коюп, жолдон өтүп бараткан.

- Кандайсың, ай Гүлзат? – деген үн жалт каратты.

- Ии, Акмат, жакшы, жакшы, өзүң кандай?

Шыңга бойлуу, ак жүздүү жигит жаркылдай күлүп амандашты. Аны-муну сурашмыш болуп туруп калышты.

- Убакыт таап, чай ичпейлиби?

- Мейли, кабарлашабызго – көңүлсүзүрөөк айтты Гүлзат.

- Ии, баса баягүнү тиги карыяны жүктөп алып катуу кеттиң, эки жагыңды карабайсың, атаң эмеспи?

- Жо-жоок, сени байкабай калсам керек,- Акмат өгүнү Гүлзаттын Белек менен кеткенин көргөн тура.

- Мейли анда, мен шашып турам – коштошо баштады.

Баягы жаркылдаган жигиттин шашкан түрү жок, маалкатып, бир сөз айтчуудай болуп кете койбой, колун кармаган бойдон турат. Ыңгайсыз абалдан чыгууга машинанын катуу бапылдаганы куткарды, чочуган болуп колун тартып алды. Акмат экөө бизнес тармакта жолдору тушугуп калат, Гүлзатка жан тартып, жүзү жаркылдай түшүп, дайым гепке салат. Кыз подьезге тыз койду. Жигит караган бойдон калды. Гүлзат азыркы олдоксон качканын эстеп уяла түштү. Жакшына жигит, геп-сөзү ордунда, иши да жүрүшүп турат, мага өзү эмне керек?! – дейт ызалуу кыз.

***

Белек үйгө келгенде, аялы телефондо какшанып олтуруптур, апкелген айран-сүткө деле карабайт. чымын киргенчелик маани берген жок. Ии, бул эми көпкө сүйлөшөт, мага карап каргыш агытканга чолосу болбойт окшойт деп койду. Иш кагаздарын караштыруу үчүн кабинет деген бөлмөсүнө кирип кетти. Чиймелери



жазылган бойдон, калемдери үстүндө жатат. Четте турчуу кичине диванына эс ала койчуу адатын карматып жата койду, кымыздын деминенби көздөрү коймолжуган Гүлзатты элестетип көзүн ачпай жаткан бойдон уйкуга кетти. Анан акырындап көзүн ачканда таң агарып калыптыр, ачык жатып калганга чыйрыга үшүп турду.

Бу ажыдаар катын бирдеме жаап койсо боло, мунун пейили эч оңолбос болду. Мен бой жүргөндө курбулары тааныштырса, шынаарлап кыйла мага жакындап ойсондободу беле. Мунун пейили үйлөнөөрүбүз менен билинген, өзүнө эч кимди теңебей кагып-силкип турат экен. Эч качан, эч ким, эч нерсе жакпайт ушул эле жакшы, ушунуку эле туура. Анан уул төрөп бере калса сүйүнүп, үйдүн түйшүгүн бүт өзүмө алып, өзүм жасап жардам берген киши болуп көндүрдүм, бүттү моюнга минип, анан башыма чыгып таз чокумду туфлисинин шиш такасы менен майкандай баштаганы качан. Үйдү чаң соргуч менен тазалайм. Чаңдарды сүртөм, эч ким көрбөйт да деп, кирлерди да тиги автоматка түсү менен ажыратып жууп коем. Этти казанга өзүм асып, баланы бакчага алпарып, апкелип, кийин мектепке, эми институтка бара баштаганда жайрабадыбы.

Белектин сапсары өңү да, көзү да кыпкызыл дуулдап чыкты. Эс алып келгеним эки мүнөттө бекер болгонучу. Дароо даарысын таап жеп, кичине суу ууртап өзүнө келгендей болду да шуу үшкүрдү. Бүгүн тиги чиймени өткөрөм, ишке барайын дегенче аны-мунусун столдон чогултуп портфелине салды.

Сырт эрте жаздын жытына толуп, шаар өз тирилигин гүрү-гүү жүргүзүп жатыптыр. Ишине кетчүү ишине, окууга кетчүүсү окуусуна, бакчасына, командировкага, саякатка – айтор чоңдон кичинеге чейин өзүнө жараша түйшүгү бар, шашылган эле пенде. Белек таза абадан кере – кере дем алган менен ийнин түшкөн бойдон дарбызы

жарылган соодагердей, аргасыз кызматына бара жатты. Мейличи, жанагы өтө суранган жаш жигиттин долбоорчиймесин бере салып кубантып коеюн, бир ыймандуу, эстүү жигит экен, атам менен акылдаштым, короосу мындай, айваны тигиндей болсун. Негизи ошо кишиге жакса беймарал короодо эс алып жашайт деп, жанынын барынча атасынын пикирин Белекке уктурган. Чиймеде ошону эске ала көрүңүз дегеничи.

Кызматына келсе эртелеп эле короодогу айванчада бир бөлмөдө олтуруп иштеген жигит чылым чегип туруптур. Кезекте күндө айтыла жүргөн салам алик да айтылды. Белек түз эле иштөөчү кабинетке кирип, чиймени жазып карай баштады. Негизи жакшы бүттү, атасына жагат болуш керек деп ойлоп койду өзүнчө. Жумуш аяктап калган мезгилде Гүлзат телефон чалды.

- Жолугалыбы, сөз бар.

- Макул – деп Белек ага дароо көндү.

Гүлзат жолугаары менен өзүнүн кура турган жайы, эмне үчүн керек, канча аймакты ээлейт, токтобой айтып кирди, кызыл китебин алыптыр. Белектин кеңешин угуп, жумушун баштамак болду. Аңгыча болбой Белектин телефону шыңгырап, чаңкылдаган аял сүйлөшө баштады...

- Мен тез барбасам болбойт экен, аялым тепкичтен жыгылып, ооруканага түшүптүр –деди.

Адатынча өңү кызарып, көздөрү канталап чыкты. Кирип кеткен бойдон Белек ооруканадан чыкканга чейин бир сааттай убакыт өттү. Ал арада ой деген күлүк жүгүрүп бүт ааламды айланды, капырай, бирине-бири бет келбестей душман болуп жашаган кишинин заматта бети-көзү кызарып чыкканын айтсаң. Бул аялдын алдында жоопкерчиликпи же ага болгон назик катылган сезимби? Кызгана түштү. "Эр киши пир болот, ага аяр мамиле жасап, анын үй-бүлөдөгү ордун, урматын өз деңгээлине коюп, басынтпай кароо керек аял киши, анын коомдо



толук кандуу эмгектенүүсүнө, эл, тууган -урук, дос- жоро менен болгон алакасын жөнгө салып турчуу жакшы аялдын иши" дейт эле апасы. Ошол кеменгер аял азыркы заманда сыртта эркек, үйдө тарбиячы, ашпозчу, үй кызматкер, апа, эрине күйүмдүү аял, психолог, дипломат болуп келиптир да эзелтен деп койду, кайра Гүлзат.

Өткөндө тажияга баргандагы окуя эсине түшүп ичиркенип алды. Райондо иштеген адамдын аялы көз жумганда эри эл алдында жаназа окула электе ыраазылык билдирүү керек тура. Молдо эринен "аялыңа ыраазысыңбы?"- деп үч сураганда "Жок, эч качан ыраазы эмесмин, муну менен жашаган күндөрүм бир тозок болгон, аял сыяктуу мени бир да кадыр-кымбатыма карабай, карган-шилеп жүрүп, бир жакамды агартканга жараган жок. Аны менен аркы дүйнөгө барганда өзүм эсептешип алам" – десе болобу. Сөөктү коюу зыйнатына келген аял-эркек, улуу-кичүү лам деп ооз ачканга жарабай туруп калышты. Эсин жыйганы жакасын кармап тобо келтирди, бежиреген аялдардын жаагы жабылып жер тиктеп турушту. Гүлзат менен барган Каныш үйгө келгенче "Эримди экинчи кемсинтпейм, кордобойм, баш ээм болсо, жооштугун осол тутуп, бечараны өтө кууратып жүргөн экенмин, башкарып коем деп ойлойм да өзүмчө, кем акыл жаным. Мындай окуяны биринчи угушум. Бетим ий, бетим балдардын бетин кантип карайм, муну уккан балдарым мени эмне дейт, атасына болуша калышчу эле. Жазып - тайып мен эрте кетсем Үсөн да ушинтип турса, өлбөгөн төрт шыйрагым калат да" - деп безилдеп келгенин эстеди.

Бул чалдын аялынын кылгандары уу кеседен ашып түшкөн, адам баарын өзүнө сиңирип, кечире берет тура, эми эмне болот экен байкуш чалга, окус иш болсо. Гүлзаттын оюна нелер келип, нелер кетпеди. Чал бир саат

дегенде келди, сапсары жүзү чала темгил кызарып кеткен экен.

– Гүлзат, кемпир болбой калат окшойт, эч эсине келээр түрү жок, тепкичтен жыгылганда чалкасынан түшүп, каракуш мээсине зака кеткен имиш.

– Кайрат кыла туруң, кудайдан болуп эсине келип калаар – деди ооз учунан, абалды түшүнө койгон кыз.

Ичинен жаны кейип турду, текебердигинен кең дүйнөгө батпай, чалды кор тутуп жашады эле, "Чөптү кор санасаң көзгө зыян" дейт элибиз, кудай жазасын берет да. Бардык нерсе жаратканды колунда, көктөн өзү тескеп, карап турат. Ошон үчүн "Пенденин айтканындай болбойт, кудайдын айтканындай болот" дешет эмеспи. Пендени жөн койсо күндүн да бетин тосуп алгысы бар, башкага жарык тийбесин деп дечүү апасынын сөзүн кайра эстеди. Таба эмес тообо кылдым, жакасын карманды. Негизи Гүлзат теңирчил, аны оозунан түшүрбөйт, жаратканына, ушундай ырыскы, тагдыр буйруганына, дегеле келтирген бүт керемине эсепсиз алкыш айтып, шүгүр келтирип, тооп кылып жүрөт. Азыр да кайра-кайра ичинен келме келтирип, жаратканга тооп кылды.

***

Баягы окуядан бери далай убакыт өттү. Келген күз чындап зыркаар суугун күчөтүп өз бийлигин ишенимдүү жүргүзүп калган кези. Чалдын аялы да ошо бойдон өзүнө келбей аалам салган. Кыргыздын пейили кең, үйгө жылан кирсе, ак чачып чыгарат, бирок "ар адамда ар кыял, ар кыялды ким тыяр" дегендей, бир кишиге жок дегенде чырактын жарыгынча жакшылык ыраа көрбөй жашаган ичи тар канча бечаралар бар. Анысын өзүнүн кыйындыгы катары ойлойт окшойт, негизи көрбөгөн адамдар, дайыма бирөөнүн жакшылыктарына ичи күйүп, өзү боло албаганына кыйналып жашайт да. Гүлзат жолдо келеатып ойлоду "Мен эми чалды кантем. Аялы барда тыяк-биякка



алып кетсем "Атаңбы?" деп Акмат айткандай эч кимдин көңүлүнө жаман ой келчүү эмес, жаман ойлой турган айып иш деле жок, эми бу алакандай элдин көбү тиги кишини аттын кашкасындай тааныгандыктан мага башка көз менен, сынтаккан көз менен карагансыйт. Жөн таштап коеюн десем, убалычы, байкуш караманча жалгыз калган жетим чөжөдөй эле жүдөдү да. Гүлзат ою менен келатып ишине кандай жеткенин да билбей калды. Усталары курулушту бүткөнү турушат. Баш-оту менен ушул ишке киришип кеткен, "кыш керек, таш керек, темир керек" жана башка деп, койчу бул белдүү эркектер жасачуу чоң түйшүк. Белди бек бууган назик кыз муну ийиндеп, бутунда бекем турат. Алдында дагы чети оюлбаган жасалгалоо иштери бар, аларды чечүү керек.

***

Белек үйгө келгенде саат ондон өтүп, кээ бирөө чоң уйкуга кирген мезгил эле. Заарканса да эч ким күтпөгөн, башынан көп жакшылык-жамандыкты өткөргөн үйдө далай сыр катылуу. Ал Белектин билегинен чап кармап, ачкемердей жармашкан эскерүүлөр. Сервант, диван, телевизор, сүрөттөр, жаде калса китептер да ушул жерде турган менен өз тагдыры, тарыхы менен Белектин жашоосуна байланыштуу таржымалын эстетет. Үй деп бекеринен айтылбаптыр, сырттан улам керек, керек деп апкелип үйө берет экенсиң. Мындай алсаң баары керек, мындай алсаң, жаныңа аралжы болбойт, түккө турбайт, кайра башка жүк. "Булардан өткөн кан соргуч жок тура" деп койду ойдон мукураганда. Достор, душмандар, коллегалар, жөн эле сынаганы келген чала тааныштар бетине кармай келген сааттар, вазалар, кутулар, сувенирлер...

Бул балакеттерден кантип кутулсам, бирөөгө берсең да жөн албайт, эмнеге берди, бир ырым менен бердиби, ыды-быды. Сүйүнүп, рахмат айтчуу кишини табыш

кыйын. Чоң уулунун балдары менен түшкөн сүрөтү турат. Далайдан бери келбей калды да, тынч бекен, мага анча боор бербейт, таарынычы бир өмүргө жетет шекилди, өтө бегана кишидейбиз. Аман эле болсунчу, жерди ое тээп казып, намыс үчүн жакшылап мени тиги сапарга узатчуу ушу гана бала деп книет кылды.

Кичи уулунан кийин аялы окус кетип, ыйга сабыр кылып, жакасын карманып, жараткандан жакшылык тилеп, ыйманга келип калды, кудай алдында күнөөкөр болбой тообасынан жанбай жашоого ниет кылды. Заматта жарк деген жарыктай болуп Гүлзатты ойлоду. Кой ал кыздын багын байлап, убалына калбайын, жөн жеринен геп-сөзгө калбасын, чоң уулуман да кичүү, менден жарым кылымга кичүү, болду эми аялдарды жүз аарчыдай алмаштырган мезгил өттү. Кыз үндөбөй, мен да үндөбөй жүргөн менен, ал бир жакшы адамдын багын ачыш керек, бала-чакалуу болсун. Менден эмне пайда, сырдашканыма ыраазымын, андан башка ал кызга рахмат сансыз, ал мени жашоого жарык жылдыз болуп жетеледи. Шүгүр деймин, үмүттүн шооласындай болгон ананайын, бир ичинде кири жок таза периште кыз. Жараткан сенин мага кылган жакшылыгың үчүн чексиз бак берсин. Боору ачыган кудай ушу Гүлзатты мага жеткириптир, ал кыз болбосо мынчалык тооп кылбай, Теңирге да далай тил тийгизип, өзүмчө машаяк болуп алган экенмин. Ушу кыздын шарапаты менен жаратканды оңдоп тааныдым, эсирет десе, даңк менен акчама аша чаап эсирген экенмин, аялымдын мени каакымча көрбөй кемсинткени да бир чети туура окшойт. Мага өзүмдүн бутумду жерге тийгизейин деп, бешенеме ушундай кишини байлаган го. Чокумда гана туфлисинин такасы менен куп бийлеп жүрүп кетти. Кудайдын буйругусуз эч кандай иш болбойт, ушу тагдырды мобу сары чекеме жазган да.

Же тиги уулумдун балдары мени тааныса, аялы ата деп бир куюм чай бербесе, кимге өнкөлөмөк элем, өзүмдүн өзүмө кылган "жакшылыгым". Эч качан эртеңки күндү ойлобой жашаганмын кезинде. Уулум мэ, чай ичип кой деп тыйын



бергени, тиги жетим чалдарга кайыр-садага кылгандай эле сезилет. Ушуга да шүгүр, акчасын албай койсом, экинчи келбей койбу деп коркконуман колунан леп этип алам да тиги чоң кутуга салып жыйнап олтурам. Баламдын тапканына кудай берекесин берсин. Өзүмдүн иштеп тапканым, пенсиям бир чоң үй-бүлөгө кеңири жетет.

Аны-муну ойлоп жүрүп адатынча кабинетиндеги диванга барып жатмакчы болгондо телефон шыңгырап калды.

– Кандай олтурасыз, бу мен – деген уулунун үнү трубкадан угулганда Белек алда кандай болуп кетти, кеч чалбайт эле деп чочуй түштү.

–Жакшы, жакшы эле олтурам.

– Кеч келдиңиз го, улам чалсам эч ким албайт?

– Ооба, тиги иште кармалып калдым.

- Жакшы, эртең түштөн кийин үйгө алып келип, балдарыма тааныштырайын дедим эле. Иштен алып кетейинби?

Баланын үнү өктөм, келсең да келесиң, көнбөсөң да келесиң дегендей чечкиндүү эле. Уулунун бул чечимге келиши оңойго турбаганын Белектин сезимтал жүрөгү дароо түшүндү.

– Маакул, иштен- деди.

Сөз бүттү, андан ары кайсы сөз уланмак эле, дайым кыска, чорт сүйлөшүшөт. Атасы да, баласы да айта турган сөздөрүн айтпай, ичтен тына сыр бербей коштошуп ушу кезге келди. Баласынын алдында аталык милдетти өтөбөгөн Белектин тили чоркок, жүрөгү тыпырап дайыма бир башкача толкундоого дуушар кылчуу. Азыр телефондун бул учунда турса да жүрөгү ошондой тыпырап чыкты.

30.09.15-ж.

# Тазалыктын акыны Тазагүл Закирова

## Таңдар атат алтын нур чачыраган

Жакында кыргыз элине белгилүү акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Тазагүл Закированын “Мекенимдин эшиги” аттуу ырлар жыйнагы “Гүлчынар” басмасынан жарык көрдү. Аннотацияда айтылгандай бул ыр китебине анын кийинки мезгилде жазган чыгармалары топтоштурулган. Ата мекен, жашоо тууралуу ой толгогон ар түрдүү темадагы ырлары, калкыбыздын калың катмарына арналган.

**Максатарым, тилектерим өзүңдө,**
**Көклөгөн учууга бар канатым.**
**Ыйык өлкөм мен өзүңө үйрүлөм,**
**Эне сындуу калкадаган баласын.**

Ыр жыйнак ушул патриоттук төрт сап ыр менен башталат. Өлкөсү бар адамдын учууга да канаты бар. Канча миллиондогон айрым улуттардын өлкөсү жок экенин да көрүп, билип жүрбөйбүзбү. Ошон үчүн автор баласын калкалаган эне сыяктуу мекенине үйрүлүп тургандыгын ачык-айкын даңазалайт:

“Кыргыз тили” аттуу ырында:

**Заманды бетке кармап уул күйбөсө,**
**Кыргыз тил кээде өксүп, аксаган тил...**
**Жер кезип Ала- Тоодон алыс жүргөн**
**Кыраандар кыргызым деп какшаган тил.**

Ооба. Ала-Тоодон алыс кеткен кыргыз жарандарынын баары кыргыз тилин сагынбай койбойт. Ушул куплетти окуп жатып мен өзүмдүн Сибирде иштеп жүргөн күндөрүмдү эстедим. Анда СССРдин учуру. Иштегениме үч жылдан ашып калган. Бир күнү ээн талаага чыгып,



чалкаман жатып алып бир сааттай кыргызча ыр ырдадым. өзүм кыргызча ырдап, өзүм толкундануу менен угуп жаттым. Тайганын дарактары шуудурабай, чөптөр шыбырабай, чымчыктар сайрабай, дарыялар, булактар акпай токтоп мени тыңшап калгандай туюлган. Көрсө мен иштеген жерде бир дагы кыргыз жок болуп, эне тилимди аябай сагынган экенмин. Өзүм ырдап, өзүм жыргап укканымды эмдигиче эстей беремин. Ошондуктан Тазагүл эже:

**Жер кезип Ала-Тоодон алыс жүргөн,**
**Кыраандар кырызым деп какшаган тил,** - деп

айтып жатпайбы.

Какшаган тил экенин, менинмче алыста жүргөндөр жакшы билет. Кыргызча сүйлөп, ырдаганды сагынат.

Акын эжебиз салт-санаа, санжыра, эпос, жомоктор айтылган үйдө эрезеге жетиптир. Ошол жол аны акыры поэзияга жетелеп келген десем болот. Аталган китепте Ош шаары жөнүндө ырлар бир т оп. Баса, Тазагүл Закированын 50дөн ашык ырларына обон чыгарылган. Маселен, “Мен сүйүүгө Ошко келип жолуктум” аттуу ырына Сандрахман Матиев менен Бакыт Назаров, ал эми “Сулайман Тоо” аттуу ырына Курманбек Карабаев обон чыгарып, бүгүнкү күндө радиодон ырдалып жүрөт.

“Мекенимдин эшиги” аттуу ыры акындын туулган жери Сузак жергесине арналыптыр. Автордун айтуусунда киндик кан тамган жер мекендин эшиги болуп эсептелет. Анткени дал ошол эшиктен алыска жол аласың. Бардык жакшылыктар дал ошол эшиктен башталат.

**Мен сага кусалыкка толуп келип,**
**Мен сенден кубанычка толуп кетем.**
**Сузагым бөтөн жердже демөөрүмсүң,**
**Ойлосом бир бактылуу болуп кетем.**

Бул ырга дагы Бакыт Назаров обон чыгарып, ырдалып жүргөнүн айта кетүүбүз абзел.

## Тазалыктын акыны Тазагүл Закирова

### Таңдар атат алтын нур чачыраган

Жакында кыргыз элине белгилүү акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Тазагүл Закированын "Мекенимдин эшиги" аттуу ырлар жыйнагы "Гүлчынар" басмасынан жарык көрдү. Аннотацияда айтылгандай бул ыр китебине анын кийинки мезгилде жазган чыгармалары топтоштурулган. Ата мекен, жашоо тууралуу ой толгогон ар түрдүү темадагы ырлары, калкыбыздын калың катмарына арналган.

**Максатарым, тилектерим өзүңдө,**
**Көклөгөн учууга бар канатым.**
**Ыйык өлкөм мен өзүңө үйрүлөм,**
**Эне сындуу калкадаган баласын.**

Ыр жыйнак ушул патриоттук төрт сап ыр менен башталат. Өлкөсү бар адамдын учууга да канаты бар. Канча миллиондогон айрым улуттардын өлкөсү жок экенин да көрүп, билип жүрбөйбүзбү. Ошон үчүн автор баласын калкалаган эне сыяктуу мекенине үйрүлүп тургандыгын ачык-айкын даңазалайт:

"Кыргыз тили" аттуу ырында:

**Заманды бетке кармап уул күйбөсө,**
**Кыргыз тил кээде өксүп, аксаган тил...**
**Жер кезип Ала- Тоодон алыс жүргөн**
**Кыраандар кыргызым деп какшаган тил.**

Ооба, Ала-Тоодон алыс кеткен кыргыз жарандарынын баары кыргыз тилин сагынбай койбойт. Ушул куплетти окуп жатып мен өзүмдүн Сибирде иштеп жүргөн күндөрүмдү эстедим. Анда СССРдин учуру. Иштегениме үч жылдан ашып калган. Бир күнү ээн талаага чыгып,



чалкаман жатып алып бир сааттай кыргызча ыр ырдадым. өзүм кыргызча ырдап, өзүм толкундануу менен угуп жаттым. Тайганын дарактары шуудурабай, чөптөр шыбырабай, чымчыктар сайрабай, дарыялар, булактар акпай токтоп мени тыңшап калгандай туюлган. Көрсө мен иштеген жерде бир дагы кыргыз жок болуп, эне тилимди аябай сагынган экенмин. Өзүм ырдап, өзүм жыргап укканымды эмдигиче эстей беремин. Ошондуктан Тазагүл эже:

**Жер кезип Ала-Тоодон алыс жүргөн,**
**Кыраандар кырызым деп какшаган тил,** - деп

айтып жатпайбы.

Какшаган тил экенин, менинмче алыста жүргөндөр жакшы билет. Кыргызча сүйлөп, ырдаганды сагынат.

Акын эжебиз салт-санаа, санжыра, эпос, жомоктор айтылган үйдө эрезеге жетиптир. Ошол жол аны акыры поэзияга жетелеп келген десем болот. Аталган китепте Ош шаары жөнүндө ырлар бир т оп. Баса, Тазагүл Закированын 50дөн ашык ырларына обон чыгарылган. Маселен, "Мен сүйүүгө Ошко келип жолуктум" аттуу ырына Саидрахман Матиев менен Бакыт Назаров, ал эми "Сулайман Тоо" аттуу ырына Курманбек Карабаев обон чыгарып, бүгүнкү күндө радиодон ырдалып жүрөт.

"Мекенимдин эшиги" аттуу ыры акындын туулган жери Сузак жергесине арналыптыр. Автордун айтуусунда киндик кан тамган жер мекендин эшиги болуп эсептелет. Анткени дал ошол эшиктен алыска жол аласың. Бардык жакшылыктар дал ошол эшиктен башталат.

**Мен сага кусалыкка толуп келип,**
**Мен сенден кубанычка толуп кетем.**
**Сузагым бөтөн жерлже демөөрүмсүң,**
**Ойлосом бир бактылуу болуп кетем.**

Бул ырга дагы Бакыт Назаров обон чыгарып, ырдалып жүргөнүн айта кетүүбүз абзел.

**Күжүлдөгөн ар жанда тоодой түйшүк,**
**Томкоргонго ар кимдин алы жетпейт.**
**Сезимтал жан сабырсыз ойдон чүнчүп,**
**Сезимсиздин түркөй ой мээсин тепсейт.**

**Үстөмчүлдүн ити да үймөк чөп жеп,**
**Жан кечтилер жаланып турган кези.**
**Жоош, момунду боору таш заман тепсеп,**
**Ыймансызды чоң арбак урган кези.**

**Антсе дагы жаз келет, келет көкөтөм,**
**Таңдар атат алтын нур чачыраган.**
**Касиеттүү адамдар калк деп өскөн,**
**Ак пейилин жайнатат бапыраган.**

"Жол өмүрдү улай берет" аттуу ырдан үзүндү. Анын кербендердин сапарга узай бергенин, алыстардан улам жаңы муундар келе берерин, илгертен эле топуктуу пендесине кудай ырыскысынын мол бергендигин айтып, жол өмүрдү ээрчитип, улай берет...- дейт.

Тазагүл эженин кызынын кызына, небересине жазган ырынан мисал келтирели:

**Мага да анча ишенбей өзү чуркап,**
**Үстүңө үйрүлүп миң жалбарган кыз.**
**Кечээ эле дал өзүңдөй бөбөк эле,**
**Сага эми жетине албай, айланабыз.**

**Кечээ эле дал өзүңдөй бөбөк эле,**
**Мен үчүн опол тоодой жөлөк бүгүн.**
**Сен эртең энекеңе эш болосуң,**
**Аркалап биз эле эмес элдин жүгүн.**
**Олтурам экөөң үчүн Теңирди алкап.**

Кызы менен небересине жазган ырда эненин эбегейсиз сүйүүсү, сүйүнүчү бар, бул ыр өтө көлөмдүү. Ал саптарды



окуп олтуруп, эне махабаты өзгөчө экендигине ынанбай койбойсуң.

**Үйүңдү жаркыратып,**
**Көңүлдү барпыраткан.**
**Кичине бала үнү –**
**Кыйырсыз бакыт өңү,**
**Чалкыган ачык асман.**

**Кучагың жеткендейсиң,**
**Керилип асман айга.**
**Баландын балапаны,**
**Короондо ойноп турса,**
**Толкуйсуң болуп дайра.**

Ушинтип акын эжебиз бир жагынан өзү да ширин, уйкусу таттуу эрке небересине элжиреп караган, бөлмөнүн тынчтыгын сактаган чоң эне.

**Түшүнүп кадыр-баркты,**
**Жаныңды сыйлай турган.**
**Башыңда багың тайса,**
**Барктачу, кыйбай турган.**
**Сезимиң сыздаганда,**
**Сырдашып ыйлай турган,**
**Бу күндө адамдар аз.**

**Замандын айыбы жок,**
**Боору таш болсо адам.**
**Тепсесе кумурсканы,**
**Сындырса гүлдөрүңдү.**
**Таанылбай кетсе бир күн,**
**Кыялы сүйгөнүңдүн**
**Ооба, бул абдан жаман.**

"Жарандар" аттуу ырдын бул үзүндүсүн жан дүйнө кайрыктары деп койсок болот. Бир эле ырда көптөгөн ойлор айтылган. Атадан алтоо болсо, тагдырда баары жалгыз. "Сыртына кеп кап кийген, жарандарбыз, сыртынан кеп кап кийген. Керсейген адамдарбыз"- дейт акын. Чыныгы өзүбүздү, чыныгы жүзүбүздү көрсөтпөй баарыбыз тең маска кийип жүргөндүгүбүздү ашкерелеген саптар. Окурманды сөзсүз ойго салат деп ойлоймун. Эже

Мындай маскачан жана "кепкачандардан" аябай эле күйсө керек.

**Акаарат кылбай сууга, шамалына,**
**Суктанып гүлдөрүнө, дарагына.**
**Нарк-насил билген пендең шүгүр кылат,**
**Эли тынч, алты саны аманына.**

Акын Тазагүл Закирова туулган жердин суусуна, шамалына акаарат келтирбей, гүлдөрүнө, дарактарына суктанып, өлкөсүнө бейпилчиликти каалап, элинин тынчтыкта жашашын каалап, алты саны аман экендигин эле чоң дөөлөттүн өзү экендигин баса белгилейт. "нарк-насилдүү пендең ошого шүгүр келтирет",- дейт.

**Карбалас БАКИРОВ, "Эркин тоо",**
**№ 89, 5-ноябрь 2013-ж.**



Акын Тазагүл Закирова белгилүү коомдук ишмер, журналист, кинодокументалист, Республикалык Молдо Нияз адабий сыйлыгынын ээси, Ош мамлекеттик юридикалык институтунун ардактуу профессору, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. Ырлары орус, казак, алтай, түркмөн, белорус, өзбек, грузин, чет тилдерен англис, түрк тилдерине которулуп жарык көргөн. Жүзгө жакын ырларына белгилүү обончу-композиторлор обон жазып, алар 40 жылдан ашуун эл ичинде ырдалып жүрөт.

## Акын Тазагүл Закированын чыгармалары

### Кыргыз тилинде:

1. Ырлар -1982- ж. «Кыргызстан» басмасы Фрунзе
2. Купуя сезим - 1986-ж. «Кыргызстан» басма. Фрунзе
3. Кусалык -1991-ж. Ош басмаканасы
4. Алиппе, эски араб-кыргыз алиппесинен сабактар -1992-ж. Бишкек
5. Боз торгойдун ыры - 1993-ж. Ош обл.басмакана
6. Чыгыш сыйкырлары - 1997 –ж. - « -
7. Ыйык шаарым - 1999-ж. - « -
8. Боз торгойдун ыры - тандалмалар -2003-ж. «Бийиктик», Бишкек
9. Ырыстын тагдыры- киноценарийлер-кыргыз, орус, англис тилинде. -2003-ж. «Бийиктик», Бишкек
10. Ала-Тоом-Мекеним-нота.обон. ырлар-2003-ж. «Бийиктик»,
11. Курманбек баяны Ади Өмүралиевдин варианты – 2004-ж. Бишкек
12. Үч мышык С.Грачов котормо - 2009-ж. Ош
13. Мекенимдин эшиги – ырлар - 2013- ж. Бишкек

14. Касиеттүү Атажуртум-проза - 2012- 2013-ж. Бишкек
15. Тирүү сөз - ырлар, түрмөктөр, даректүү эс тутум-
Жеништин 70жылдыгына 2015-ж. Бишкек
16. Жеңиштин даамын билген адам -2015-ж. Бишкек.
дарект. эстутум
17. Ата мекеним - обондуу ырлар 2015-ж. Бишкек
18. «Жүрөк – күзгү» ырлар, түркүмдөр. 2016-ж. Бишкек
19. Тазалоочу ыйык тоо – Сулайман тоо.2016-ж. Бишкек

**Орус тилинде:**

20. Щедрая душа - 1990-ж. «Кыргызстан» бас-сы-Фрунзе
21. Сокровенность -2008-ж. Бишкек

**Даректүү фильмдери:**

3 вариант – кыргыз, орус, англис тилдеринде:

1. Курманбек баяны - 1984- 2000- ж.
2. Ырыстын тагдыры - 1996-2000 –ж.
3. Уркуядан уланган жол - 1996-2000 – ж.
4. Анипа жана кыргыз сурмасы - 1996- 2000 - ж.
5. Бөпө эженин бактысы - 1996- 2000 – ж.



## Акын Тазагүл Закированын обондуу ырдалып жүргөн ырларынын кээ бири

| № | Ырдын аты | Обону, автору | Аткаруучулардын Аты, фамилиясы | Жылы |
|---|---|---|---|---|
| 1. | «Туулган жерге кайтуу» | Асан Чыныгышбаев | Асан Чыныгышбаев | 1980 |
| 2. | «Кусалык» | Маматибраим Бостонкулов | Сарыкова Айнагүл Бостонкулов М. Мамаева Гүлзина Ташматова Г. Жолдошев Кутман Тасмаев Болот Нуракова Жыпара Бостонкулова Г. Кулбаева А. | 1982 |
| 3. | «Күтпөчү сагынаарым» | Маматибраим Бостонкулов | Маматибраим Бостонкулов | 1982 |
| 4. | «Экообүз» | М.Бостонкулов | М.Бостонкулов | 1982 |
| 5. | «Жоокер ыры» | М.Бостонкулов | М.Бостонкулов | 1982 |
| 6. | «Кыз курак» | М.Бостонкулов | М.Бостонкулов | 1982 |
| 7. | "Ак куу болуп учуп кел" | Маматибраим Бостонкулов | Маматибраим Бостонкулов | 1983 |
| 8. | Ала-Тоо, Мекеним. | Акунжан Эрмеков, Таалай Доронов | Кантата, хор Ошмузуучилище | 1982 |
| 9. | Ошум сен эсеп келчүү ыйык шаарым | Иса Кебеков | Эркинбаева Тургунай | 1982 |
| 10. | "Сен келчи" КТР 10.XI.30.XII-85ж.18.1.86 | Кубанычбек Ашыралиев | ВИА "Салтанат" К.Ашыралиев | Ктр, XI.XII-1985, |
| 11. | «Жаштыкка ода» | Токон Эшпаев | Токон Эшпаев | 1987 |
| 12. | "Өтүнүч" 16-21.02.1987ж. | Иса Кебеков 22.02.87.ырдады | Иса Кебеков Эркинбаева Т. | 1987 |
| 13. | «Арман» | А. Токтосунов | А. Токтосунов | 1988 |
| 14. | «Дешет» | А. Токтосунов | А. Токтосунов | 1988 |
| 15. | "Кыз курак" | А. Токтосунов | А. Токтосунов | 1989 |
| 16. | «Кел, Ноорузум» | И. Бакиров | Исмаил Бакиров | 1989 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 17. | «Сентябрь» | К. Курбантаев | Касиет Артыкова | 1989 |
| 18. | «Сагынаарым» | БолотТоктобаев | Токтобаев Болот<br>Казыева Тахмина<br>Нарбаева Алтынай<br>Назаров Бакыт<br>Алыбаев Жолболду<br>«Кыз Бурак» тобу<br>Гүлнара Калдарова | 1989 |
| 19. | "Мандайыма жазган арманым" | Токтосун Алымбеков | Токтосун Алымбеков | 1989 |
| 20. | «Кыз курак» | Алик Кулматов | Алик Кулматов | 1993 |
| 21. | «Таанышалы» | Э. Талипов | Эгемберди Талипов | 1997 |
| 22. | «Телефондун тербе номерин» | Каныбек Курбантаев | Роза Шүкүралиева<br>Касиет Артыкова | 1998 |
| 23. | «Кыз курак» | Абдыкулан Машаев | Абдыгулан Машаев | 1998 |
| 24. | "Ыйык туу" | Мурат Сыргабаев | Мурат Сыргабаев | 1998 |
| 25. | «Перрондогу коштошуу» | Каныбек Курбантаев | Роза Шүкүралиева<br>Касиет Артыкова | 1999 |
| 26. | «Махабат аралы» | Каныбек Курбантаев | Роза Шүкүралиева | 1999 |
| 27. | «Баары сендей» | Гүлшайыр Садыбакасова | Гүлнара Калдарова<br>«Кыз Бурак» тобу<br>Самара Каримова | 2000 |
| 28. | «Акыркы конгуроо» | Абдыкерим Ахмедов | Абдыкерим Ахмедов<br>Акунжанова Жамиля | 2001 |
| 29. | «Кыргызымдын тоолору» | Исмаил Бакиров | Исмаил Бакиров | 2005 |
| 30. | "Ак жол болсун" | И. Аманбаев | И. Аманбаев | 2005 |
| 31. | «Эненин бактысы» | Абдыкерим Ахмедов | Боронбаева Айназик | 2006 |
| 32. | «Жакшылыкка жетелеген Ноорузум» | Болот Токтобаев | Болот Токтобаев | 2009 |
| 33. | «Жалалабад-Сузагым» | Бакыт Назаров | Бакыт Назаров | 2009 |
| 34. | «Ыйык айлым» | Бакыт Назаров | Бакыт Назаров | 2009 |
| 35. | «Куткаруучулар-дын ыры» | Бакыт Назаров | Бакыт Назаров | 2010 |
| 36. | «Кыргызстаным" | К. Курбантаев | М. Кожомжаров | 2011 |
| 37. | «Сулайман Тоо» | К. Карабаев | К. Карабаев | 2011 |
| 38. | «Достук ыры» | Абдыкерим Ахмедов | Ч. Торобеков<br>М. Кожомжаров<br>Роза Шукуралиева | 2011 |
| 39. | «Мекеним-Кыргызстаным» | Саидрахман Матиев | Мырзалар элдик тобу 2015 | 2011<br>2015 |
| 40. | «Окуучулук күндөрүм» | Болот Токтобаев | Болот Токтобаев | 2011 |
| 41. | «Кыргыз элим» | Б. Токтобаев | Болот Токтобаев | 2011 |
| 42. | «Класташым» | Бакыт Назаров | Бакыт Назаров | 2012 |
| 43. | «Мен өзүңө Ошко келип жолуктум» | Бакыт Назаров | Бакыт Назаров | 2012 |
| 44. | «Аман жүрчү апаке» | Бакыт Назаров | Бакыт Назаров | 2012 |
| 45. | «Оштон тантым | С. Матиев | Нурумбетова М. | 2012 |
| 46. | «Арман» | Талант Токтосунов | ТалантТоктосунов<br>Роза Шакирова | 2012 |
| 47. | "Кыз курак" | Э. Нурдинов | Эргеш Нурдинов | 2012 |
| 48. | «Ош жаштык шаары» | Токон Эшпаев | Токон Эшпаев | 2012 |
| 49. | «Жолуккум келет өзүнө» | Токон Эшпаев | Токон Эшпаев | 2012 |
| 50. | «Бул сүйүү эски болбойт» | М. Бостонкулов | М. Бостокулов<br>Бактыгүл Бокоева | 2013 |
| 51. | «Ош вальсы» | Касым Кадыров | Атабек Ботобеков | 2013 |
| 52. | «Куттуу ордом Ош» | М. Бостонкулов | М. Бостонкулов | 2013 |
| 53. | "Ата мекеним" | Бакыт Назаров | Бакыт Назаров,<br>Марисана Нарынбек к. | 2014-2015 |
| 54. | "Айыктырчы, убакыт" | Болот Токтобаев | Болот Токтобаев | 2014. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 55. | «Бул сүйүү эски болбойт» | Касым Кадыров | Касым Кадыров | 2014 |
| 56. | "Жолуңа жылдыздай чачам үмүттү" | Өктөм уулу Сапар | Данияр Жаныбеков | 2015ж . |
| 57. | Кең өлкөм-Кыргызстаным" | Мурат Сыргабаев | Фольклордук топ Филармония | 2015 |
| 58. | "Жарыма" | С. Матиев | М. Нурумбетова | 2015 |
| 59. | "Чакырчы мени" | Болот Токтобаев | Болот Токтобаев | 2015 |
| 60. | Атажуртум-ыйыгым | Болот Токтобаев | Болот Токтобаев | 2015 |
| 61. | Өмүр тууралуу | Бостонкулов М. | Бостонкулов М. | 2015 |
| 62. | Жаштык кез | Т. Токтосунов | Т. Токтосунов | 2015 |
| 63. | Кечир мени | Бакыт Назаров | Бакыт Назаров, Жыпара Нуракова | 2015 |
| 64. | Сен- сүйүү күчү жайнаган | Бакыт Назаров | Бакыт Назаров | 2015 |
| 65. | Сүйүү боосун-бекем карма | Бакыт Назаров | Бакыт Назаров Майрамбек Ахмедов | 2014 |
| 66. | Бактымды кармайм | Бакыт Назаров | Бакыт Назаров Марсиана Нарынбек к | 2016 |
| 67. | Ах, шекердей, балдайсың | Бакыт Назаров | Бакыт Назаров Майрамбек Ахмедов | 2016 |
| 68. | Күтүү -досум | Бакыт Назаров | Бакыт Назаров Майрамбек Ахмедов | 2015 |
| 69. | Апакем | Бакыт Назаров | Бакыт Назаров Жыпара Нуракова | 2015 |
| 70. | Жарыма | Э. Талипов | Э. Талипов | 2016 |
| 71. | Мезгилди турам тутамдап | Маматсабыр Тутешбаев | М. Тутешбаев Г. Ташматова | 2016 |



## Мазмуну

........................................................3
Акын Тазагүл Закированын "Жүрөк - күзгүсү"........................8
Жерден өскөн тоолор жерди таянат........................9
Ызырынып ызгаар күз келди........................10
Апакемдин элеси чексиз кубат........................12
Унутулгус чоң бакытты........................13
Токсондун ырлары (бир түндүн ырлары)........................23
Аяз кайрыктары (түркүм)........................30
Кароосуз калган карыялар........................31
Ыкыбалым бар экен сиз келипсиз........................32
Алтайдын алтын тамыры........................34
Бейиш сындуу сезилет биз жок тарап........................36
Кечир мени........................37
Күндөрдү күтүү - досум........................38
Сен- сүйүү күчү жайнаган........................39
Апакем........................40
Мигрант болдум жашайм деп хандай........................42
Сүйүү боосун бекем карма........................43
Ах, шекердей, балдайсың........................44
Бактымды кармайм колдон........................45
Күндөр күйүп күл болду........................47
Эне жердин – эл шурудай мончогу........................

Кылычтай курч аскиялар айтылды....................................48
Даңги – Ак Буура (түрмөк)................................................51
Алкыш айтып жаратканга.................................................61
Кыздары элек ал жомоктуу күндөрдүн...............................62
Түркүн гүлдөй балалык....................................................63
Мүргүп кеткен жараткан...................................................64
Өйдө карай кубалаган өмүрдө............................................65
Короз күндө ойготот улуу күндү (түрмөк)............................66
Бүркүттөр бузбайт эрөөл эрежени.....................................80
Жүрөк – күзгү (түрмөк)....................................................81
Каныбек Исаковго.........................................................127
Кайдан келди бул шумшук каарылыгын..........................128
Саламат Садыковага.....................................................129
Обончу Болот Токтобаевге.............................................131
Армандар жеткирет дейт тилегине.................................132
Жарык нурлуу дөөлөтүм.................................................133
Жолду катар жолдор өтөт, жокелип................................134
Мугалим.......................................................................135
Ата Журтум аксап калган торудай..................................136
Кыргыз ыр жуткан..........................................................137
Бир өзүмө ишенип бир Кудайга......................................138
Тойго каалоо.................................................................140
Кең өлкөм, Кыргызстаным.............................................141



Мезгилди турам тутамдап..............................................142
Кечирип, кеч уруучу "чылыктанмын"...............................143
Акындын акыл –оюю жүрөгүндө.......................................145
Жолуңа жылдыздай чачам үмүттү....................................146
Кыл калем ырлары.........................................................147
Ар түрдүү ырлар............................................................150
Суроого жооп................................................................153
Тазагүл эжеге арноо......................................................155
**Котормолор**.................................................................156
Расул Гамзатовдон........................................................156
Марина Цветаевадан.....................................................160
Александр Блоктон........................................................165
Ангемелер....................................................................168
Биринчи мигрант...........................................................168
Дүйнө кыдырган кыргыздар............................................173
Карыя..........................................................................176
Сары чийкил турмуш......................................................183
Тазалыктын акыны Тазагүл Закирова..............................194
Таңдар атат алтын нур чачыраган...................................194
Акын Т.Закированын чыгармалары..................................199
Акындын обондуу ырларынын тизмемси...........................201

Литературно – художественное издание

**Тазагүл Закирова**

**Зеркало - серце**
Стихи и циклы

На кыргызском языке

Редактор Ө. Калыева
Корректор А.Акылова
Набор на компьютере и верстка А.Акыловой
Дизайнер Н. Терибаев

Көркөм адабий басылма

**Тазагүл Закирова**

**Жүрөк – күзгү**

Ырлар, түрмөктөр

Редактору Ө. Калыева
Корректору А. Акылова
Компьютерге терген, калыпка салган А. Акылова
Көркөмдөгөн Н. Терибаев

Басууга кол коюлду
Көлөм 13 басма табак.Тиражы 200



200с

